КЫРГЫЗ-ТҮРК «МАНАС» УНИВЕРСИТЕТИ

*Келечек колубузда!*

KIRGIZİSTAN-TÜRKİYE MANAS ÜNİVERSİTESİ

*Gelecek Elimizde...*



# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТУУ СПОРТТУК ОЮНДАРЫ

# TÜRK HALKLARININ GELENEKSEL SPOR OYUNLARI



Бишкек / Bişkek 2015

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТУУ СПОРТТУК ОЮНДАРЫ

# TÜRK HALKLARININ GELENEKSEL SPOR OYUNLARI

# THE TRADITIONAL SPORTS GAMES OF TURKIC PEOPLES

**Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин басылмалары: 189**
**Конференциялар тизмеси: 30**

**Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi Yayınları: 189**
**Kongreler Dizisi: 30**

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТУУ СПОРТТУК ОЮНДАРЫ
# TÜRK HALKLARININ GELENEKSEL SPOR OYUNLARI

**Эл аралык симпозиумдун материалдары**
**Uluslararası Sempozyum Bildirileri**

**Түзгөндөр**
Анварбек Мокеев
Фахри Унан
Олжобай Каратаев
Осман Йорулмаз
Жээнбек Алымбаев
Женгиз Буйар

**Editörler**
Anvarbek Mokeyev
Fahri Unan
Olcobay Karatayev
Osman Yorulmaz
Ceenbek Alımbayev
Cengiz Buyar

**Бишкек • Bişkek 2015**

УДК 796/799
ББК 75.727
Т 92

**Т 92 Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары – Türk Halklarının Geleneksel Spor Oyunları**, Түзгөндөр: А. Мокеев, Ф. Унан, О. Каратаев, О. Йорулмаз, Ж. Алымбаев, Ж. Буйар – Б.: 2015. – 272 б.

ISBN 978-9967-27-844-8

Бул китепте 2014-жылдын 20-22- ноябрьында Кыргыз-Түрк «Манас» университетинде өткөрүлгөн «***Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары*"** **Эл аралык симпозиуму**нун материалдарындан симпозиум редколлегиясы тарабынан тандалган билдирүүлөр басылды.

Bu kitapta 20-22 Kasım 2014 tarihinde Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi'nde düzenlenen ***Türk Halklarının Geleneksel Spor Oyunları Uluslararası Sempozyumu***'nda sunulan bildirilerden Sempozyum Bilim Kurulu'nun değerlendirmeleri neticesinde belirlenen bildiriler yer almaktadır.

Көркөмдөгөн: Жошкун Кала
Техникалык редактор: Ш. Даулятов

Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин башкармалыгынын жана басма комиссиясынын чечими боюнча басылды. Басууга 07.07.2015 кол коюлду.
Китептин өлчөмү А4. Көлөмү 8,5 физ. басма табак. Нускасы 250.

КТМУнун Басмакана бөлүмүндө басылды
Бишкек ш., Жал к.р., КТМУнун Ч. Айтматов атындагы кампусу

Т 4204000000-15

ISBN 978-9967-27-844-8

УДК 796/799
ББК 75.727
© КТМУ, 2015

**ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТУУ СПОРТТУК ОЮНДАРЫ” ЭЛ АРАЛЫК СИМПОЗИУМУ**


**СИМПОЗИУМДУН ЖЕТЕКЧИЛЕРИ**
Проф., докт. Себахаттин БАЛЖЫ
Проф., докт. Асылбек КУЛМЫРЗАЕВ
Адахан МАДУМАРОВ
Сапар ИСАКОВ

**РЕДКОЛЛЕГИЯ**
Проф., докт. Алпаслан ЖЕЙЛАН
Проф., докт. Абдулкадир ЮВАЛЫ
Проф., докт. Айман ДОСЫМБАЕВА
Проф., докт. Жамгырбек БӨКӨШОВ
Проф., докт. Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ
Проф., докт. Эргин АЙАН
Проф., докт. Экрем АРЫКОГЛУ
Проф., докт. Хайати БЕШИРЛИ
Проф., докт. Лхагварусен ИЧИНХОРЛОО
Проф., докт. Олжобай КАРАТАЕВ
Проф., докт. Өзкул ЧОБАНОГЛУ
Доц., докт. Канат ЖАНУЗАКОВ
Доц., докт. Мехмет ТҮРКМЕН
Доц., докт. Муратбек КОЖОБЕКОВ
Доц., докт. Николай ЕКЕЕВ
Доц., докт. Үмүт АСАНОВА
Докт. Уланбек АЛИМОВ

**УЮШТУРУ ТОБУ**
Проф., докт. Анварбек МОКЕЕВ
Проф., докт. Лайли ҮКҮБАЕВА
Проф., докт. Фахри УНАН
Проф., докт. Олжобай КАРАТАЕВ
Проф., докт. Осман ЙОРУЛМАЗ
Проф., докт. Дөөлөтбек САПАРАЛИЕВ
Доц., докт. Канат ЖАНУЗАКОВ
Доц. м.а. Юнус Эмре ГҮРБҮЗ
Доц. м.а. Женгиз БУЙАР

**БАШ КАТЧЫ**
Доц. м.а. Женгиз БУЙАР

**СЕКРЕТАРИАТ**
Докт. Кайрат БЕЛЕК
Гүлбарчын ЖУМАНАЗАРОВА
**ЖУМУШЧУ ТОБУ**
Аида АСЕИНОВА
Али ҮНАЛ
Айгерим ЖАНЫБАЕВА
Бегимай ЖЫЛДЫЗБЕК КЫЗЫ
Жийде ЖОЛДОШАЛИЕВА
Дыйканбек ШАМШИЕВ
Гүлнур КОЧОРБАЕВА
Гүлнура САБЫРОВА
Илясбек НАРМЫРЗАЕВ
Каан ЭТЧИ
Назгүл КЕНЕШБЕК КЫЗЫ
Нурсултан АБДИМУТАЛИП
Сафа КЫРВЕЛИ
Самара РАХМАНАЛИ КЫЗЫ
Шахризада КАЛЫБЕК КЫЗЫ
Тахмина ЧЕКИРОВА
Йасин АЛТЫНОК


**TÜRK HALKLARININ GELENEKSEL SPOR OYUNLARI ULUSLARARASI SEMPOZYUMU**


**SEMPOZYUM BAŞKANLARI**
Prof. Dr. Sebahattin BALCI
Prof. Dr. Asılbek KULMIRZAYEV
Adahan MADUMAROV
Sapar İSAKOV

**BİLİM KURULU**
Prof. Dr. Alpaslan CEYLAN
Prof. Dr. Abdulkadir YUVALI
Prof. Dr. Ayman DOSIMBAYEVA
Prof. Dr. Camgırbek BÖKÖŞOV
Prof. Dr. Döölötbek SAPARALİYEV
Prof. Dr. Ergin AYAN
Prof. Dr. Ekrem ARIKOĞLU
Prof. Dr. Hayati BEŞİRLİ
Prof. Dr. Lauvarusen İÇİNHORLOO
Prof. Dr. Olcobay KARATAYEV
Prof. Dr. Özkul ÇOBANOĞLU
Doç. Dr. Kanat CANUZAKOV
Doç. Dr. Mehmet TÜRKMEN
Doç. Dr. Muratbek KOCOBEKOV
Doç. Dr. Nikolay EKEYEV
Doç. Dr. Ümüt ASANOVA
Dr. Ulanbek ALİMOV

**DÜZENLEME KURULU**
Prof. Dr. Anvarbek MOKEEV
Prof. Dr. Layli ÜKÜBAYEVA
Prof. Dr. Fahri UNAN
Prof. Dr. Olcobay KARATAYEV
Prof. Dr. Osman YORULMAZ
Prof. Dr. Döölötbek SAPARALİYEV
Doç. Dr. Kanat CANUZAKOV
Yrd. Doç. Dr. Y. Emre GÜRBÜZ
Yrd. Doç. Dr. Cengiz BUYAR

**GENEL SEKRETER**
Yrd. Doç. Dr. Cengiz BUYAR

**SEKRETARYA**
Dr. Kayrat BELEK
Gülbarçın CUMANAZAROVA
**ÇALIŞMA GRUBU**
Aida ASEİNOVA
Ali ÜNAL
Aygerim CANIBAYEVA
Begimay CILDIZBEK KIZI
Ciyde COLDOŞALİYEVA
Dıykanbek ŞAMŞİYEV
Gülnur KOÇORBAYEVA
Gülnura SABIROVA
İlyasbek NARMIRZAYEV
Kaan ETÇİ
Nazgül KENEŞBEK KIZI
Nursultan ABDİMUTALİP UULU
Safa KIRVELİ
Şahrizada KALIBEK KIZI
Samara RAHMANALİ KIZI
Tahmina ÇEKİROVA
Yasin ALTINOK

**МАЗМУНУ • İÇİNDEKİLER**

Алгы сөз ...9

Sunuş ...10

Алмазбек АТАМБАЕВ Кыргыз Республикасынын Президенти, Куттуктоо ...11

БИЛДИРҮҮЛӨР • BİLDİRİLER...12

1 Айдарбек КӨЧКҮНОВ: *Түрк көчмөн элдериндеги оюндардын келип чыгышынын айрым маселелери* [Aydarbek Köçkünov: *Konar-Göçer Türk Halklarında Spor Oyunlarının Ortaya Çıkışının Bazı Meseleleri*]...13

2 Калыш АМАНЖОЛ: *Казахские национальные конно-спортивные игры* (XIX – начало XX вв.) [Kalış Amancol: *Kazaklarda Milli At Spor Oyunları (XIX-XX. Yüzyıllar)*]...21

3 Мамбеттурду МАМБЕТАКУН: *Жуңго Кыргыздарынын ордо оюну жана аймактык өзгөчөлүктөр* [Mambetturdu Mambetakun: *Çin Kırgızlarında Orda Oyunu ve Yerel Özellikleri*] ...26

4 Özkul ÇOBANOĞLU: *Göçebe Türklerin Dünyasında "Oyun" Kavramsallaştırmasının Kaynağı Olarak Altay Şamanizmi ve Takvime Bağlı Ritüellerin Sekülerleşmesi* [Өзкул Чобаноглу: *Көчмөн түрктөр дүйнөсүндө «оюн» концепсиясынын булагы катары Алтай шаманизми жана мезгилдерге көз-каранды ритуалдарга менчиктештирилиши*] ...29

5 Şirinbəy ƏLIYEV: *Çovqan Oyunu* [Ширинбай Алиев: *Човкан оюну*] ...34

6 Ичинхорлоо ЛХАГВАРУСЭН - Балжид МУНХНАСАН: *О монгольском празднике Наадам* [İçinhorloo Lhagvarusyen: *Baljid Munhnasan Moğol Bayramı Naadam Hakkında*]...38

7 Kadian BOOBEKOVA: *Kırgız, Kazak ve Türk Milli Oyunları Arasındaki Benzerlikler* [Кадиян Боobeкова: *Кыргыз, казак жана түрк улуттук оюндардагы окшоштуктар*] ...47

8 Муратбек КИЙИЗБАЕВ: *Кыргыздардын акыл оюну «Уюм туудуну» жандандыруу маселелери* [Muratbek Kiyizbayev: *Kırgızlarda zeka oyunu: Uyum Tuudunu Geliştirme Meseleleri*]...53

9 Kadri AĞGÜN: *Kırgızistan'ın Milli Spor Oyunları* [Кадри Аггүн: *Кыргызстандын улуттук спорт оюндары*] ...59

10 Ulanbek ALİMOV: *Ulak Tartış Oyununun İnançlarla İlişkisi Üzerine* [Уланбек Алимов: *Улак тартыш оюндарынын ишенимдер менен болгон байланыштары*]...63

11 Айман ДОСЫМБАЕВА - Михаил БОНДАРЕВ: *Традиционные игры казахов: истоки, преемственность* [Ayman Dosımbayeva - Mihail Bondarev: *Kazakların Geleneksel Spor Oyunlarının Ortaya Çıkışı ve Geleceği*] ...67

12 Моймол ЖУСУПОВА: *Талас аймагындагы «көк бөрү» спорттук оюнунун ойнолуу өзгөчөлүктөрү* [Moymol Cusupova: *Talas Bölgesinde Kök Börü Spor Oyununun Oynanma Şekli*] ...69

13 Акматали АЛИМБЕКОВ: *Көчмөндөрдүн салттуу оюндарынын балдарды социалдаштыруучу функциялары* [Akmatali Alimbekov: *Konar-Göçerlerin Geleneksel Spor Oyunlarının Çocukları Sosyalleştirmedeki Fonksiyonları*]...73

14 Ali AHMETBEYOĞLU: *İslam Öncesi Türk Toplumunda Eğitim Aracı Olarak Spor* [Али Ахметбейоглу: *Исламга чейинки түрк элдериндеги билим каражаты катары спорт*]...79

15 Кадыркул АЙДАРКУЛОВ - Тыныстан АРЗЫБАЕВ: *Элдик оюндардагы жоокерлердин аскердик машыгуусунун тарбиялык мааниси* [Kadırkul Aydarkulov – Tınıstan Arzıbayev: *Askeri Eğitimde Halk Spor Oyunlarının Önemi*] ...84

16 Тыныстан АРЗЫБАЕВ: *Кыргыздын улуттук оюну «ордо» оюнундагы айрым тарыхый маалыматтар* [Tınıstan Arzıbayev: *Kırgız Millî Oyunu Orda Oyunundaki Bazı Tarihi Bilgiler*]...90

17 Болотбек ТАШЫМБЕТОВ: *Кыргыз маданиятындагы "ордо" оюнунун орду* [Bolotbek Taşımbetov: *Kırgız Kültüründe "Orda" Oyununun Yeri*]...96

18 Muhittin KAPANŞAHİN: *Kanuni Sultan Süleyman'ın Çocuklarının Sünnet Düğününde Oynanan Oyunlar* [Мухиттин Капаншахин: *Даңазалуу Султан Сулаймандын балдарынын сүннөт тойлорундагы салттуу оюндар*]...99

19 Аксункар АБДУЛИНА: *Роль конных состязаний в жизни казахов-кочевников* [Aksunkar Abdulina: *Göçebe Kazakların Yaşamında At Yarışlarının Rolü*] ...109

20 Kayrat BELEK: *Kültürel Hayatta At: Kırgızlarda Seyislik Mesleği* [Кайрат Белек: *Маданиятта жылкы: кыргыздарда саяпкерлик*]...112

21 Hayati BEŞİRLİ: *Kültürel Kimliğin Bir Unsuru Olarak Geleneksel Sporlar* [Хаяти Беширли: *Маданияттын идентификациясынын бири катары салттуу оюндар*]...115

22 Абдимиталип МУРЗАКМЕТОВ: *Кыргыздардын аңчылыгы жана ага байланышкан ишенимдер. Фольклордук мотивдер* [Abdimitalip Murzakmetov: *Kırgızlarda Av ve Avla İlgili İnançlar: Folklorik Motifler*] ... 119

23 Каврис ТОРБОСТАЕВ: *Ценностно мировозренческие аспекты хакасской национальной борьбы «курес»* [Kavris Torbostayev: *Hakaslardaki Milli Spor Oyunu "Güreş"in Felsefi Yorumu*] ... 123

24 Абдрахман АЛЫМБАЕВ: *Кыргыздардагы жамбы атыш* [Abdrahman Alımbaev: *Kırgızlarda Cambı Atış*] ... 127

25 Жылдызкан АБДИЕВА: *"Манас" эпосундагы кыргыз элинин улуттук оюндарынын чагылдырылышы* [Cıldızkan Abdiyeva: *Kırgız Milli Spor Oyunlarının Manas Destanındaki Yansımaları*] ... 131

26 Саитдин АЗИЗБАЕВ: *Практическое использование национальных игр в процессе обучения и воспитания студенческой молодежи (по материалам трилогии «Манас»)* [Saitdin Azizbayev: *Eğitim ve Öğrenci Eğitiminde Milli Oyunların Pratik Olarak Kullanılması (Manas Üçlemesine Dayalı)*] ... 134

27 Таалай АБДИЕВ: *К. К. Юдахиндин "Кыргызча-орусча сөздүгүндөгү" оюн лексикасы* [Taalay Abdiyev: *K. K. Yudahin'in Kırgızca-Rusça Sözlüğündeki Spor Oyunlarının Kelime Hazinesi*] ... 138

28 Венера АНАРБЕКОВА: *Ат оюндарынын элдик оозеки чыгармачылыкта чагылдырылышына тарыхый сереп (кошок, жоктоо ырларынын мисалында)* [Venera Anarbekova: *At Oyunlarının Halk Edebiyatında Yansıması*] ... 142

29 Namiq QAFAROV: *Azərbaycan xalq oyunları adlarının linqvistik təhlili* [Намиг Гафаров: *Азербайжан улуттук оюндарынын аттарынын лингвистикалык анализи*] ... 149

30 Нурсултан АБДИМИТАЛИП УУЛУ: *Махмуд Кашгаринин "Диван Лугат ат-Түрк" сөздүгүндө кездешкен "Тепүк" оюну тууралуу* [Nursultan Abdimitalip Uulu: *Kaşgarlı Mahmut'un "Divanu Lügat' it-Türk" Sözlüğündeki "Tepük" Oyunu*] ... 153

31 Кайрыкан ЖАНЫБЕКОВА: *Хакас фольклорундагы енисей кыргыздарынын спорттук оюндарынын чагылдырылышы* [Kayrıkan Canıbekova: *Yenisey Kırgızlarının Spor Oyunlarının Hakas Folklorundaki Yansımaları*] ... 156

32 Абиыр Акбота АБИЫНҚЫЗЫ: Қазақ әдебиетіндегі ат образы және ат ойындары [*Abiır Akbota Abiırkızı, Kazak Edebiyatında At ve At Oyunları*] ... 159

33 Mehmet TÜRKMEN: *Osmanlı'da Güreş Tekkeleri ve Fonksiyonelliği* [Мехмет Түркмен: *Осмондор мезгилиндеги күрөш федерациялары жана алардын функциялары*] ... 162

34 Азамат КАЗАКБАЕВ: *Кыргызская национальная борьба – часть общетюркской культуры* [Azamat Kazakbayev: *Türk Halk Kültürünün Parçası Olarak Kırgız Milli Güreşi*] ... 174

35 Ahmet YİĞİT: *Osmanlı Padişahlarının İhsanına Mazhar Huzur Güreşleri* [Ахмет Йигит: *Осмон падышаларынын урматына арналган күрөштөр*] ... 181

36 Олжобай КАРАТАЕВ: *Түрк-монгол дүйнөсүндөгү күрөш жана анын тарыхый-этнографиялык башаты* [Olcobay Karatayev: Türk*, Moğol Dünyasındaki Güreş ve Onun Tarihi-Etnografik Başlangıcı*] ... 195

37 Gülden SAĞOL YÜKSEKKAYA: *Geleneksel Türk Sporlarının Destanlardaki Yansımaları* [Гүлден С. Йүксеккая: *Салттуу Түрк спорт оюндарынын дастандарда чагылдырылышы*] ... 199

38 Zekeriya BAŞARSLAN: *Kırkpınar Yağlı Güreşlerinde Müzik Eşliği* [Зекерия Башарслан: *Кыркпынар яглы күрөштөрүндө музыканын коштоосу*] ... 202

39 Erman ARTUN: *Çukurova'da Geleneksel Karakucak Güreşleri ve Âşık Cazgırların Pehlivan Ululamaları: "Salavatlamalar (Cazgırlamalar)"* [Эрман Артун: *Чукуровадагы салттуу каракужак күрөштөрү жана жазгырламалар*] ... 208

40 Назгүл ИСАБАЕВА: *Кожомкул Каба уулунун баатырдык чеберчилиги* [Nazgül İsabayeva: *Kocomkul Kaba Uulu'nun Kahramanlıkları*] ... 217

41 Abdulkadir YUVALI: *Türk Halklarının Atlı Göçer Evli Kültüründe Spor Oyunları-Eğlenceler* [Абдулкадыр Ювалы: *Түрк элдеринин аттуу-көчмөнчүлүк маданиятындагы спорт оюн-зооктору*] ... 220

42 Тимур АЮПОВ: *Татаро-башкирский праздник «Сабантуй» и национальные виды спортивных состязаний* [Timur Ayupov: *Tatar-Başkurtların Bayramlarında "Sabantuy" ve Milli Spor Yarışlarının Türleri*] ... 227

43 Николай ЕКЕЕВ: *Традиционные спортивные игры алтайцев (Общая характеристика)* [Nikolay Ekeyev: *Altaylıların Geleneksel Spor Oyunları (Genel Değerlendirmeler)*] ... 230

44 İlyas KEMALOĞLU: *İdil-Ural Türklerinin Sabantuylarındaki Spor Oyunları* [Иляс Кемалоглу: *Идил-Урал калктарынын "сабантуйларында" спорт оюндары*] ... 235

45 Бегайым ЖАЛИЕВА: *Түрк элдеринин байыркы оюндарынын өнүгүүсү (Кыргыз жана Хакас элдеринин мисалында)* [Begayım Caliyeva: *Türk Halklarının Eski Spor Oyunlarının Günümüze Kadar Yaşaması (Kırgız ve Hakas Halkları Örneğinde)*] ........ 238

46 Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН: *Караханийлер доорундагы түрктөрдүн спорт оюндары тууралуу* [Tınçtıkbek Çorotegin: *Karahanlılar Dönemindeki Türklerin Spor Oyunları*] ........ 241

47 Узгенбай ДООРОНОВ: *Игры, развлечения и состязания на Великом шелковом пути* [Uzgenbay Dooronov: *Büyük İpek Yolu Güzergahında Spor Oyunları, Eğlenceler ve Yarışlar*] ........ 244

48 Муратбек КОЖОБЕКОВ: *Байыркы кыргыз коомундагы элдик оюндардын мааниси* [Muratbek Kocobekov: *Eskiçağ Kırgız Toplumundaki Milli Spor Oyunlarının Önemi*] ........ 247

49 Кубатбек ТАБАЛДИЕВ: *Археологиялык изилдөөлөрдөгү байыркы оюндар боюнча маалыматтар* [Kubatbek Tabaldiyev: *Arkeolojik Kazılardaki Araştırmalarda Eskiçağ Spor Oyunları Hakkında Bilgiler*] ........ 250

50 Токтобек ИМАНАЛИЕВ - Мыктыбек ТАГАЕВ: *Кыргызская национальная физическая культура: современное состояние и перспективы развития* [Toktobek İmanaliyev: *Kırgız Milli Beden Eğitimi Kültürü: Günümüzdeki Durumu ve Gelişme Perspektifleri*] ........ 253

51 Gaybullah BABAYAROV: *Özbek Millî Sporu - Küreş: Özellikleri, Tarihi ve Bugünü* [Гайбуллах Бабаяров: *Өзбөк улуттук оюну күреш. Өзгөчөлүктөрү, тарыхы жана бүгүнкү авалы*] ........ 257

52 Асилбек АЛИЕВ: *Мухаммед Бабур о спортивных играх народов центральной азии* [Asilbek Aliyev: *Merkezî Asya'daki Spor Oyunları Hakkında Muhammed Babür'ün Verdiği Bilgiler*] ........ 261

53 Канат ДЖАНУЗАКОВ - А. С. КАСМАЛИЕВА: *Дене маданияты адистеринин педагогикалык чеберчилигин калыптандырууда кыргыздардын салттуу оюндарын жана улуттук спортунун түрлөрүн колдонуунун мааниси* ........ 265

ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТУУ СПОРТТУК ОЮНДАРЫ ТЕМАДАГЫ ЭЛ АРАЛЫК СИМПОЗИУМДУН РЕЗОЛЮЦИЯСЫ ........ 269

TÜRK HALKLARININ GELENEKSEL SPOR OYUNLARI ULUSLARARASI SEMPOZYUM SONUÇ BİLDİRİSİ ........ 271

## АЛГЫ СӨЗ

2014-ж. 20-22-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде “Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары” аттуу Эл аралык симпозиуму болуп өттү. Бул илимий маараке 2014-ж. сентябрь айында Кыргызстанда уюштурулган “Көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк спорттук оюндарынын” алкагында өткөрүлдү. Тектеш элдердин улуттук салттуу оюндарын эл аралык денгээлге көтөрүү тууралу идеяны 2012-ж. Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Шаршенович Атамбаев көтөрүп чыккандыгы маалым. Бул саамалыкты өз учурунда Азербайжан, Казакстан жана Түркиянын мамлекет жетекчилери колдоп чыгышты. Бул Эл аралык көчмөндөрдүн салттуу оюндарын уюштуруу жана жаңы сапаттык денгээлге алып чыгууну Түрк Кеңеши патронаттыкка алды. Учурда “Көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк оюндары” глобалдык мүнөзгө ээ болуу менен дүйнөлүк ири спорт мелдештеринин катарына кирди. Салттуу элдик спорттук оюндарга Казакстан, Афганистан, Азербайжан, Түркия, Кыргызстан, Монголия, Россия Федерациясынын 10 аймагынын өкүлчүлүктөрү катышты. Анын ичинен Кавказда жашаган түрк тилдүү калктарынын өкүлдөрү, Татарстан, Башкортостан, Тува, Хакасия, Тоолуу Алтай ж.б. спорттук өкүлчүлүктөрү да катышышты. Алгачкы ирет өткөрүлгөн спорттук мелдештер жогорку денгээлде уюштурулуп, нагыз, келишпес спорттук таймашуулар катары өттү. “Көчмөндөрдүн бүткүл дүйнөлүк спорттук оюндары” түрк-монгол тилдүү элдердин жана чектеш жайгашкан башка калктардын маданияттарынын түпкүлүктүү жалпылыгын дагы бир ирет даңазалады. Университетибизде ушул орошон саамалыкты мындан ары дагы уюштуруу максатында көчмөн элдердин салттуу оюндарынын тарыхый тамырын жана алардын функционалдык маанисин терең талдоо максатында өткөрүлгөн эл аралык симпозиумга Түркия Республикасы, Казакстан, Азербайжан, Өзбекстан, Кыргызстан, Монголия, Тоолуу Алтай, Саха-Якутия, Тува Республикасы, Татарстан, Хакасия ж.б. республикаларынын илимий чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү катышты. Симпозиумда түрк тилдүү элдердин спорттук оюндарынын тарыхы, этнографиясы, маданий өзгөчөлүктөрү, спорттун адам денесине, тарбиясына тийгизген таасири, спорттук оюндардын кайталангыс колорити боюнча, тарыхый-этнографиялык маанилүү булактар катары илимий докладдар сунулду. Илимий-практикалык маанилүү сунуштар, пикирлер аталды, илимге жаңы көз караштар сунуш этилгенин белгилөөгө болот. Симпозиумда окулган докладдардын макалалары иргелип алынып, колуңуздагы жыйнакка киргизилди. Биз, “Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары” аттуу Эл аралык симпозиумду уюштурууга колдоо көрсөтүшкөн Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлигине, Түрк Кеңешине, Түрк кызматташтыгы жана өнүктүрүү башкармалыгына (ТИКА), Түрк Республикасынын өкмөтүнүн алдындагы чет элдик түрк элдери жана жамааттар боюнча кызматташтык башкармалыгына, Кыргызыстан элинин тарыхый жана маданий мурастарынын “Мурас” фондуна, Кыргыз Республикасынын спорт боюнча мамлекеттик агенттигине ыраазычылык билдиребиз.

Сиздердин колуңуздагы Симпозиумдун материалдар бет ачары катары ушул илимий форумдун катышуучуларына багышталган Кыргыз Республикасынын Президенти Алмазбек Атамбаевдин кайрылуусун сунуштоону туура таптык.

**профессор, доктор Себахаттин Балжы**
Кыргыз-Түрк “Манас Университетинин ректору

**профессор, доктор Асылбек Кулмырзаев**
Кыргыз-Түрк “Манас” Университетинин биринчи проректору

# SUNUŞ

20 – 22 Kasım 2014 tarihlerinde Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi'nde *Türk Halklarının Geleneksel Spor Oyunları* Uluslararası Sempozyumu gerçekleştirilmiştir. Bu bilimsel toplantı 08 – 14 Eylül 2014 tarihlerinde Kırgızistan'da yapılan Dünya Göçmen Oyunları programının devamı olarak yapıldı. Kardeş halkların geleneksel oyunlarını uluslararası arenaya çıkarma fikrinin 2012 yılında Kırgızistan Cumhuriyeti Başkanı Almazbek Atambayev tarafından dile getirdiği bilinmektedir. Bu teklifi Azerbaycan, Kazakistan ve Türkiye'nin devlet yöneticileri de desteklemişlerdir. Göçmenlerin geleneksel oyunlarını düzenleme ve programın hak ettiği seviyede gerçekleşebilmesi için çalışmaları Türk Keneşi himayesi altına almıştır. Dünya Göçmen Oyunları uluslararası bir yapıya sahip olmakla birlikte dünya genelinde ileri gelen spor müsabakaları grubuna da dâhil olmuştur. Geleneksel spor oyunlarına Kazakistan, Afganistan, Azerbaycan, Türkiye, Kırgızistan, Moğolistan, Rusya Federasyonu'nun 10 bölgesinden temsilciler katılmışlardır. Bunlar arasında Kafkasya'da yaşayan Türk halklarının temsilcileri, Tataristan, Başkortistan, Tuva, Hakasya, Dağlı Altay ve diğerlerinden gelen sporcular dile getirilebilir. İlk defa gerçekleştirilen spor oyunları başarılı, adaletli ve mücadeleci bir şekilde geçti. Uluslararası Dünya Göçmenlerinin Spor Oyunları Türk dilli halkların ve onlarla komşu olan halkların kültürlerinin köklülüğünü ve birliğini bir kez daha ortaya koymuştur.

Üniversitemiz de bu güzel çalışmaları daha da ileri götürmek maksadıyla göçmen halkların geleneksel oyunlarının tarihi köklerini ve işlevsel yönlerini derinlemesine incelemek ve ortaya koymak gayesiyle *Türk Halklarının Geleneksel Spor Oyunları Uluslararası Sempozyumu*'nu düzenlemiştir. Bu uluslararası sempozyuma Türkiye, Kazakistan, Azerbaycan, Özbekistan, Kırgızistan, Moğolistan ve Rusya Federasyonu'nun Dağlı Altay, Yakutistan, Tuva, Tataristan, Hakasya vb. özerk cumhuriyetlerinin değerli bilim adamları katıldılar. Sempozyumda Türk dilli halkların spor oyunlarının tarihi, etnografyası, kültürel özellikleri, sporun insan bedenindeki tesirleri, spor oyunlarının çok yönlülüğü, tarihî, etnografik özellikleriyle ilgili mühim bilgiler ihtiva eden bildiriler sunuldu. Bu vesile ile ilmi-pratik tekliflerin, fikirlerin bunun yanında bilimsel açıdan yeni bakış açılarının da ortaya konulduğunu belirtmek yerinde olur. Sempozyumda sunulan bildiriler seçilerek elinizdeki bu kitapta bir araya getirildi. Türk Halklarının Geleneksel Spor Oyunları Uluslararası Sempozyumu'na destek veren Kırgızistan Cumhuriyeti Bilim ve İlim Bakanlığı'na, Türk Keneşi'ne, Türk İşbirliği ve Koordinasyon Ajansı Başkanlığı'na (TİKA), T.C. Yurt Dışı Türkler ve Akraba Toplulukları Başkanlığı'na, Kırgız Halkının Tarihi ve Kültürel Mirasları Muras Fonu'na, Kırgızistan Cumhuriyeti Devlet Spor Ajansı'na teşekkürlerimizi sunuyoruz.

Elinizdeki sempozyum bildiri kitabının takdimi olarak Kırgız Cumhuriyeti Başkanı Almazbek Atambayev'in tebrik mektubunu sizlere arz ediyor, sempozyum bildiri kitabının tüm yararlanıcılara ve ilgililere faydalı olması dileğiyle içten saygılarımızın kabulünü istirham ediyoruz.

**Prof. Dr. Sebahattin BALCI**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
Rektörü

**Prof. Dr. Asılbek KULMIRZAYEV**
Kırgızistan-Türkiye Manas Üniversitesi
Rektör Vekili

**Урматтуу “Түрк элдеринин салттуу спорттук оюндары”**
**Эл аралык илимий форумдун катышуучулары!**

*2012-жылы Түрк тилдүү мамлекеттердин кызматташтык кеңешинин саммитинде Азербайжан, Казакстан жана Түркиянын Президенттери Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын өткөрүү демилгебизди колдоп, Кыргызстанга чоң ишеним көрсөткөн. Быйыл биз касиеттүү Ысык-Көлдүн боюнда тарыхта биринчи жолу Дүйнөлүк көчмөндөрдүн оюндарын өткөргөнүбүз өлкөбүздүн гана эмес, жалпы түрк дүйнөсүндө чоң окуяга айланды.*

*Кыргыз жергесинде өткөрүлгөн оюндар көчмөн элдердин тарыхын, өнөрүн, маданиятын, табиятын дүйнөгө даңазалап, биримдигибизди чыңдап, ынтымагыбызды арттырууга кошумча дем берди. Дүйнөлүк көчмөндөрдүн алгачкы оюндары аркылуу улутубуздун рухун чагылдарган кайталангыс салттарды, маданиятыбызды сактап, кийинки муунга өткөрүп бергенибизди шаңдуу оюндар, спорттук мелдештер аркылуу дүйнө коомчулугуна далилдей алдык.*

*Мына ошол Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарынын программасынын алкагында сиздер элдерибиздин спорттук оюндарына өзгөчө көңүл бурганыңыздар колдоого арзырлык. Анткени спорт элдерди бириктирүүчү, ынтымакты бекемдөөчү данакерлик милдет өтөйт.*

*Бүгүнкү илимий симпозиум түрк тилдүү мамлекеттердин ортосундагы кылымдарды карыткан достук мамилелерди мындан ары чыңдоого, маданий кызматташтыкты тереңдетүүгө өбөлгө болот деп ишенем.*

*Боордош элдерибиздин жаркын келечегине багытталган илимий ишиңер ийгиликтүү, жыйынтыктуу болушуна тилектешмин!*

**Кыргыз Республикасынын Президенти**
**Алмазбек Атамбаев**

# БИЛДИРҮҮЛӨР

# BİLDİRİLER

**1**

# КӨЧМӨН ТҮРК ЭЛДЕРИНДЕГИ ОЮНДАРДЫН КЕЛИП ЧЫГЫШЫН ИЗИЛДӨӨНҮН АЙРЫМ МАСЕЛЕЛЕРИ

**Айдарбек КӨЧКҮНОВ***

Оюн же оюн салуу дүйнөдөгү бардык элдердин тарыхый-маданий өнүгүүсүндө көрүнүктүү орунду ээлеп келген. Коомдук өнүгүүнүн ар кандай баскычтарында оюндун маани-маңызы, аткарган функциялары ар башкача болуп, алар социалдык, жыныс-жаш, диний ишенимдер, үрп-адат, ырым-жырымдар ж.б.у.с. жагдайлар менен тыгыз байланышта өкүм сүргөн. Мезгил өткөн сайын оюндардын адепки же түпкү маанилери, формалары өзгөрүлүп жөн гана тамашалуу оюн-зоок түрүнө ээ боло баштаган. Биздин жакынкы доорлорго чейин жеткен оюндардын дээрлик көпчүлүгүнүн тагдыры ушундай болгон десек жаңылышпайбыз. Бирок, жалпы тарыхый процессти изилдеп, анын ар кандай жагдайларын калыбына келтирүү, аларды азыркы жана келечек муундарга төкпөй чачпай жеткирүү тарых, айрыкча анын этнология (антропология) тармагынын негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет.

Антропология илиминде оюндардын келип чыгышы боюнча теориялык жактан негиздүү көз караштар эбак эле айтылып, алар психология илиминин ар кыл тармактары, айрыкча психоанализ тарабынан такстыкталган. Бул илимий жоболор негизинен дүйнөдөгү бардык элдердин этномаданий өнүгүүсүндөгү оюндарды, алардын келип чыгышын, коомдогу аткарган функцияларын түшүндүрө алат. Евразиянын көчмөн элдеринин оюндарынын келип чыгышынын себептери дагы стадиялык мүнөзгө ээ болуп, жалпы адамзат басып өткөн нукта жүргөн. Жер шаарынын ар кайсы булуң бурчтарынан табылган аска-тоолордогу сүрөттөрдөн – петроглифетерден, алгачкы адамдардын ташка түшүрүлгөн кыймыл аракеттеринен оюн салып жаткан маанайдагы элестерди көрсө болот. Археолог А. А. Формозов ал сүрөттөрдүн тартылышын эстетикалык кооздукка болгон умтулуудан келип чыккан деген теорияны жокко чыгарып магиялык теорияга негиздүү ыктаган (Формозов, 1969: 250-251). Анын ою боюнча аска-тоодого сүрөттөр алгачкы коомдун белгилүү бир баскычында пайда болгон. Адамдар кандайдыр бир окуяларга байланыштуу күндөрү ыйык деп эсептелген (культтук) тоонун белгилүү бир жеринде чогулушуп өтүп жаткан окуяны, анын ичинде оюндардын жүрүшү тууралуу, ташка чегишкен. Миң өзөн (Минусин) өрөөнүндө жашаган хакастар (кыргыздар- А. К.) 1840-жылы майрам учурунда чегилген сүрөттөрү бар асканын түбүндө чогулушуп ырым-жырым өткөрүшкөнү тууралуу маалыматтар бар. Ошондуктан аска-тоолордогу сүрөттөрдүн көпчүлүгүндө бийчилердин жана бий аткарып жаткандардын элестери көбүрөөк учурайт (Формозов, 1969: 251; Чернецов, 1964: 30-31). Кыргызстанда жайгашкан Саймалы-Таш, Сулайман-Тоо ж.б. аска-тоолордогу сүрөттөрдүн галереясын байыркы сыйынуучу жерлер деген пикирди кийинки окумуштуулар дагы колдошкон (Кузьмина, 1986: 116; Мартынов, Марьяшев, Абетеков, 1994: 14). Демек, көчмөн элдердеги, алардын ичинде кыргыздар дагы колдонгон оюндардын (Айтмамбетов, 1967: 155-189) башаттарын тарыхтын түпкүрүнөн издөө, иликтөө, тарыхый салыштыруу аркылуу кайсы элде кандай түргө жана формага ээ болгонун билсек болот.

Бирок, коомдук, чарбалык, социалдык, инсандык процесстер татаалдашып, дүйнөгө болгон көз караш ар кандай маанайдагы идеологиялык схемаларга чырмала баштаган мезгилден тарта оюндардын дээрлик көпчүлүгү ошол өзгөрүүлөргө ылайыкташкан. Тигил же бул оюндун пайда болушун сөзсүз түрдө кандайдыр бир идеологиялык, айрыкча диний маанайдагы көз караштар менен түшүндүрүшкөн. Мына ушул баскычтан баштап тигил же бул этностордун оюн салуу салттары, алардын түрлөрү этникалык, кийинчерээк, улуттук түскө ээ боло баштаган. Айрыкча, Евразиянын көчмөн элдеринин оюндары отурукташкан элдердин оюндарына караганда көп жактарынан өзгөчөлөнүп турганын тарыхый булактар далилдешет. Көчмөн элдериндеги оюндардын туу чокусу түрк жана монгол элдеринин этномаданий тарыхында орун алган. Бирок оюндардын көп түрдүүлүгү, динамикалуу мүнөздөрү, атаандаштыктын айгышкан формалары, коомдук-саясий процесстерге тийгизген таасирлери боюнча түрк элдеринин оюн салуу салттары обочолонуп турат. Көчмөн түрк элдеринин оюн салттарын иликтөө, тарыхый-салыштырып талдоо иши ушундай пикирге келүүгө түрттү.

Бул макалада биз көчмөн түрк элдериндеги айрым оюндардын келип чыгышын, алардын көчмөн социумдагы ордун, коомдук-саясий процесстерге тийгизген таасирлерине кыскача токтолобуз жана соңунда оюндардын келечеги тууралуу сунуш-пикирлерди ортого салабыз. Тема кенен, бирок макаланын көлөмү чектелүү болгондуктан айрым маселелерди азырынча тезис формасында белгилеп кетүүгө мажбурмун.

* Проф., т.и.д., Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы. Бишкек, Кыргызстан. aidar.k@mail.ru

Евразиянын көчмөн элдери өздөрүнүн узак жана окуяларга бай тарыхый өнүгүүсүндө оюндардын көптөгөн түрлөрүн турмуш тиричилигинин ажырагыс бөлүгү катары аткарып келишкен. Тарых илиминде алардын келип чыгышы тууралуу пикирлер ар кандай. Окумуштуулардын бир тобу оюндар диний-ритуалдык жагдайдан келип чыккан дешсе, дагы бир тобу чарбалык жагдайдан келип чыккан дешет. Үчүнчү тобу болсо ар түрдүү оюндардын келип чыгышын ар түрдүү, бири-бирине окшобогон кырдаалдар менен байланышырат. Кээ бир оюндардын келип чыгышын мифологиялык көз караштар менен байланыштырганы методологиялык жактан жемиштүүдөй сезилет, анткени алардын аткарылышы адамдын жашоо циклиндеги баскычтар, календардык же болбосо жыл мезгилинин алмашуу процесси менен байланыштуу аткарылганы көзгө даана байкалат. Бирок, жоокерчилик заман күчөп, адамдын дене күчү, шамдагайлыгы, кырдаалга жараша чапчаң кыймыл аракеттери эң маанилүү касиеттер боло баштаганда оюндардын дээрлик көпчүлүгү күжүрмөн-аскердик мүнөзгө ээ боло баштаган. Айрыкча, таймаш мүнөзгө ээ болгон ат үстүндөгү, ар түрдүү жеке күрөш оюндары келечек уруштарга денеси чың жоокерлерди даярдоого багытталган. Дегеле көчмөн адам өзүнүн, үй-бүлөсүнүн, уруунун коопсуздугу үчүн күрөшкө ар тараптан даяр турууга мажбур болгон. Демек, машыгуу, курал-жарагын, унаасын, күл азыгын дайым даяр кармоо күнүмдүк турмуш-тиричиликтин ажырагыс бөлүгү болуп эсептелген. Экинчиден, уруу-урук мамилелери бекем сакталып турган доорлордо намыс идеологиясы коллективдүү кыймыл аракеттердин, жоопкерчиликтин негизин түзгөн. Реалдуу турмушта намыс кандай күчтүү мүнөзгө ээ болсо, оюн жана тамаша салууда да намыс өзүнүн маанисин жоготкон эмес. Айрыкча, ат оюндарында, күч сынашууда уруунун намысы үчүн бардык аракеттерин жеңишке жетишүү үчүн жумшаган. Демек, оюндар, айрыкча эр адамдарынын оюндары, кандай шарттарда, себептерден келип чыкканына карабастан социалдык, идеологиялык, материалдык ж.б. мамилелерге чырмалышкан коомдук көрүнүш болуп эсептелген. Оюндун шарты бузулса ал уруулук мамилелерге түздөн-түз таасирин тийгизген, элдин жашоосун оордотуп, кан төгүүлөргө чейин алып келген. Кыргыз тилиндеги “Оюндан от чыгат” фразеологизминин социалдык-тарыхый мааниси ушунда жатат.

Көчмөн түрк элдери, алардын ичинде кыргыз эли дагы, оюндардын ар кандай түрлөрүн колдонуп келгени баарыбызга маалым. Ал оюндар формасы жагынан да, мазмуну жагынан да көчмөн цивилизациясынын уникалдуу көрүнүштөрүнөн болуп эсептелет. Тарыхый булактарга кайрыла турган болсок түрк көчмөн доорунун башатынан бери келе жаткан оюндар тууралуу азыноолак маалыматтар жазуу булактарында, айрыкча, кытай тарыхый хроникаларында учурайт. Мисалы, хуннулар тууралуу: “Тестиер бала койдун үстүнө минүүгө жарап калганда жаа менен канаттууларды жана майда жаныбарларды ата баштайт, эс тартып калганда түлкү жана койондорго аңчылык кылып, эттерин тамак кылып жешет. Жаа тарта алгандардын баары жарактуу атчандардын катарын толукташат. Адатта мал артында жүрүшүп өргүү маалында, аңчылык кылышып ошону менен азыктанышат; жортуулга чыгуу үчүн ар бири аскердик машыгуулар менен алектенишет. Булар алардын тубаса мүнөздөрү” (Бичурин, 1950: 40).

Хрестоматиялык мүнөзгө ээ болуп калган дагы бир маалыматта Моде шаңүй атайы ышкырык менен аскерлерин машыктырып, кийин аларды атасынын тагын алууда колдонгондугу айтылат (6, 46). Китайдын букаралыгын алган хунндардын дагы бир тобу жөнүндө тарыхый булак төмөндөгүдөй маанилүү маалыматты камтыйт: “Түштүктөгү Шанүй, Кытайдын букаралыгына өткөн мезгилден бери кытай императоруна арнап төртүнчү курмандык чалуу салтын киргизди. Курмандык өткөрүү маалында уруу башчылары мамлекеттик иштерди талкуулашкан, ат чабуу жана төөлөрдү жарыштыруу менен тамашага батышкан” (Бичурин, 1950: 119). Бул жерде көрүнүп тургандай хундардын бир тобу башка мамлекеттин букаралыгын алып жатса да өз салтын – курмандык чалуу салтын жоготпостон аны өз салтына төртүнчү салт катары киргизип жана ага арнап мурдагыдай эле ат оюндарын жана төөлөрдү жарыштырууну уюштурганы айтылат. Хундарда жылына үч жолу курмандык чалуу салты тууралуу тарыхый булак мындай деп кабарлайт: “сүннүлөр (хундар) адат боюнча Лунчэнде жылына үч жолу курмандык чалышкан, алар дайыма бирдин, бештин жана тогуздун айында, у күнүндө, Асман рухуна арнап курмандык чалышкан...Курмандык чалуу маалында (сүннүлөр) бүт көчтү чогултушкан,... мамлекеттик иштерди талкуулашкан, ат чабуу жана төөлөрдү жарыштыруу менен тамашага батышкан”(Материалы по истории сюнну, 1973: 15). Демек, көчмөн хундарда бул эки жаныбарды колдонгон оюндар кенен тараганын жана ал диний-ритуалдык жагдай менен тыгыз байланышта экенин көрө алабыз.

Ушул эле тарыхый булактын (Вейшу, 103 бап. Хойху (Гаогюй) бөлүмүндө түрк элдеринин бараандуу канатынын бири болгон уйгурларга тиешелүү төмөндөгүдөй маалымат бар: “Чагылганды жакшы көрүшөт. Чагылган чартылдаган сайын ызы-чуу болушат, жана асманды карай жаа менен атышат; андан кийин жер которушуп тарап кетишет. Кийинки жылы, жылкылар семирген күз маалында, чагылган түшкөн жерге кайрадан чогулушат; кой союшат, жана бычак учуна шам жагышат; Жер ортолугундагы мамлекеттегидей саат-сабырды кубалаган салт сыяктуу бүбү сыйынууну өткөрөт. Атчан эркектердин жоон тобу ошол жерди көп жолу айланып чыгышат; андан кийин эркек адам тал чыбыктарды же бактын чыбыктарын алып, бүрүн жогору кылып жерге саят жана үстүнөн ылдый кымыз куят” жана мындан ары “Эгер бирөө

жарым чагылган тийип мерт кетсе же тумоодон өлсө, анда жакшылык тилеп сыйынышат. Эгерде баары жакшы аяктаса арбактарга ыраазычылык кылышып ар түрдүү жаныбарлардан көп союшат, сөөктөрүн өрттөшөт; ошол жерди ат үстүндө айланышат; кээде бир нече жүз ирет айланта чаап чыгышат. Бул жыйындарга кары жашы дебей эркек аялдардын баары катышат. Үй-бүлөсү бейкуттуктагылар ырдашат, бийлешет, музыкалык аспаптарда ойношот; бирөө жарымынан айрылып кайгы баскан бүлөлөр көз жаштарын төгүшүп ыйлашат" (Бичурин, 1950: 216). Бул тарыхый маалымат оюн менен ырым-жырымдын, ритуалдын, ишенимдин бири бири менен абдан тыгыз байланышта экенин айгинелейт. Кийинки доорлордо өз алдынчалыкка ээ болуп калган кээ бир оюндардын башатын ушул жерде тапса болот. Мисалы, кыргыз, казак элинде кеңири тараган жамбы атмай оюнун байыркы уйгурлардагы күн күркүрөгөн маалда асманды карай жаа менен аткан аракеттери менен байланышта болушу мүмкүн. Кийинки доорлордо бул жөрөлгө инверсия болуп, асмандын ордуна жамбы алмашып калышы толук ыктымал. Экинчи жагынан, бир үй-бүлө жакынынан айрылып аза күтүп жатса, калгандары оюн-зоок менен алек болушкан. Демек, оюн-зоок жамандыкка байланыштуу жүргүзүлүп жатканы менен өлгөн адамдын рухун тигил дүйнөгө салтанаттуу узатуу (жолго азыктандыруу, аттандыруу) концепциясын негиз катары караган, менимче, туура болоор. Биз ылдыйда бул көз карашка кененирээк токтолобуз.

Ушул эле эмгектин байыркы түрктөргө арналган бөлүмүндө (Тугю.(Таншу, 215а Бап жана 215б) мындай маалымат бар: "Сөөк коюу күнү, адам үзүлгөн күндөй эле, жакындары курмандык чалышат, ат чабышат жана беттерин тилишет" (Бичурин, 1950: 230). Башка жеринде: "Эркектер хюпу ойногонду жакшы көрүшөт, аялдар волан (ракетка оюнунун бир түрү-А.К.)... Бири-бирине бетме-бет туруп алышып ырдашат ... Адаттары негизинен хуннулардыкы менен абдан окшош" (Бичурин, 1950: 231). Бул жерде жогорудагыдай эле адам өлгөндө ат чабуу бар экендигин жана сөөк коюу салтында анын ролу чоң экендигин байкаса болот. Ошону менен катар "хюпу" оюну тууралуу маалымат кызыгууну жаратпай койбойт. Тарыхый изилдөөлөргө таяна айтсак бул оюн акча (кытай акчалары) менен ойнолгон кумар оюнунун бир түрү. Демек, түрк көчмөндүрү ошол мезгилдери кытайлардын таасири менен кумар оюндарынан дагы кабары болгон. Ал эми маңдай-тескей туруп ырдашканы, менин оюмча кыргыздарда сакталып, бүгүнкү күнгө чейин жеткен *акыйнек* айтышуунун байыркы формасы болушу мүмкүн.

Байыркы енисей кыргыздары боюнча тарыхый маалыматтарда алардагы оюндар тууралуу эң кызыктуу кабарлар бар экендиги баарыбызга белгилүү. Анда: "Оюн-зооктордон колдонгондору: төө жана үйрөтүлгөн арстан, ат үстүндө оюн салуу жана аркандан басуу" (Бичурин, 1950: 253). Ушул эле текстке белгилүү синолог Н. В. Кюнер мындайча тактоо менен кайра которгон: "Чоң жыйындарда мындай оюндар ойнолот: төөлөрдүн жарышы, арстандар, ат оюндары ж.у.с." (Кюнер, 1961: 59). Бул жерде колго үйрөтүлгөн арстандар менен оюн салганы тууралуу айтылган. Ал азыркы мааниде айтканда цирктин бир түрү болушу мүмкүн. Экинчи оюн бул ат үстүндө оюн салуу деп түшүнсө туура болчудай. Ал эми аркандын үстүндө тең салмактуулукту сактоо менен наркы терки басуу жана ар кандай фигураларды көрсөтүү көп элдерде орун алып келгендиги маалым. Ал байыркы кыргыздардын дагы оюну экендигин тарыхый булак даана көрсөтүп турат.

Белгилүү "Огуз наме" дастанында"Дирсе хандын уулу Бугач-хан жөнүндөгү ырында" он беш жаштагы бала жоро-жолдоштору менен ашык (чүкө) ойноп жаткан кезинде кайдан-жайдан чыга калып балдарды көздөй атырылып келе жаткан буканы жыга муштаганы, ошондон кийин атасы Коркут баласын Бугач деп атаганы айтылат (Короглы, 1976: 106-107). Ушул эле чыгарманын "Кам-Бөрүнүн уулу Бамсы-Бейрек жөнүндөгү ырында" Бейрек жаадан атышуу мелдешине катышып жеңүүчү болуп чыкканы тууралуу айтылат (Короглы, 1976: 106-107). Бул эки тарыхый маалымат чүкө оюну жана жаа атышуу мелдештери түрк элдеринде кенен тараганын көрө алабыз.

Орто кылымдардагы көчмөн түрк элдериндеги оюндар тууралуу тарыхый маалыматтарды Махмуд Кашгаринин "Түрк тилдеринин сөздүгүнөн" жана Ж.Баласагындын "Кут билиминен" тапсак болот. Тарыхчы Т.Чороев биринчисинин эмгегинен тоого чыгууга мелдешүү, чүкө, селкинчек, куурчак, чалыш (күрөш), жаа атуу, ат чабыш, сууда сүзүү, кочкор сүзүштүрүү, куш учуруу, чооган (човган), мөңүз-мөңүз (мүйүз-мүйүз), ортого күң кызды, атты сайып атуу; экинчисинин эмгегинен нард, шатранч (чатыраш) оюндарын санап берген. Автор нард оюнун кыргыздарда "тогуз коргоол" оюну деген ойду айткан (Чороев, 1990: 71-73). Махмуд Кашгаринин эмгегинен кошумча төмөндөгүдөй оюндарды атап кетсек болот: етечлик (жаңгак оюну үчүн казылган чуңкурча) (Махмуд Кашгари, 2011: 295) үйүн сайып кумар ойноо (Махмуд Кашгари, 2011: 435), каз оюну (Махмуд-Кашгари, 2011: 223), карагуни (кечинде ойноло турган балдар оюну) (Махмуд Кашгари, 2011: 371). Жалпы жолунан бул баа жеткис тарыхый булактагы оюндар тууралуу маалыматтар орто кылымда жашаган жалпы түрк элдерине, алардын ичинде кыргыз элине бирдей таандык. Алардын көпчүлүгү кыргыз элинде тигил же бул деңгээлде сакталып калган, айрымдарынын аналогдорун башка аталыштар менен жолуктурса болот. Мисалы, "сууда сүзмөй" оюнун "көлгө түшмөй" оюну менен, "карагуни" оюнун "ак чөлмөк" оюну менен. Ал эми чооган оюну түркмөн, азербайжан элдериндеги човган оюну болуп эсептелет.

Бирок, калыстык үчүн айтып кетүү керек: тарых илиминде чооган оюнунун келип чыгышын сасаниддер доорундагы Персия менен байланыштырган көз караш үстөмдүк кылат. Бул оюндун алгачкы изилдөөчүлөрүнүн бири өткөн кылымдын башындагы орус окумуштуусу К.А.Иностранцев чооган оюнунун (фарсча – чавгонбози, гуйбози) келип чыгышын перс (фарси) элинин тарыхы менен тыгыз карап, орто кылымдары ал оюн алдыңкы жана орто Чыгышта кенен тарагандыгын тарыхый фактылар менен далилдеген (Иностранцев, 1902: 108-113).

Кийинки доорлордо бул оюн акырындап жоголуп отуруп, XX-кылымдын башында Индиянын түндүк райондорунда, Памирге жакын аймактарда сейрек кездешүүчү көрүнүш катары учурап калганын окумуштуулар белгилешкен (Андреев, 1953: 114-117). Экинчиден, бул оюн жалпы элдик мүнөзгө ээ болбостон баргер адамдардын, кийинчерээк төбөлдөрдүн оюну болуп келгендигин окумуштуулар айтып келишкен.

Кийинки доорлордогу оюндар тууралуу маалыматтар европа, орус, чыгыш таанучуларынын эмгектеринен байма-бай жолугат. Айрыкча, европа жана орус мамлекеттеринин Борбордук Азияга кызыгуусу арта баштаган мезгилдерден тарта ал элдер тууралуу ар түрдүү маалыматтар басма беттеринде, алардын ичинде көлөмдүү илимий, илимий-популярдуу чыгармаларда кенен орун алып, ал мамлекеттердин коомчулугунун кызыгуусун жараткан. Ошол эмгектердин ичинде Борбордук Азиянын көчмөн түрк элдеринин ар түрдүү оюн-зооктору тууралуу маалыматтары ал элдердеги оюндардын тарыхын терең изилдөөгө мүмкүнчүлүк берет. Бирок, 17-18-кылымдардан тарта казак, кыргыз, өзбек, түркмөн, каракалпак, тажик жана Түштүк Сибирдеги түрк элдери жөнүндөгү маалыматтар жалаң эле оюн эмес, жалпы жолунан ошол элдердин тарыхын, маданиятын, социалдык түзүлүшүн ж.б. тармактарын ар тараптан иликтөөгө баа жеткис булактык негиз болуп берди. Ал эми 19-кылымдагы оюндар тууралуу тарыхый-этнографиялык изилдөөлөргө таянсак ар бир түрк элдеринде оюндардын саны бир нече жүзгө чейин жетээрин көрө алабыз. Албетте, ал оюндардын баарынын эле келип чыгышы байыркы доорлорго барып такалбайт. Жаңы доор, жаңы этносаясий, чарбалык, диний, идеологиялык кырдаалдар эски оюндарды бир чети модификацияласа, бир чети жаңы оюндардын келип чыгышына объективдүү себепкер болгон. Бирок, жалпы тенденция – өткөн жашоодогу айрым оюндардын сакралдык (ыйык) маанилери унутулуп, жоголуп, алар жөн гана убакытты көңүлдүү өткөрүүнүн формасына ээ боло баштаган. Ошол эле учурда 19-кылымдын материалдарына таянып ретроспектив методу менен тигил же бул оюндардын түпкү маанилерин ачууга мүмкүндүк бар.

Аталган мезгилдеги эмгектерден оюндар боюнча маалыматтуулугу, ырааттуулугу жагынан А. Левшин, Ч. Ч. Валиханов, В. В. Радлов ж.б. эмгектери айырмаланып турат.

Казактардын Улуу Жүзүнүн арасында изилдөө иштерин жүргүзгөн В. В. Радлов Атабек деген бай адамдын атасына берип жаткан ашынын үстүнөн чыгып, анда өткөрүлгөн оюндар тууралуу кызыктуу сүрөттөп жазган. Алар ат чабуу - байге, күрөш, тыйын эңмей, кыз куумай, ашык (чүкө), ж.б. Окумуштуу ошондой оюндардын катарына ат үстүндө отуруп койду жерден эңип алып ары-бери күүлөнүп ыргытканда арткы саны колунда калып денеси үзүлүп түшкөн оюн тууралуу айтып, аны жапайычылыктын өнөрү катары сыпаттаган (Радлов, 1989: 317-320). Жогорудагы аталган оюндардын бардыгы кызыктуу, атаандаштык, кээ бир учурларда айгышкан мүнөзгө ээ болгон, анткени алардын көпчүлүгүнө байгелер коюлган. Айрым оюндун түрлөрүнө коюлган байгелердин өлчөмү чоң болуп, көпчүлүктүн бүйүрүн кызыткан. Мисалы, ат чабышка коюлган байге жана аны кимдер алгандыгы жөнүндө В. В. Радлов мындай деп жазат: “Жеңүүчүлөрдөн байгелерин тартып алуу максатында ... жардап турган эл түз эле байгелерге жулунушту. ...бир нече көз ирмемден кийин алардан эч нерсе калган жок. Кийинчерээк мага айтып беришти, жеңүүчүлөр аз эл байге алышты: алардын байгелеринин көпчүлүк бөлүгүн жардап турган эл талап алышты жана кубануу менен кетишти. Ат чабыштарда дайыма эле ушундай болот деп айтышты. ...Жеңүүчү бардык байгени алып кеткен күндө дагы ал, адат боюнча, алгандарынын баарын туугандарына жана айылдаштарына таратып берүүсү керек, антпесе ал адам жеткен сараң деген жаман аттуу болот” (Радлов, 1989: 319). Кыргыз элиндеги ат чабыш оюндарында сайылган байгелер дагы так эле ушундай тартипте талоонго түшкөн. Бул көрүнүштүн тарыхый, социалдык маңыздарына төмөндө дагы токтолобуз.

Кыргыздардын бардык тобунда кенен таралган оюндардын бири ордо оюну. Изилдөөчүлөрдүн пикирлери боюнча бул оюн кыргыздардан башка элдерде жолукпайт (Айдаркулов, 1989: 60-82). Бирок, айрым элдердеги айлампа сызып оюногон оюндардан ордо оюнунун айрым элестерин (прообразын) жолуктурууга болот. Өзбек элинин этникалык компоненттеринин бири кыпчактар тууралуу эмгекте К. Ш. Шаниязов аларда “хуркач” оюну тууралуу кызыктуу маалымат берет. Бул оюн майрамдарда, үйлөнүү үлпөттөрүндө дайыма өткөрүлгөн. Оюнга 14-18 жашка чейинки жана андан жогору жаштагы адамдар катыша алышкан. Оюнчулардын жалпы саны 40ка жакын болгон. Бирок ар бир курак өз алдынча топ болуп ойношкон. Оюндун жүрүшү: бир курактагы балдар бирдей санда эки топко бөлүнүшүп, диаметри 2-3 метр келген айлампа чийилип, анын ичине бир топ кирип, борборуна үстүңкү кийимдерин үйүп коюшкан. Айлампанын ичиндеги топ “куруклавчи” (коргонуучулар), сыртындагы топ хужумчи (чабуулчу)

деп аталышкан. Коргонуучулар башчысын "коргон бегин", чабуулчулар – "улус беги" деп аташкан. Оюндун максаты: топту жарып айлампанын ичине "чепке" кирип борборду алуу болуп эсептелген. Чепти алдырган утулган болуп эсептелип, уткан топ айлампага кирген (Шаниязов, 1974: 331). Оюнда көрүнүп тургандай ордону, чепти алуу негизги максат болуп эсептелген. Демек, бул оюн кандайдыр бир деңгээлде аскердик даярдыктын бир түрү болуп, ал тамашалуу мүнөзгө ээ болгон. Айлампаны жарып кирип борборду алуу көчмөн элдеринин аскердик сапаттарынын ичинен эң кужурмөндүүлүгү катары жогору бааланган. Демек, кыпчак элинде дагы жаштарды тарбиялоодо кужурмөндүүлүктү калыптандыруу башкы максаттардын бири болгон. Бул оюн айрым өзгөчөлүктөрү менен кыргыздардын турмушунда дагы жолугат.

Ушул күнгө чейин окумуштуулардын ичинде талаш-тартыштарды жаратып келе жаткан оюндардын бири көк бөрү оюну. Бул оюндун келип чыгышы боюнча ар кандай көз караштар, карама-каршы пикирлер илимий адабиятта айтылып келе жатат. Айрымдары көк бөрүнү бөрү тотеми менен байланыштуу культтук (сыйынычуулук) маанайда карашса (Липец, 1981: 135-148; Потапов, 1953: 120-133), башкалары көңүл ачуунун бир формасы катары карашат. Айрымдары, мисалы, С. П. Толстов (Толстов, 1948: 284), Г. Н. Симаковдор (Симаков, 1984: 146-150) үйлөнүү үлпөтү менен байланыштырышкан. Бирок, С. П. Толстов бул оюндун түпкү тамырын жаратылышка сыйынуудан (культ природы) келип чыккан деген ойду айткан (Толстов, 1948: 284). Ал эми кайсы этномаданий чөйрөдө көк бөрү оюну келип чыкты деген суроого көчмөн түрк элдеринде келип чыккан деп кесе айтса болот. Анткени, монгол элдеринде мындай оюн тууралуу тарыхый маалыматтар жок. Орто кылымдары көк бөрү оюну Борбордук Азиядагы көчмөн түрк элдеринин дээрлик көпчүлүгүндө кадимки көрүнүш болуп, аш-тойлордо көңүл ачуунун негизги түрү болгондугун көптөгөн тарыхый материалдар тастыктайт.

Кыргыздарда көк бөрү оюну ат оюндарынын эң эле кызыктууларынын бири. Бул оюн кыргыз элинин бардык топторуна бирдей таралгандыгын, анын турмуш тиричиликтин көптөгөн жагдайлары менен, айрыкча адам өмүрүнүн циклдери менен байланыштуулугун, эрежелеринин тактыгын ж.б. эске алсак анда көк бөрү оюнунун тарыхы тереңге кетээрин көрөбүз. Ал эми бул оюндун кыргыздардан башка бир катар түрк элдеринде, ошондой эле тажик, Ооганстандагы хазарларда дагы колдоноорун айтсак, анда көк бөрү оюну евразия аймагында кенен тараган ат оюндарынын бири экендигин көрөбүз. Кыргыздарда бул оюндун жалпы аталышы "көк бөрү" болгону менен ал "улак тартыш" деп дагы синоним аталышка ээ. Айрым учурларда салмагы 70-80 килограмм келген торпокторду дагы тартышканы тууралуу тарыхый маалыматтар бар. Кечээ жакынкы мезгилге чейин Алай, Каратегин (Жерге-Тал - Тажикстан) кыргыздары торпок тартып келишкенин этнографиялык экспедиция учурларында кезиктиргенбиз.

Белгилүү этнограф Б. Х. Кармышева бул оюндун келип чыгышын сугатка негизделген дыйканчылыктан келип чыгышы мүмкүн жана агрардык культ менен байланыштуу деген пикирин айткан (Кармышева, 1987: 231-242). Ал Тажикстандын түштүк райондорун этнографиялык жактан изилдөө маалында жыйнаган талаа материалдарына таянып Чилу чор чашма булактарынан чыккан көлмөлөрдү тазалооого байланыштуу ырым жырымдардан келип чыгышы мүмкүн деген ойду айткан. Бул көлмөлөр илгертен бери ыйык деп эсептелип, алар жергиликтүү тургундар тарабынан өзгөчө бааланган. Жыл сайын жаз алды менен жергиликтүү эл булактын көзүн, андан агып чыккан суунун нугун тазалап турушкан. Бул процесс ар түрдүү ырым-жырымдар менен коштолгон. 20-кылымдын башында Чилу чор чашма булагынын жанында коон, жүзүм бышкан маалда эки күн катары менен элдик майрам – сайль, өткөрүшкөнүн изилдөөчүгө айтып беришкен. Майрамдын борбордук окуясы көк бөрү оюну менен байланыштуу болуптур. Аны өткөрүүнүн негизги максаты – көлмөнүн, арыктын таманын аттарды ары бери чапкылап таптоо, тешиктерди бүтөө болчу, дейт Б. Х. Кармышева (Кармышева, 1987: 235-242). Бул окумуштуунун ою боюнча Орто Азияда чооган оюнун көкбөрү оюну сүрүп чыга баштаган (Кармышева, 1987: 238).

Шаниязов К. Ш. кыпчактарда эң эле кеңири тараган ат оюндарынан "пойга" – ат чабыш, "огдаришма" – оодарышма, "улок" же "купкори" – көк бөрү оюндары жана башка оюндары болгондугун иликтеп таап чыккан (Шаниязов, 1974: 330-334). Бул оюндардын көпчүлүгү кыргыз, казак элдеринин оюндарына окшоп кетет. Бирок, кыпчактар көк бөрүнү, К. Ш. Шаниязовдун айтуусу боюнча, эки вариантта өткөргөн: "кокма" жана "пойга-купкари". Биринчисинде, улакты жерден алып топ жарып чыгып келсе жеңди деп эсептелген; экинчисинде, улакты алгандан кийин 2-3 км. жерге чейин чаап барып мерчемдүү жерге таштаган. Дагы бир кызыктуу жагдайы: улактын алдында машыгуу иретинде улак тартышып, аны жиликтеп тартканга чейин барышкан. Ушундан кийин гана жаңы улакты ортого ташташып, чыныгы оюнга киришкен (Шаниязов, 1974: 333). Автор, бул этнографиялык факт менен көк бөрү оюнунун келип чыгышын изилдөөдө кызыктуу нукту ачкансыйт.

Менин оюмча, көкбөрү оюнунун келип чыгышын дуалдык фратриалдык система менен байланыштыруу туура эмес, бөрүнү кармап аны өлтүргөн соң жансыз денени ары-бери талашкан деген көз караштар дагы тотемдик теорияга каршы келет. Бул оюндун генезисин түрк жана монгол элдериндеги бөрүгө сыйынуу (культунун) алкагында караган туура. Бөрүнүн тайманбас образы көчмөн элдерде

айрыкча кызыгууну туудурган, анын сырткы кебетесин, баскан турганын, жан-жаныбарларга жалгыздап же тобу менен кол салуусу, курмандыгын бири-биринен талашуусу көкбөрү оюнунун келип чыгышына негиз болуп берген. Түрк көчмөндөрү бөрүнүн сапаттарына ээ болуу максатында көкбөрү оюнун жарата алышкан. Бул оюн, албетте, бара-бара социалдык мүнөзгө ээ болуп, община, урук, урууулардын, керек болсо элдердин ортосундагы айгышкан мелдешке айланган.

Көк бөрү оюнунун статусу тууралуу пикирлер дагы ар түрдүү. Этнографиялык маалыматтарга ылайык түндүк кыргыздарда бул оюнду жакшылыкта гана уюштурушкан,ал эми түштүктө жакшылыкта да, жамандыкта да өткөрүшкөн (Симаков, 1984: 86). Булардын себептерин изилдөө келечектин иши.

Түрк элдеринин бардык топторунда оюндар бирдей мүнөзгө ээ болгон эмес. Көчмөн, жарым көчмөн шартта жашаган элдерде ат үстүндөгү оюндар, күч сынашуу оюндары кеңири тараган болсо, отурукташкан элдерде “жөө” оюндар, мисалы, күрөш, кочкор уруш, ит уруш, аркан үстүндө басуу, маскарапозчулук ж.б.у.с. оюндар көбүрөөк таралган. Окумуштуу Г. П. Снесарев хорезм өзбектеринде ат үстүндөгү оюндардын жоктугун баса белгилеген (Снесарев, 1971: 261).

Oyun kurallarıyla ilgili inançlara bakacak olursak, kuralların tamamen inançlara yönetildiğini görürüz. Öncelikle, oyunun aksakalların duası olmadan başlamadığını ve sonlanmadığını söyleyebiliriz. Çok sürükleyici ve heyecanlı geçtiğinden, oyunu yönetmek de oldukça güçtür. Bütün bu zorluklara rağmen dualarla başlayıp dualarla sona eren oyun süresine herkes saygı duyar. Kurallara göre, hediyeleri kazanan ulakçıya halk tarafından hayır dualar edilir. Ayrıca, oyunu düzenleyen kişinin özel misafirlerine dualar eşliğinde hediyeler verilir. Oyun sonunda, oyunu düzenleyen kişiye de iyi dileklerle hayır dualar edilir.

Gökbörü oyunu halk arasında geleneksel bir şekilde günümüzde yaşatılmaktadır. Gökbörü, doğal icra ortamı bozulmamış nadir oyunlarımızın başında gelmektedir. Bu arada, bir spor dalı olarak kurallarını ve muhtevasını yeniden gözden geçirerek, oyun için yapay icra ortamı oluşturulmaya çalışıldığını da belirtmek gerekir. Başka bir ifadeyle, geleneksel nitelik taşıyan gökbörü oyununun popülerleştirilmesi hedeflenmektedir. Eskiden daha ziyâde doğal icra ortamı olan köy ve kasabalarda sergilenen oyun, bugün yapay icra ortamında, çağdaş hipodromlarda gerçekleştirilmeye başlanmıştır. Doğal icra ortamında oyun kış aylarında oynanırken, yapay icra ortamında yılın on iki ayı oynanabilmektedir. Ancak biz, bu değişim ve gelişmelerle birlikte, halk tarafından yaşatılmaya çalışılan geleneğin de devam ettirilmesi taraftarıyız.

Sonuç olarak, geleneksel oyunların tamamı eski dinî inanç ve ritüellerin izlerini taşırlar. Bu bakımdan eski inanç sistemlerimizdeki değerlerin, kültürel gelişim süreci içerisinde inanç unsurlarından sıyrılıp işlevsel bir nitelik kazanarak eğlence ve spor hâline dönüştüğünü söyleyebiliriz. Oyunlarımızın, işlevsel yönden eğlence ve spor dalı olarak yaşaması için, halkın kendi kültürel değerleri ve gelenekleriyle birlikte bu inançları da uygulamalarında kullanmayı sürdürmeleri gerekir. Bu inançların unutulması durumunda, geleneklerin de, oyunların da unutulacağı düşüncesindeyiz.

**Kaynaklar**

ABRAMZON Saul Matveeviç, *Kırgız ve Kırgızstan Tarıhı Boyunça Tandalma Emgekter*, Bişkek, 1999
HUNTİNGTON Ellsworth, *The Pulse Of Asia, A Journey İn Central Asia İlustrating The Geographic Basis Of History*, Boston and New York, 1907.
KARAZİN N. N, *Bayga – Mestnaya İgra v Katı-Kurgane*, 1872.
KRASNOV A. N, *Oçerk Bıta Semireçinskih Kirgiz, İzvestiya İmperatorskogo Russkogo Geografiçeskogo Obşestva*, Cilt. XXIII, 1887.
URALOV N, *Na Verblyudah, Vospominanie İz Jizni v Sredney Azii*, SPb, 1897.
KAZANSKİY K. K, *Vblizi Pamirov*, Taşkent, 1895.
AKMOLDOYEVA B. B, "Traditsii, Verovanie i Obryadı Kirgizov Svyazannıe s Konevodstvom", *Aktualnıye Voprosı Etnografii i Arheologii Kirgizii*, Frunze, 1989.

**Ekler:**



Pol Nadar, 1890



Ellsworth Huntington, Kırgızistan, 1907
(http://tourkg.com/2014/07/e-hantington-o-kyrgyzah.html/)



Ekrem Arıkoğlu, Kırgızistan, 2012



Ekrem Arıkoğlu, Kırgızistan, 2014

# 11

## ТРАДИЦИОННЫЕ ИГРЫ КАЗАХОВ: ИСТОКИ, ПРЕЕМСТВЕННОСТЬ

**Айман ДОСЫМБАЕВА[*] - Михаил БОНДАРЕВ[**]**

Традиционные игры тюркских народов являются частью огромного мира духовной культуры, основу содержания которых составляют существенные элементы основных идеологических, ценностных ориентиров общества.

В процессе анализа источников, свидетельствующих о раннем периоде развития и формирования идеологии тюркского социума, становится очевидным, что сохранившиеся в легендарных преданиях мифы о происхождении этносов хунну/гуннов, усуней, юечжи несут значительную историческую информацию. Результаты о происхождении тюрков ашина и ашидэ в период развития первых каганатов тюркских народов вторят тем же источникам, известным по средневековым китайским источникам.

Этнографические источники, вплоть до современной истории сохранили информацию о разных видах традиционных игр и сегодня могут быть использованы в качестве исторических материалов, свидетельствующих о преемственности исторических периодов развития культуры тюрков до формирования этнического наследия тюркских народов, в том числе казахов и кыргызов.

Визуальные наблюдения за традиционными играми кокпар и қыз куу показывают их захватывающую зрелищность, соревновательность двух противоборствующих сторон, которые стремятся захватить первенство в единоборстве. Основу игры кокпар составляет соревнование между двумя командами за тушу козла. Победившей считается сторона, ставшая обладателем предмета соревнований. Немаловажным в игре является что тушу животного отвозят к юрте/дому человека, который в следующий раз должен стать зачинщиком новой игры между противоборствующими командами/сторонами.

С учетом сохранения названных игр в длительный период развития культуры тюркских народов, в докладе рассмотрены вопросы возникновения и развития игр с точки зрения их хронологии. Другой стороной анализа названных видов единоборства является смысловое значение игр, рассматриваемое в статье с точки зрения их связи с традиционным мировоззрением тюркских народов.

В вопросе реконструкции целостной концепции основ идеологии тюркского социума, генезис которой длился на протяжении тысячелетий и сохранил свои корни в идеологии современных тюркских народов и в традиционной культуре казахов, важно также обозначить место культа и ритуала в контексте развития духовной культуры. Культ – идеологическое понятие, вбирающее в себя основные представления об устройстве мироздания тюркского мира. Исторические условия формирования представлений о культе непосредственно связаны со средой обитания человека и определением его места в нем. Процесс познания окружающего мира, космоса привел к осознанию тесной связи мира природы и человека. Характерной особенностью миропонимания тюрков стало обожествление сил природы, космических явлений и стремление объяснить его целостность и взаимную связь с миром людей. Ритуал – действия людей, направленные на обеспечение стабильности в обществе.

Взаимная неразрывная и тесная связь понятий культ и ритуал обусловлена идеологическими представлениями о необходимости проведения определенных общественных действий (поклонения, жертвоприношения, молений и др.) объектам культа. Такими объектами были силы космоса в образе Тенгри и силы земные в образе божества Жер-Су. Между двумя основными силами Космоса и Земли-Воды находился мир земной, мир природы, в котором обитали люди и животные. Характерной чертой тюркской мифологии является наделение окружающего его мира духовностью. Потому родовыми тотемами тюрков были птицы, олени, кони, тау теке/горные козлы, волки, зайцы, змеи и др. К примеру, Тон ябгу каган (618 – 630 гг) издал Указ о запрете убивать оленей. За намеренное или ненамеренное убийство оленей полагалась смертная казнь. Согласно указу всех оленей пересчитали и повесили им на шею колокольчики. В прикладном искусстве всюду присутствуют образы реальных и мистических собирательных образов животных, а воинская гвардия тюрков именовалась волками. В процессе проведения ритуалов аруахам/духам великих личностей тюркского социума, служивших на благо отечества, приносились жертвоприношения с целью обеспечения стабильности в обществе, клятвенные присяги приносили водой, выпивая ее, в качестве символа божества Жер-Су, которое было единым и неделимым.

В процессе проведения общественных мероприятий, связанных с погребальным обрядом в честь великих личностей социума проводились и традиционные игры. Участники игры кокпар, состоящие их

[*] Проф., докт., Евразийский национальный Университет им. Л. Н. Гумилева.
[**] К.и.н., с.н.с., Евразийский национальный Университет им. Л. Н. Гумилева.

двух команд всадников, в мировоззренческом контексте являющие собой два родовых клана, представителей отцовского и материнского клана. Объект борьбы между кланами – туша козла, в идеальном понимании представляла собой солнечный фарн/кут, обладание которым означало верховенство лидера над другим и могло наделить правом правления обществом. Потому победившая команда отвозила тушу козла к одному из лидеров, наделенного правом обладания родовым тотемом. Образ горного козла, являющийся солярным символом, тамгой кагана, о чем свидетельствуют его наличие на мемориальных памятниках тюркской элиты (стела Куль тегина), на культовых алтарях, наскальном искусстве, в идеологическом восприятии традиционного общества тюрков указывал на обладателя фарна, которым его наделил Тенгри.

Характерной особенностью традиционного мировоззрения тюркских народов, легших в основу духовной культуры казахов, является объективное отношение через субъективное восприятие окружающей среды обитания человека. Традиционный ритуал поклонения живой природе, сохранился в топонимической номенклатуре степей, гор, водных источников в форме их наименований: аулиеколь, аулие жер, кіндіктас, аулиеқора, аулие тал и др. Традиционные пословицы и поговорки тюркских народов и казахов до современности хранят имена животных и птиц, обозначенных в легендах и мифах как родовые тотемы. Персонифицированные персонажи – животные в эпических произведениях действуют наряду с эпическими героями. Описанные факты свидетельствуют о преемственности идеологических ценностей тюркских народов и казахов на протяжении тысячелетий.

Стержнем идеологии тюркских народов являлась вера в единство высших божеств тюркского пантеона Тенгри и Жер Су, пронизывавшая все сферы жизненной деятельности социумов. Традиционные игры тюркских народов, представляя собой часть интеллектуальной сферы деятельности людей, основаны на познавательном представлении об объективном содержании социальной структуры государства.

Объяснение кланового ранжирования в Тюркском государстве, дошедшее в форме традиционной игры қыз қуу также может быть произведено из истории общества. Содержание игры основано на участии в соревновании двух команд всадников, мужской и женской. Главным условием игры становится обладание друг другом. Победивший мужчина вправе забрать девушку себе, в противном случае, девушка наказывает побежденного ударами плетью по спине. Смысл противоборства кроется в далеком прошлом и отражает реальную историческую ситуацию, описанную в древних письменных источниках.

В связи с очевидными культурными параллелями между усунями и хунну, информативными по содержанию, являются мифологические сюжеты о происхождении этносов, сопровожденные образами тотемных животных. Согласно сведениям из китайских письменных источников Шаньюй хунну, своих двух дочерей, из-за их невиданной красоты решил посвятить Небу/Тенгри и поселил во дворце, построенном на вершине горы. Младшую дочь ночами посещал волк, живший в пещере у подножья горы. Дочь шаньюя решила, что это знак свыше (знак Тенгри) и вышла замуж за волка. Относительно происхождения народа тюрк, в указываемых сведениях сообщается, что согласно традиционным установлениям в Тюркском каганате престол мог занять только сын, рожденный от дочери гуннского шаньюя из рода ашидэ/рода дракона.

Легендарные предания, используемые в исследовании как один из видов исторических источников по истории усуней и хунну, дополняют информацию о раннем этапе этногенеза тюрков. Локальная приуроченность событий, описываемых в сюжетах легенд, к территории Центральной Азии и Тянь-Шаня является указанием на территорию, явившуюся прародиной тюркских народов.

Вероятно, в сохранившихся до современности традиционных играх кокпар, қыз қуу, все еще в мифологизированной форме, сохранились основные ценностные идеологические ориентиры социума тюркских номадов.

## 12

# ТАЛАС ӨРӨӨНҮНДӨГҮ "КӨК БӨРҮ" ОЮНУНУН ОЙНОЛУУ ӨЗГӨЧӨЛҮКТӨРҮ

**Моймол ЖУСУПОВА***

Азыркы күндө ар бир мамлекеттин жана улуттардын спорт чөйрөлөрүнүн өкүлдөрү бири-бири менен мелдешип, күч сынашып ойной турган салттуу спорт оюндары биздин саясий-социалдык, маданий тармагыбызга айланууда. Спорт оюндары аркылуу өлкөнүн аброюн, саясий-социалдык деңгээлин аныктоого мүмкүнчүлүк түзүлдү. Албетте, бул улуттук спорттук оюндар бүгүн эле пайда боло калган жок, алар буга чейин ар бир улуттун ичинде же улуттар арасында кай бир убактарда ар кайсы жерлерде салтанат, маараке учурунда ойнолуп келген. Ошол салттуу улуттук оюндар азыркы учурда эл аралык же дүйнөлүк деңгээлдеги спорт оюнунун түрүнө айланып отурат. Ошолордун арасында да кыргыз эли бар экени талашсыз чындык, кыргыз эли да байыртадан эле өзүнүн улуттук оюндарына ээ болуп, өздөрүнүн жашоолорунда ойноп келишкен жана ал оюндар бизге чейин сакталып жетти. Бул оюндар ата-бабаларыбыздын жашоосу менен тыгыз байланышта десек жаңылышпайбыз. Алсак, кыргыз элибиздин улуу баалуу мурасы болгон "Манас" эпосунун Көкөтөй ашында:

..."Баатырлар жүрөк салышып,
Балбандар билек алышып.
Чечендер сөздөн женишип,
Атка болгон чабандес,
Ат үстүндө эңишип,
Балбан күрөш, төө чечиш,
Көсөмдөр ойноп көл чечиш"... дегенинен эле кыргыз эли байыртадан эле улуттук оюндары бар экенин далил катары көрсөк болот (караңыз: "Манас". Т. 1. СО. 56)

Негизи эле кыргыз элинин улуттук оюндары адам баласын шамдагайлыкка, чыдамкайлыкка, максатка жетүүгө, ой жүгүртүүгө өбөлгө түзүп берген. Элибизде байыртадан каныбызга сиңип, азыркы мезгилге чейин сакталып келген ар кандай маанини билдирген улуттук оюндарыбыз көп. Алар: 1. Жоокерчиликке даярдоочу баатырдык мелдештер (жамбы атмай, эр сайыш, эр оодарыш, эр чабыш); 2. Мал чарбачылыкка байланыштуу спорттук мүнөздөгү ат оюндары жана мелдештер (ат чабыш, жорго салыш, көкбөрү, кыз куумай, тыйын эңмей, ат үстүндө ойноо); 3. Эркектердин кара күч мелдештери жана отуруп ойнолчу оюндары (күрөш, ордо, тогуз коргоол, упай, чатыраш); 4. Социалдык теңсиздикти билдирүүчү оюн-зооктор (төө чечмей, атала баш, өпкө чапмай, таз сүзүш ж. б.); 5. Жаштардын, балдардын кыймылдуу оюндары (ак чөлмөк, жоолук таштамай, чикит, чакан таш ж. б.); 6. Ырым-жырым, салт оюндары (тушоо кесүү, жар көрүү, кыз оюну ж. б.); 7. Мергенчилик кылуу (салбуурунга чыгуу, куш салуу, тайган агытуу, капкан салуу ж. б кирет (Кыргыздар, Т.1, 1991: 532)

Кыргыз эли - байыркы эл, ошондуктан өзүнүн көчмөн турмушунда көптөгөн элдер менен карым-катнашта болуп, жогорудагы оюндардын айрымдары жалпы көчмөндөр, чыгыш элинин арасында ойнолуп келген. Кийинчерээк, XIX кылымда, орус элдери Орто Азия өлкөлөрүнө келе баштаган учурунда алардын экономикасы жана маданияты өз таасирин тийгизбей койгон эмес.

Улак тартуу салттуу улуттук спорт түрү бардык эле тойлордо, шерине, жоролордо, майрамдарда, айттарда ойнолуп келген (Кыргыздар, Т.1, 1991: 362). Эгемендүүлүктү алгандан бери Улуттук көкбөрү (улак тартыш) оюну боюнча республикалык 1-чемпионат 1999-жылдын февраль – апрель айларында "Аккула" ат майданында болуп өткөн. Анын 18-февралда болуп өткөн финалдык таймашында "Энесай" командасынын оюнчусу Канат Өмүркулов, Сокулук районунун "Рассвет" командасынын улакчысы Мукамбет Койчукеевдер мыкты улакчы деп табылган. Ал эми 1998-жылдын мыкты оюнчулары катары Кубанычбек Изабаев (учурда "Талас" командасынын капитаны), Эмил Бөкөшев, Нурлан Барпиев, Нурсуланбек Бөкөнбаев, Сарпбек Керимкулов, Индусбек Бөкөнбаевдер аталган. Көкбөрүнүн жаңы эрежесин "Көк бөрү" федерациясы (президенти Болот Шерниязов) түзгөн.

Кыргыз Республикабыздын бардык облустарында улуттук оюндардын түрлөрү бар. Ар бир облус кыргыз элине тиешелү болгон улуттук -салттык оюндардын ар кандай түрлөрү менен айырмаланышат. Алсак, кут даарыган, Манас ата жердеген Талас облусунун эли көкбөрү (улак тартмай) оюну менен даңкталып келишет. Көкбөрү оюнунун тарыхына кайрылсак. Көкбөрү деген терминдин ар кандай ат алыштары бар, алсак, көк-бөрү, кук-буре, кек-берю (башк. күк бүре, кыргызча. көк-бөрү ( улак-тартыш ), алтайлыктар. кӧк-бӧрү, каз. көкпар) ж.б. (Кыдыралиев, 2010: 234).

* т.и.к., доц., Талас Мамлекеттик университети. Талас, Кыргызстан.




*Талас өрөөнүндө улак тартуунун эрежеси төмөндөгүчө.*

Алдын-ала атайын 12 оюнчудан турган команда түзүлөт. Белгилүү бир жерди тандап алыштат. 1 жаштан өйдө улак алып келинет. Оюнчулар улакты алып келип таштай турган азыркы термин менен айтканда "казан" болот.



Тай казан



"Казан" тууралуу Талас районунун Манас айылынын ардагери Жусупов Молдобектин (жашы 74тө, 50 жашка чейин өзү улакчы болгон) айтуусу боюнча мамлекетибиз эгемендүүлүктү алганга чейин улак тартууда казандын ордуна ыңгайлуу жерге атайын камчынын сабынан учуна чейинки орунду белгилеп коюшчу деп айтат. Эгерде улак таштоодо камчынын сабынан учуна чейинки белгиден ашып кетсе, улакты маарага ташталды деп эсептелбечү дейт (Информатор Жусупов Молдобек, 74 жашта).

Өткөн тарыхка кайрылсак, улакты “казанга” таштоочунун байгесин алдын-ала ырчы (азыркы мезгилде оюнду алып баруучу) жарыялап, ырдап кеткен. Ал эми учурда атайын калыстар тобу шайланат (өзгөчө улуу муундан тандалат). Алдын-ала байгеси жарыяланат (акчалай түрүндө). Улакты тартуу эрежесине кайрылсак, мурда төрт урук эл болсо ар бир уруктан экиден же үчтөн гана адам чыгып тартышкан. Ал эми бүгүнкү күндө атайын курама команда түзүлөт. Командага тандалма эң жакшы тарткан оюнчулар (12 оюнчу) кошулат. Команданын негизги катышуучуларынан тышкары кошумча оюнчулар да топтолот. Улак тарткан адамды улакчы деп атап коюшкан. Улак тартууда күлүк ат жана балбан же чабандеси, атка чыйрак, коркпой чапкан азаматтардан тандалган.





Оюн учурунда командадан биринен-бири өткөн оюнчулар өз жөндөмдүүлүгүн, ыкчамдыгын, тайбастыгын көрсөтүшөт. “Казанга” салган оюнчу-улакчыга жана командасына упай берилип турат.

Калыстар тобу чечкен убакытта “казанга” салынган упайдын негизинде жыйынтыкталып, жеңүүчүлөр табылып, байгелери берилет.

Талас облусундагы улуттук-салттуу оюндардын ичинен көкбөрү оюну калк арасына абдан кеңири тараган. Той, белгилүү инсандардын мааракелеринде сөзсүз түрдө көкбөрү оюну ойнолот. Талас облусунун эли көкбөрү оюнуна өтө шыктуу келишет. Ар жуманын ишемби күндөрүндө, той болбосо дагы өздөрүнүн уюштуруусу улак тартуу оюну өткөрүлүп турат. Ата-бабабыздын салтын улап, кыргыз эли ары кызыктуу, ары күч оюнун талап кылган улуттук оюнубуз болгон “көкбөрүнү” сактап, коом алмашып, убакыт, мезгил өтсө дагы муундан-муунга өткөрүп келишет. Бул улуттук оюнубузду калк арасында (Талас жергесинин эли) “улак тартыш”, “көкбөрү” деген ат менен атап жүрүшөт.

2013-2014-жж. аралыгында “Талас” деп аталып жүргөн “көкбөрүчүлөрдүн” курама командасы республикабыздагы алдыңкы командасына айланды. Демек, Талас элинин “улак тартуу” оюнуна ышкыбоз экенин, жогорку деңгээлде өздөштүрөөрүн байкасак болот. Алсак, “Талас” командасынын капитаны Кубаныч Исабаевдин Нооруз-2014 жылдагы кызуу жеңиштүү оюнунда берген маалыматы күбө: -“Оюндар абдан курч мүнөздө өттү. Бардык командалар күчөгөндөн күчөп, мыкты аттарды да даярдап башташкан. Былтыркы финалдык оюн да ушундай болгон, бирок анда биз «Кабыланга» уттуруп жибергенбиз. Быйылкысы, мына өзүңөр көргөндөй, 32 тишти кычырата чайнап, атаандаштан бир улак көбүрөөк таштап, жеңип алдык. Күйөрмандарга рахмат, бизди алдыга сүрөп, дем берип жатышты. Азыр кубанычыбыз коюнубузга батпай жаткан убак. [интернет булагы.www. kok boru]



Талас облусунда көкбөрү улуттук оюнга салымын кошуп келе жаткан инсандарыбызды баса белгилеп кетсек болот:

Көк-Бөрү: Рахманкулов Алишер, Алыбаев Али (Манас району, Кара- Арча айылы), Торубаев Карачай, Барпиев Нурлан, Асанов Равшан (Кара-Буура району, Бакайыр айылы), Маткеев Садык (Кара-Буура району. Бейшеке айылы), Эшинов Манас (Кара-Буура району, Чоң Кара-Буура айылы), Кыбыраев Улан (Талас району, Арашан айылы), Шерипбеков Урмат (Талас району, Кызыл-Туу айылы), Нураков Эсенкул (Талас району, Арашан айылы), Чиркеев Кубаныч (Талас району, Калба айылы), Анарбаев Нургазы (Бакай-Ата району, Кыргызстан айылы), Эшиев Карыпбек, Бешкемпиров Бакыт (Кара-Буура району ), Кабылбеков Тынчтык (Талас району, Көк-Кашат айылы), Майтыков Максат (Талас району, Манас айылы), Орозбаев Жолдошбек (Талас району, Кара-Суу айылы). Ал эми айыл жеринен алсак, Талас районундагы Манас айылынан чыккан көкбөрүчүлөр: Жусупов Рыскелди, Молдобеков Бекболсун ж.б. атап кетсек болот.

Ар жылы улуттук көкбөрү оюнун ары кызыктуу, ары чыңалуу менен өтүп жатканын Улуттук оюндарды өнүктүрүү борборунун директору Алмаз Касенов баса белгилейт. Улуттук оюндарга элдин кызыгуусунун артканы элдин майданга батпай калгандыгына басым жасайт. Дүйнө элин таң калтырган көк бөрү боюнча мелдештерди дагы көбүрөөк уюштурганга аракет жасалып жатканын сыймыктануу менен белгилейт. Убакыттын өтүшү менен 1920-жылы Бишкекте комсомолдордун демилгеси менен “Олимп”; аттуу спорт клубу түзүлүп, ага гимнастика, оордукту көтөрүү, жеңил атлетика, күрөш сыяктуу ийримдер кирген. Бул өлкөбүздүн спорт дүйнөсүндөгү расмий түрдө ачылган биринчи мекеме болгон. 1925-жылы чын куран айынын сегизинде Кара кыргыз автономиялуу облусунда спорт боюнча облустук кеңеш түзүлүп, ага бардык болуштук, аймактык кеңештер караган. Албетте, бул учурда дүйнө боюнча деле биринчи расмий эл аралык, дүйнөлүк спорт федерациялары, мекемелери ачыла баштаган. 1987-жылы профсоюздук спорт коомунун республикалык кеңеши түзүлгөн. 1991-жылы Кыргызстан эгемендүү өлкө болгондо Улуттук олимпия комитети уюшулган. 1992-жылы олимпия оюндарына Кыргыз Республикасы КМШ өлкөлөрүнүн атынан катышкан болсо, 1996-жылы Атлантада (АКШ) өткөн олимпия оюндарына 33 спортчу биринчи жолу өз өлкөсүнүн атынан олимпия оюндарына катышкан. Мындан тышкары, биздин республика Азия оюндарына, Азия биринчиликтерине, эл аралык мелдештерге, Борбордук Азия оюндарына да жигердүү катышып келет. Бул мелдештердин баарында түпкү теги улуттук оюн болгон спорттун түрлөрү ойнолот. Биздин улуттук оюндарыбыз да социалдык жана адамды акыл-эс, аң-сезим жагынан өстүрөрү талашсыз чындык. Бирок биздин улуттук оюндар мамлекетибизден тышкары ойнолбойт. Болгону 1995-жылы “Манас-1000”; “Ош-3000”; маарекелеринде ойнолуп, эл аралык коомчулукка таанылгандай болду эле. Жакында эле Гуанчжоудо өткөн Азия оюндарында да түштүк-чыгыш элдеринин улуттук оюндары басымдуулук кылганына күбө болдук. Буга чейин өлкөбүздө федерациялары түзүлгөн көкбөрү, тогуз коргоол, кыргыз күрөшү сыяктуу оюндар Азия оюндарынын программасына кирүүгө толук укуктуу болчу. Биздин тогуз коргоол, көкбөрү, ат чабыш, кыргыз күрөшү деген оюндарыбыз эл аралык деңгээлде он бешке жакын мамлекеттин ортосунда ойнолот. Бул оюндарды Азия оюндарынын тизмесине киргизүү үчүн, Азия спорт комитетинин жетекчилиги бул оюндарды канча адам ойной турганына эле басым жасай бербестен, канча мамлекетте ойноло турганына да көңүл бурса эп болмок. Биз жогоруда байыртадан бери атадан-балага, муундан-муунга өтүп, ойлонуп келе жаткан кыргыз элибиздин анын ичинен Талас облусунун негизги улуттук оюндарынын бири болгон көкбөрү оюну кийинки муундарга тарбиялык мааниси чоң десек жаңылышпайбыз.

**Адабияттар**

КЫРГЫЗДАР. I том, - Бишкек, 1993. Түзүүчү К. Жусупов, 532-бет

КЫДЫРАЛИЕВ К. Этнопедагогика-улуттук нуктагы таанып-билүүнү жана тарбиялоонун булагы, - Бишкек, 2010. 234-бет.

КЫРГЫЗДАР. I том, -Бишкек,1993. Түзүүчү К. Жусупов, 362-бет

Информатор ЖУСУПОВ МОЛДОБЕК. Талас району, Манас айылы, 74 жашта.

Интернет булагы. Википедия сайты. Көкбөрү. www. kok boru

13

# КӨЧМӨНДӨРДҮН САЛТТУУ ОЮНДАРЫНЫН БАЛДАРДЫ СОЦИАЛДАШТЫРУУЧУ ФУНКЦИЯЛАРЫ

**Акматали АЛИМБЕКОВ***

Инсанды социалдаштыруу өтө татаал процесс. Ал жеке пендени тегерегиндеги социалдык чөйрө менен активдүү алака катышта болуу аркылуу ошол чөйрөдө калыптанган тажрыйбаларды жана кабыл алынган ырасым-жөрөлгөлөрдү өзүнүн жүрүм-туруму менен жорук-жосунунда кайра жаратуу менен шартталат. Ар кандай адам, айрыкча бала кезинен улан болуп эр жетилгенге чейин, социалдаштыруунун обьекти болуп эсептелет. Ушундан улам көчмөн кыргыздар инсанды социалдаштыруунун, эл катарына кошуунун баштапкы базистик же бала чактагы этабы ар тараптуу жана мазмундуу болушуна өзгөчө маани беришкен. Муну *«Көргөн көргөнүн кылат, көсөө түрткөнүн кылат»* деген эл макалы да таасын ырастап турат. Көчмөндөрдүн салттуу педагогикалык маданиятында балдарды социалдаштырууда башка факторлор менен бирдикте ата-эне менен бир түндүк алдында өткөн күндөлүк турмуш, айлана-чөйрөдөгү адамдардын кылган-эткенин тууроо, теңтуштар арасындагы оюн башкы мааниге ээ болгон.

Салттуу оюндарда тигил же бул улуттун бүткүл тарыхый өнүгүшү аркылуу өздөштүргөн, топтоп, муундан муунга өткөрүп келе жаткан түптүү түшүнүктөрү, баалуулуктары, ишенимдери, традициялары, жорук–жосун нормалары жана эрежелери синтезделген. Элдик оюндардын социалдык – педагогикалык вазийпасы бала тарабынан конкреттүү социалдык топко таандык руханий – маданий баалуулуктарды, нормаларды өздөштүрүү, инсан катары жетилүү, теңтуштар жана улуулар коллективинин толук кандуу мүчөсү катары калыптандыруу сыяктуу көп кырдуу социалдык максат, милдеттер менен түшүндүрүлөт. Оюн аркылуу балдардын этникалык жактан өзүн өзү идентификациялоосу ишке ашат. Балдар ойноп жатып этникалык маданият чөйрөсү, улуулардын турмуштук эреже-салттары менен камыр-жумур аралашып, жуурулушуп кетет. Ошентип, оюн тарыхый жактан калыптанган улуттук аң-сезимди өздөштүрүүнүн каражатына айланат. Көптөгөн элдик оюндарда турмуштук тажрыйбаларды улуулардан кичүүлөргө өткөрүп берүү кырдаалдары моделдештирилген. Оюндун шарттарын аткаруу аркылуу балдарды тарбиялоонун өтө олуттуу маселелери жүзөгө ашат. Элдик оюндардын мазмунунда этностун үрп-адат, салттары жыш орун алган. Балдар оюндарында этномаданий баалуулуктар чоңдордун турмушуна караганда бай жана нукура түп калыбында сакталган. Ошондуктан элдик оюндарды кыргыздардын жашоо образын, турмуш–тиричилигин, эмгек ишмердүүлүгү, абийир, намыс жөнүндөгү түшүнүктөрү, эр жүрөктүүлүгү, кайраттуулугу, чыдамкайлыгы, шайыр-шайдооттугу, чапчаңдыгы, тапкычтыгы, айлаамалдуулугу, эркиндикке, жеңишке умтулуусунун улам кийинки муундарда кайра жаралышын, ар бир урпакты улуулардын катарына кошулушун, коомдун татыктуу мүчөсү катары калыптанышын камсыз кылуучу этномаданий социалдаштыруунун эң күчтүү жана таасирдүү мектеби катары кароого болот.

Кыргыздарда оюн социалдаштыруунун каражаты катары балдар турмушунун бешиктеги кезинен эр жеткенге чейинки бардык курактык мезгилдерин ичине алат. Балдар жерден боорун көтөрүп, таанымдык тажрыйбасы түптөлө баштаганда бул жарык дүйнөдө ата-энесинен жана бир туугандарынан да башка теңтуштар тобу болоорун түшүнө баштайт. Балдарды теңтуштар тобунун кадыресе мүчөсү катары анын эрежелерин сактоого көнүгө башташы анын үй-бүлөсүнөн тышкары мейкиндиктеги коом мүчөсү катары калыптанышында чечүүчү фактор болгон. Анткени, «балдар чөйрөсүнүн» улуулардан айрымалуу өзүнүн маданий салттары, мыйзамдары, «адептик кодекси», «билимдер дүйнөсү» кайталангыс искусствосу, өз ара тарбиялоо мектеби болгон. Булардын баары оюн аркылуу ортого чыккан, оюндардын мазмунунда сакталган. Алардын баарына балдар оюнга катышуу аркылуу сөз жүзүндө эмес, баштан кечирүү тажрыйбасы аркылуу ээ болгон. Арийне, көчмөн кыргыздарда балдарды көп кырдуу кишилик сапаттарын өнүктүрүүгө өбөлгө болуучу оюндун түрлөрү арбын. Азыркы илимий адабияттарда оюндарды спорттун тигил же бул түрүнө карай классификациялоо тажрыйбалары бар. Мындай аракеттин бири педагог – изилдөөчү Х. П. Анаркуловдун «Кыргыз эл оюндары» (Анаркулов, 1991: 192). аттуу эмгегинде колго алынган. Балдар оюндары инсандын коом мүчөсү катары кеңири масштабдагы сапаттарын калыптандыруу максатын көзөмөл туткандыктан ошончолук көп кырдуу, көп түрдүү болгон. Балдарды социалдаштыруу аспектинен алганда көчмөн кыргыздардын балдар чөйрөсүндө таралган оюндарын жалпысынан шарттуу түрдө төмөнкүдөй түрлөргө ажыратып кароого болот:

1. Балдарды кыймылга, ысык-суукка бышырып, ден-соолугун чыңдоого, сүйлөө речин өнүктүрүүгө, өз чөйрөсүн таанып, баарлашуу тажрыйбасын таанытууга багытталган оюндар.
2. Жоокерликке, мекенчилдикке тарбиялоочу оюндар.

* Проф., докт., Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин педагогика бөлүмүнүн башчысы, Бишкек, Кыргызстан.

3. Эмгекке тарбиялоого багытталган оюндар.
4. Элдик салттарды сактоочу, алып жүрүүчү, өнүктүрүүчү урпактарды тарбиялоочу оюндар.

Алибетте, бул балдар оюндарынын социалдаштыруучу функциясын ачып көрсөтүү зарылдыгынан улам пайда болгон шарттуу классификация. Анткени, элдик оюндарда инсанды социалдаштыруунун жогоркудай максаттары жалкы коюлбайт, ар бир оюнда кыймылга, кеп маданиятына, ата салтка, мекенчилдикке, мээнет кылып жашоого тарбиялоо идеялары интегративдик мүнөздө учурайт. М: «Ак терек, көк терек» деген оюнда балдар экиге бөлүнүп, эки топ бири-биринен алыс аралыкта кол кармашып турушат да анан «Ак терек, көк терек, бизден сизге ким керек?» – деп каршысындагы топко суроо бергенде, алар чогуусу менен «Ак терек, көк терек, силерден бизге баланча керек» – деп, бир баланы же кызды чакырышат. Ал эми оюндун шарты боюнча чакырылган бала каршы тарапка барууга милдеттүү. Ал бала күү менен катуу чуркап келип, кол кармашып тургандардын бир жеринен бөлүп өтсө, аларды өз тарабына алып келет, алар (бирөө же экөө) ошол топко кошулуп, дагы кол кармашып турушат. Ал эми бөлө албаса өзү ошол тарапка кошулат. Бул оюн ушул ыр менен улам кезек менен топтор сурап улана берет. Бул оюндун сюжетинен ачык байкалгандай, мында балдарды ырдын ыргагына карай шамдагай чуркоого, ар-намыстуулук үчүн күрөшкө, көпчүлүк менен камыр-жумур биримдикте болууга тарбиялоо максаттары көзөмөл тутулат.

Көчмөндөр психолог, болгондо да ченемсиз чебер психолог болгондуктан балдардын кыймылга болгон каалоо-талабы эрте ойгонорун таасын туя билишкен. Ошондуктан бешикте жаткан мезгилинде эле колу чечилүү кезде кармалап ойноп турушу үчүн оюнчуктарды илип коюшкан. Социалдаштыруунун өзгөчөлүктөрүнө ылайык кыз балдардын бешигине көз мончок, уул балдардын бешигине тизмектелген чүкөлөрдү асышкан. Коштолуп айтылган ырдын маани-маңызы да, аткарылуучу кыймыл да балдардын курактык өнүгүшүнүн өзгөчөлүктөрүнө, дүйнө таанымынын даражасына жараша улам татаалдашып олтурган. Бала бешиктен кийин сөздүн маанисин анча–мынча түшүнө баштаган мезгилде эркелетүү мүнөзүндөгү «Сал, сал билек» ырларынын коштоосу менен баланын колу-бутун алмак-салмак алаканга салып эркелетип, кыймылдуу көнүгүүлөрдү жасата башташкан. Айрым ата-энелер баланы бир алаканына отургузуп, экинчи колу менен наристенин көкүрөгүнөн сүйөй кармап өйдө-ылдый, артка-алдыга, оңго-солго күүлөйт. Баланын адаттан тыш көнүгүүлөргө чочубай, коркпой көнүп кетиши үчүн бул процесс ата-эненин жүрөгүнүн түпкүрүнөн чыккан төмөнкүдөй ырлар менен коштолуп айтылган:

| | |
|---|---|
| Кана, кана шумкар, | Кана, кана тоо, |
| Кана, кана тулпар, | Кана, кана зоо, |
| Мына, мына сызды, | Мына, мына атаң, |
| Мына, мына тызды. | Мына, мына энең. |

(Балдар фольклору, 1998: 46)

Бул бала менен чоңдор ортосундагы өз ара оюн формасындагы мамиленин өзгөчө формасы. Күн сайын кайталанган мындай педагогикалык акт аркылуу балада көчмөн коомдун ар бир мүчөсүнөн талап этилүүчү коркпостук, эр жүрөктүүлүк сапаттары гана түптөлбөстөн бала менен ата-эне ортосундагы табигый жакындык туюму калыптана баштаган.

Көчмөн турмуштун талаптарына ылайык балдарды кыймылга машыктыруунун жумшак маанайдагы формалары менен бирдикте өтө катаал ыкмалары да барабар өнүккөн. Буга байланыштуу Аалы Токомбаевдин «Таң алдында» романындагы мындай бир көрүнүш өзгөчө көңүл бурууга арзыйт. Жашыл майсаңда боз үйлөр. Көз ачырбай нөшөр төгүүдө. Ошондо бир келин бешиктен баласын чечип алат да, эшиктин оозуна келип, шатырата төккөн жамгырга кармайт. Муну атайы иштейт. Андан башка да 3-4 балдарды жылаңачтап, нөшөрдү аралата боз үйдөн боз үйгө атайы татырактатып чуркатышкан. Ушунун баарында баланы ысык-суука көнүктүрүү, денесин бышыктыруу тарбиясы бар.

Экинчиден, «жамгыр асмандан жаап атат, бул да теңир кудурети, анын баланын тулкусуна чаба жаашы жакшылык гана алып келет» деген да түшүнүк жашаган. Анткени бала эсейген соң нечен жамгырларга туш болоору бышык. Ошондо анда «суу болдум, эми ооруп каламго» деген арсарсуу болбогон. Кайра «Теңирдин күнү сууну кургатат» деп камырабаган (Исаков, Чоюнбаев, 2008: 121).

Балдардын наристе кезине таандык оюндардын көпчүлүгүндө таанымдык, эмоционалдык, жүрүм-турумдук элементтер түгөл камтылган.

Алсак, бешикте көпкө жаткан баланын денисине кан жүгүртүү, кол манжаларын ачып-жумуп, өз алдынча кыймылга келтирүү, укалоо мүнөзүндөгү оюндар да баланын көңүлүн сергитүүчү төмөнкүдөй тамашалуу ырлар менен коштолгон

Ортон оймок
Оюу чөбөк.
Кичине бөбөк.
Баш бармак - башта,
Сөөмөй - көрсөт.
Ортон - мерген

Аты жок - чечен
Чыпалак - бөбөк.
Баш бармак сен малга бар,
Бадал тырмак отун ал.
Ортон оймок от жак,
Оюу чөбөк казан ас.
Кичине бөбөк тамак же.
(Балдар фольклору, 1998:74)

Бул дене бойду таануу боюнча реалдуу билимдерден анча айрымаланбаган ырлар аркылуу ата-энелер балдардын кыймылына эмоционалдык фон берүү менен гана чектелбестен, алардын өзүнүн ар бир мүчөсүнүн аткарган милдетин тамаша, шаң менен тааныттууга астыртан аракет жасаган. Бала телчиккен сайын бул оюн ырларынын социалдык–педагогикалык маңызы арта баштаган. Бул оюн менен коштолгон таанымдык мүнөздөгү ыр аркылуу бала бир нерсе менен алек болгон зат гана оң бааланып, сүймөнчүккө ээ болоорун, ал эми эч нерсе аткарбаган чыйп чыпалак сыяктуулар *«арам тамак, же чычайган кысталак»* деген нараазылык жаратып наалатка калаары эскертилет. Эл ичинде «Тай бөбөк», «Каз каз», «Тай күлүк» деген аталыштагы оюн жок. Бирок, баланын алгачкы кадам шилтешине байланыштуу оюн-зоок формасындагы социалдаштыруу салты бар. Тай бөбөк оюн-зоогу баланын алгачкы кадам шилтеп баса баштаганына байланыштуу тойдо өткөрүлөт. Ал аркылуу алгач ирет бала көпчүлүк катышкан салтанаттын борборунда болот, бейтааныштыгына карабай өзүн колунан жетелеп колунан бастырган адамдарга карата жылуу мамилеси жаралат, чоң кишилер менен аралашып, мамиле түзө баштайт.

Балдар чоңойо баштаган сайын балдарды кыймылга көнүктүрүрүп-бышыруунун ар кандай айла-амалдарын баштан кечиришкен. Көчмөн кыргыздар балдарын атка минүүгө өтө эртелеп үйрөтүшкөн. Үч–төрт жашар баланы тапатак көтөрүп, кунанга олтургузуп ат үстүндө жүрөгүн эртелеп токтотууга аракет жасашкан. Жаш баланын кунанга миниши жигит болууга машыктыруунун алгачкы акты катары өзгөчө салтанаттуу окуя болгон. Атка минүүнү эрте үйрөнгөн бала өзүн чоңдордун катарына кошулгандай сезген, жер кыдырып эл таануусу да эрте башталган. Балдарды дене-күч жактан тарбиялоонун программасына ылайык алар жети жашка чыкканда «*ат жалын тартып минүү*» тажрыйбасына ээ болуш керек болгон. Бул кунан-тайга минген курактан айрымаланат. Бул курактан тарта балдар өз алдынча минип, жылкы багууга, ат үстүндө уктоого машыга башташкан. Жаш баланын жети жашынан ат минип, жылкы багууга атайы жиберилиши, аны ысык-суука, ачка–токко машыктырып тарбиялоонун эң кайтарымдуу методу болгон. Жылкыга карышкыр же каракчы тийсе да аттан айрылбаш керек болгон. Эл «Жылкыга жылкынын туягынан катуу уул жарайт» – дешип, бала эрен болуп жетилиши үчүн эчендеген катаал сыноолордон өтүшү шарт болгон. Аларга туруштук бере албаган балдарды «тегин тартпаптыр», «борпоң болуп калыптыр», «аяк бошотоор» болуп калышы мүмкүн деп, аларды тарбиялап жетилдирүүгө өзгөчө мамиле жасай баштакшан.

Балдар 8-10 жашка чыккандан ат үстүндө кадимкидей ойноп ат чабыштарга, байгелерге катышышышкан. «Эч нерсеге жөндөмсүз, жеткен олдоксон жигит ат мингенде таптакыр башкача болуп кетет, ал тескерисинче өтө тыкан тартып, өзүн ат үстүндө өтө ишенимдүү кармайт» – деп жазат К. К. Казанский (Казанский, 1892: 45)

Ат чабыштар узундугу 7 ден 30 чакырымга чейинки аралыкта өткөрүлгөн. Мындай учурда минген күлүктөрү өтө күчтүү болуп, ат чапкан балдардан чыдымдуулук, жакшы даярдыкта болуу, шамдагайлык жана ат чабууну жакшы билгендиги талап кылынган. Кыргыз эл оюндарын изилдөөчү Г. Н. Симаков байгенин бир нече түрүн атап көрсөткөн: ат чабыш – үч жашка чейинки тайларды чабыш (тай чабыш); төрт жаштагы кунандарды чабыш (кунан чабыш); ат чабыш – чоң аттар менен бир нече байгелерди чабышат (Симаков, 1984: 88).

Чын-чынына келгенде мындай ат чабыштар байгеге коюлган атты гана сыноо эмес, ошол атты чапкан баланы да сыноонун эң ишенимдүү формасы болгон. Алсак, «Манас» үчилтигинде Семетейдин Тайторуну минип ат чабышка катышышы эрешен тарткан эр болуп жетилишин сыноонун финалы катары каралат.

Ат чабуу өнөрү жалгыз эле уул балдарга эле эмес кыз балдарга да тандык өнөр деп айтууга болот. Көчмөн турмуштун катаал шарттары коомдун бардык мүчөлөрүн, анын ичинде кыз балдардын да ат үстүндө ыңгайлашып өсүшүн талап эткен. Алардын ат үстүндө чабандестик өнөрдү эркек балдар менен бирге теңтайлаш өздөштүргөнүн сыноо салтын «Кыз куумай» оюнунан көрүүгө болот. Бул ат чабыш жарышка бойго жеткен жигиттер менен кыздар ошондой эле, спорт курагындагы бардык адамдар катыша алышкан. В. И. Кушелевский бул оюнду төмөндөгүдөй кылып сүрөттөп жазган: «Кыздар кээде ат чабууга чыгышып жаш кыргыз жигити менен мелдешке түшүшөт. Анан калса, жигит ат үстүндөгү кызды кууп жетсе, аны өпкөнгө укугу болот. Бирок бул өбүү жигит үчүн өтө кымбатка турат. Анткени тоолук кыздар камчыны өтө чебер пайдалана билишет. Ошондуктан, кызды өбөрдөн мурда ар бир жигит алгач, ден ачыштырган бир нече камчы жейт» (Коомдук илимдер журналы, 2001, 14: 123). Этнографиялык

маалыматтар боюнча кыргыздарда «Жөө жарыш» да болгон. Оюн шартына ылайык жөө чабышка катышып байге алууну каалаган жети же тогуз киши төрт-беш чакырым аралыкка атайын байкоочулардын көзөмөлүндө койо берилет. Алардын ар бири өзүнүн шамдагайлыгын, көкүрөгү тазалыгын көрсөтүү үчүн жекече күрөшөт. Марага биринчи жеткени байгеге ээ болот.

Балдарды так сүйлөөгө, оор сөздөрдү ачык, туура колдонууга жатыктырууда башка каражаттар менен бирдикте оюндар да олуттуу функцияны аткарган. Алсак, жаңылмач формасындагы оюндар баштан аяк тыбыштардын жаңылтып жандандыруусу аркылуу кызыктуу келип, балдарды өзүнө тартып алат. Оюн эрежеси боюнча кезектеги оюнчу бир же бир канча сүйлөмдү сүйлөп, отурган оюнчулардан кайталап айтып берүүсүн талап кылат

Сары калем
Сары күзгү
Сары челекти
Сары кызды
Саргайтса Саргайбайбы
Саргайгандар
Саргайса да
Саргайбагандар чарыгып
Саргайбайлы.
Сары уйларды саанга байлап
Сары майларыш саап алып
Саанга айдайлы.
(Балдар фольклору, 1998: 71)

«Р» тыбышынын «И» тыбышынын сөз арасында кыстарылып калышы же, тескерисинче, балдардын тили келбей такалып турушу, алардын жарпын жазып, жайдары оюн тамашанын негизин түзөт. Ыр саптарында ассонанс менен диссонанстар ушунчалык жыш келгендиктен сөздөрдү туура, таап сүйлөп, айтылгандары канчалык оор, татаал сезилип жатканына карабай көркөм, кооз угулат, балдардын тилин жана сөз байлыгын байыта берет. Балдардын сөз байлыгы менен биргеликте алардын акыл дараметин, таанымдык тажрыйбаларын өнүктүрүүгө багытталган оюндар да кеңири жайылган. Буларга «Утушуу», «Упай», «Киште», «Тогуз коргоол», «Чатыраш», «Уюм тууду», «Топ таш», «Тап-тап кара куш, таба албасаң отко түш», «Топур-топур кайра кач, таба албасаң кайра кач», «Учту, учту» ж.б.у.с. табышмак айтышуу, акыл таймашуу мүнөзүндөгү оюндар кирет. Алсак, «Учту, учту» оюнунда ортого чыккан бала колун өйдө-ылдый кылып, учууга жөндөмү бар канаттууну «учту, учту» деп айтканда калган оюнчулар да, «учту, учту» деп колдорун өйдө көтөрүшөт. Андан соң ортодогу бала улам башка учпаган кушту айтып, оюнчуларды жаңылтууга аракеттенет. Учпаган кушту айтканда колдорун көтөрүшкөн оюнчулар жыгылыштуу болуп оюндан чыгат. Ошентип, бул оюн балдарды сезимталдыкка, сергектикке, тапкычтыкка үйрөтөт. Ал эми «Упай», «Киште», «Тогуз коргоол», «Чатыраш» оюндары балдардан кадыресе математикалык ой жүгүртүүнү, зиректикти талап кылат. Эгерде бул оюндардын байыртан эле балдар арасындагы популярдуулукка ээ экенин эске алсак, анда математикалык билимдер да балдар арасында байыртан кеңири маалым болгондугун атайын белгилөө зарыл.

Көчмөн турмуш эркек аттуунун баарынын жаштайынан эл-жерин коргоого, жоокерлик өнөргө маш өсүшүн талап эткен. Ошондон улам уул балдарды эл-журтун коргоого моралдык–психологиялык жана практикалык жактан даярдоого байланышкан оюндар басымдуулук кылган. Балдар оюндарында кичинекей кезинен баштап эле согуштук өнөргө байланыштуу элементтер орун ала баштаган. Көчмөн кыргыздардын балдары бооу жерден көтөрүлөөр замат эле чоңдордон көргөн-билгендеринин негизинде тал чыбыктан жаа, жыгачтан кылыч жасап алышып согуштук өнөрдүн айрым жөрөлгөлөрүн оюн формасында туурап, кайталоого адат алышкан. Бул тарыхый–педагогикалык практика жөнүндө «Манас» эпосунда төмөнкүчө айтылат.

Он экисинде ок аткан,
Он үчүндө найза кармап, жоо сайган,
Он төртүнө келгенде,
Орчун журтка баш болгон (Манас. инв. № 5187: 27)

Даанышман элдик педагогдор Манасты жети жашынан баштап «улуттук таалим-тарбия мектебинин» мейкиндигинде жетилдиришкен. Тестиер Манас айылынан өзү теңдүү кырк баланы жыйнап алып, аларды эки топко бөлүп, кадимки беттешүү – кагылыш оюндарын ойлоп таап, аларды согуш оюндарына чейин өнүктүрүшөт. Булар аркылуу согуш оюндарына бала кезден көнүгүп, Ата Журтту коргоого жаштайынан эле өздөрүн өздөрү тарбиялап жетилтүү максаты коюлган. Манас-бала ошол оюн процессинде да өзү теңдүү балдардан айырмаланып турат, шок өсөт. Кулк-мүнөзү, баам-парасаты, бүт тулкусунан бери өзгөчөлөнөт, чулусунан толуп, кара күчү ашат.

Маселенин түпкү маанисин даанышман, көсөм карыя Акбалта оңго жоруп, «бала болсо шок болсун, тентек бала оңолот, өлбөсө бир күн журт коргойт, белге таңуу уул ушул» деп, Манас-баланын келечегин жазбай таанып. Ошентип, Эл күткөн бала–баатырдын оюн дүйнөсү менен баамдап-туюу сезими улам барган сайын курчуп, системалуу өнүгүү жолуна түшөт. Эгер мурда тестиер Манас өз айылынын гана балдарын согуш оюндарына машыктырса, эми беттешүүгө башка айылдын, башка уруунун балдарын чыкырып, атасы Жакып издеп тапкыс алыскы талаага барып алып, аркыл мазмундагы кыймылдуу, беттешүү аркылуу күч сынашуу оюндарын уюштурат, баатырлык эреже-салттарга даярдоону көзөмөл туткан бул согуш оюндарынын мазмуну менен ыкмаларын күн санап кеңейте берет. Мындай согуш оюнуна машыгуулардын натыйжасы аш-тойлордо көпчүлүктүн сынына коюлган. Балдардын согуш оюнуна маштыгы ошол журттун коопсуздугунун барометри катары каралган. Ошондуктан илгерки убактарда аш-тойлорго ар бир журт башчысы өзүнүн күч кубатын башкаларга көрсөтүү үчүн беттешүү оюндарына өнөргө бышып жетилген жаштардан кол курап келишкен. Маселен Көкөтөйдүн ашына башкаларга сес көрсөтүш үчүн Манас баштаган кырк чоро, кыркы бирдей ак боз ат минип, жандарына жарак тагынып, Тазбайматтын көккө ыргытылган тебетейин кыркы бирдей атышып, аш өтүп жаткан айылга өзгөчө сүр менен шаңдуу келиши көбүнүн үшүн алат. «Манас» эпосу маданияттын көптөгөн салаалары үчүн салттуулуктун башаты катары кызмат кылган деген пикир бар. Буга бала баатыр Манасты тарбиялоо салттарынын көчмөн кыргыздардын турмушунда туруктуу өнүгүп келгендиги таасын мисал боло алат. Бул жөнүндө тарыхчы Белек Солтоноев: «Жылкычылар ак кар, көк музда кыраңга жолум үй тигип алып, бири Манас, бири Алмамбет, бир канчасы кырк чоро, калганы Коңурбай, Жолой, көп кытай болуп, эки айрылыш согушканын нечен көрдүм» – деп жазган (Солтоноев, 1993: 114).

Ырасында эле, жоокер оюндары балдарды баатырдык салтка тарбиялоонун эң негизги мектеби болгон. Ошондон улам анын башка оюндарга салыштырмалуу программалык талаптары айкын жана катаал болгон. Даанышман таалимчилер эң обол баатырлыктын салты, наркы жөнүндөгү «Эр киши», «Эр жигит», «Эр алп» деген түшүнүктөрдүн маани-маңызын аңдатууга аракет кылышкан. Элдик мурастарга ылайык «Эр алп», «Эр киши» – бул уул балдардагы баатырлык кайраттуулуктун жана коомчул нарк-сезиминин, өнөр-билим, тажрыйбанын жетилгендиги. Түрк элдеринин байыркы салттарына эрдик көрсөтмөйүн, уул балдарга алп, эр жигит статусу, ошондой эле ысым ыйгарылган эмес. Буга байланыштуу «Коркут ата китебинде» мындай диалог кездешет. Казанбек уулу Ороздунун он алты жашка чыкканча аты жок жүргөндүгүнө аябай капа болгондо, Орозду атасына: «Ата, дөөдөй чоңойдуң, тайлагыңдай акылың жокпу? Тоодой чоңойдун, таруудай акылың жокпу, Өнөрдү атадан бала үйрөнөбү, же баладан ата үйрөнөбү? Качан сиз мага капырлардын чек арасын көрсөттүңүз? Качан кылыч карматып, баш кестирдиңиз, мен сизден үйрөнө турган эч нерсе көргөн жокмун» – деп капа болот.

Чындыгында эле көчмөндөрдө баатырлар атайын тажрыйбасы мол адамдардын колунан таалим алып жетилишкен. Алсак, Манас баатыр катары Акбалта, Ошпурлардын көзөмөлүндө жетилген. Ал эми тарыхый инсан Эр Солтоной кыргыз баатырлары Ныяздан, Жалаңнайзадан сабак алып эрдик өнөргө, балбандыкка машыккан. Ал эми өзү Анжыяндын Коргон-Конуш деген жеринде Бердике, Атаке, Итим, Момокон баатырлага аскер үйрөткөнү сүрөттөлөт. Коомдук педагогикалык талаптарга ылайык «Жоокер» оюндарына социалдык абалына карабай бардык жаштар тең укукта бирдей катышкан. Мындай маанилүү социалдык сыноолордон жалтанып, өзүн окчун туткан жаштар «ашкеби», «суу жүрөк», «араңжан» деген атка конуп, коом тарабынан келекеге алынган. Мындайлар жолбун үйдү багып, отун алып, от жагып, таш кордо белендеп, аш-тамак бышырып калышкан. Эркек балдар үчүн мындан өткөн оор жаза жана кемсинтүү болгон эмес. Мындай оор жазаны көтөрө албаган намыстуу уландар уятына чыдабай өзүн өзү чокмор менен башка уруп жанын кыйганга чейин барышкан.

Салттуу оюндардын социалдаштыруучу функциялары жөнүндө сөз кылып жатып мындагы эң башкы роль оюн эрежелерине таандык экендигин баса белгилебей коюуга болбойт. Чындыгында эле оюндун эрежеси өтө катаал келип, аны бузгандар тийиштүү жазасын албай коюшкан эмес. Улуулар балдардын чыдамкайлыгын, туруктуулугун, акыйкаттыгын оюн процессинде баамдап байкашкан, башкача айтканда бала инсан катары оюн процесси аркылуу таанылган. Ушуга байланыштуу Т. Касымбековдун «Келкел» романында Курманжан датканын небереси менен төмөнкүдөй диалогу кездешет

«– Оюн эрежеси баарыга тең. Муну билесинби, Азиз?

– Билем.

– А түзүк! Үстөмдүк көрсөтпө, кычымдык кылба, оюн тартибин башкалардан да сен бекем сактап ойно, а бирөө бузса дароо как. Ушул бала күнүндө оюн тартибин сактабаган кийин эрезеге жеткенде адилеттик дегенди сезбей, ал үчүн аттап өтпөй турган бир дагы кыйын босого жоктой болуп, ээнбаш, бейбаш өсүп калат. А кычымдык карөзгөй кылат. Бар, этият бол» - дейт. (Касымбеков, 1985: 376)

Жазуучу мында балдар оюнунун социалдаштыруучу функциясы туралуу кылымдап калыптанган салттуу көз карашты эң эле таасирдүү туюндура алган.

Анализге алынган материалдар кыргыз элинин балдар оюндарынын социалдаштыруучу дарамети өтө

масштабдуу жана таасирлүү экендигин көрсөтүп турат. Кеп аларды ар тараптуу изилдеп, иргеп, азыркы тарбиянын талаптарына ылайык балдардын турмушунда ийкемдүү колдонуунун айла-амалын табууда турат. Бул урпактарда улуттук иденттүүлүктү калыптандырууга багытталган коомдук тарбиянын эң зарыл милдеттеринин бири катары каралууга тийиш.

**Адабияттар**


АЛИМБЕКОВ А. (2014) Кыргыз эл педагогикасында балдардын ден соолугун чыңдоо жана өнүктүрүү тажрыйбалары. (Известия КАО, 13).-Бишкек.

АНАРКУЛОВ Х. П. (1991) Кыргыз эл оюндары.– Бишкек.

БАЛДАР ФОЛЬКЛОРУ (1998) Түз. Орозова - Бишкек.

ЖУМАБАЕВ Б.М. (2002) XIX к. аягындагы Памир-Алай кыргыздарынын руханий маданияты, үрп-адаттары жана салт–санаалары.(Коомдук илимдер журналы. –КТУ «Манас» №7).-Бишкек.

ИСАКОВ Б. (2012) Эр Солтоной. Тарыхый таржымал. –Бишкек.

ИСАКОВ Б., ЧОЮНБАЕВ О. Айкөл манастын калыптанышы. –Бишкек.

КАЗАНСКИЙ К. К. (1892) В близи Памиров (Путевые впечатления).– Ташкент

КАСЫМБЕКОВ Т. (1985) – Бишкек.

МАНАС, инв. № 5187. –Бишкек.

СИМАКОВ Ю. (1984) Общественные функции киргизских народных развлечений в конце XlX – начале XX вв. – Ленинград.

СОЛТОНОЕВ Б. (1993) Кызыл кыргыз тарыхы.–Бишкек.

# 14

# İSLÂM ÖNCESİ TÜRK TOPLUMUNDA EĞİTİM ARACI OLARAK SPOR

**Ali AHMETBEYOĞLU***

Bozkır kültürü denilen belirli coğrafî mekândaki hareketli hayat tarzı, eski Türk eğitim-öğretim sisteminin en belirleyici unsurudur. Sürati, hürriyeti ve hâkimiyeti sembolize eden at ile teknolojiyi ifade eden demir üzerine kurulu eski Türk cemiyetinde (Kafesoğlu, 1997: 214) hayatın gereği olarak doğuştan ölüme kadar eğitim, kendini yenilemek, zinde ve diri tutmak için zaruri bir durumdur. Askerî ve sivil hayatın iç içe geçtiği eski Türklerde aile ve ordu iki temel güç idi. Bu sebeple aileden başlayarak devlete kadar Türk toplum yapısında eğitim-öğretimin temel niteliği başta ahlâk ve şahsiyet sahibi olmak, kökünü ve kimliğini bilmek gibi değerler yaynında, töre ile ifade olunan unsurlarla donanmış kalifiye nesiller yetiştirmektir (Özmenli, 2012: 186-187). Bundan dolayıdır ki, eski Türklerde eğitim ve öğretim teoriden çok hayatın bir parçası olarak pratik bir hal almıştır. Eğitim-öğretimde özellikle iyi ve donanımlı insan vurgusunun yapılmasındaki asıl faktör, her şeyden önce gerek hayvancılıkla geçinen ailenin gerekse dinamik, her an sefere hazır olmak mecburiyetinde olan askerî sistemin ve boy hayatının gereği ahlâklı, meslekî açıdan vasıflı insan yetiştirme zaruretidir. Bu durum, güçlü iş birliği içerisinde maddî, manevî manada üzerine düşeni yapabilecek vasıfta insanlardan oluşan cemiyet hayatını doğurmuştur.

At ile hemhal olma sonucu bozkırlı Türk insanında oluşan üstünlük yani ‘beylik gururu’ duygusu, devlet idaresinde ve eğitim-öğretim metodunda üniversal bir anlayışı doğurmuştur. Cihanşümul devlet felsefesi gereği eğitim sisteminde insan sevgisi, idare altına alınan halklara karşı koruyuculuk, adalet, hürriyet, eşitlik gibi değerlerin daha çocukluktan itibaren kademe kademe öğretilmesi önemli yer tutmuştur. *Beylik duygusu + insan sevgisi + gerçekçilik* şeklinde formüle edilecek bu Türk düşüncesi (Koca, 1977: 67 vd.), aynı zamanda ahlâk prensipleri olarak eğitimin ana gayesi haline getirilmiştir. Eski Türk toplumu kendi ahlâk anlayışını hayatının düsturu edinmiş kişiye ‘yiğit insan’ manasına gelen *alp*, erkek anlamı haricinde cesur olanlara ise *er* demiştir. Bu, ad verme geleneğine de yansımıştır. Bu bağlamda ahlâkı ön plana çıkaran eğitimin temel hedeflerinin başında *alp* ile *er*liği birleştirip debdebe ve gösterişten uzak, dünyevî olana fazla değer vermeyen dürüst insanlar yetiştirmek gelmiştir (Feher, 1927: 21-22; İnan, 1969: 149 vd.). Eski Türk eğitim dili Türkçe idi ve sistemin hareket noktası da Türkçenin anlaşma vasıtası olmaktan öte, ait olduğu medeniyeti anlayacak, ifade edecek derecede çocukluktan itibaren doğru olarak öğretilmesiydi.

Eski Türklerde küçük yaşlardan itibaren eğitim-öğretimde, gelişimde aile yanında boy, cemiyet hayatı içerisinde Dede Korkut/Aksakal isimleriyle sembolleştirilen ve gerçek manada öğretmen olan şahıslar önemli rol oynamışlardır. Akrabalar başta olmak üzere, içerisinde yaşanılan toplum ise denetim rolünü üstlenmiştir. Anne, çocukluktan itibaren toplum içerisinde bulunmanın gereği olan *âdâb-ı muâşeret* kurallarını öğreterek hayata hazırlarken, baba daha çok teknik yani meslekî bilgileri aktarırdı. Nitekim ailede alınan eğitimin önemine dair Dede Korkut’ta şöyle denilmiştir: “*Kız anadan görmeyince öğüt almaz, oğul atadan görmeyinçe sufra çekmez. Oğul atanun yeteridür, iki gözinün biridür. Devletli oğul kopsa ocağınun közidür*” (Ergin, 1989: 74). Bu sistem içerisinde çocuk hayata, yeni şartlara ve geleceğe bilgi ve edep açısından hazırlanır; ihtiyaç duyacağı bilgiler, beceriler öğretilmeye çalışılır; aynı zamanda bir şuur olarak mâzi yani tarih nakledilirdi. Bu durum çocuğa kim olduğunu, ne olması gerektiğini öğretirken, onda olağanüstü bir şekilde kültür, tarih, medeniyet, dil, inanç ve coğrafya bağlamında bir aidiyet duygusu oluştururdu. Müesseseleşmiş okulların somut olarak varlığı bilinmese de, eski boy yaşantısında belirli alanların eğitim ve öğretime tahsis edildiği rahatlıkla söylenebilir. Ayrıca gerek Göktürkler gerekse Uygurlardan kalma ülkenin meskûn birçok noktasına dikilmiş yazıt bulunması, varlığı bilinen takvimin Göktürkler döneminde ıslah edilerek geliştirilmesi gibi unsurlar, eski Türk toplumunda yazının genel kullanımına ve hatırı sayılır entelektüel zümrenin varlığı ile okur-yazar oranının ciddi manada yüksekliğine delalet addedilmiştir. Tarih şuurunu ortaya koyan bu kitabeler aynı zamanda değişik konuları ihtiva eden ders kitapları niteliğinde idiler (Kafesoğlu, 1997: 339; Özmenli, 2012: 184).

Eski Türklerde eğitimin başlangıç noktası *ad* vermek idi. Çocuk doğduğunda, ana babanın bebeğe verdiği ad gerçek ad olmayıp geçici idi. Çocuk büyüdükçe kabiliyetine veya toplum içerisinde gösterdiği yararlılığa göre kalıcı ad alırdı. Ait oldukları boyun beyi veya sevilen birisi tarafından verilen bu gerçek ad sayesinde, adı alan boyun da üyesi kabul edilirdi (Uca, 2004: 145). Dede Korkut destanlarında gösterdikleri yararlılıktan ötürü kahramanlara asıl adların Korkut Ata tarafından verildiği görülür. Dirse Han’ın oğlu, karşısına çıkan bir boğayla dövüşüp onu öldürdükten sonra “Boğaç” adını almıştır. Bay Büre Bey’in oğluna bezirgânların malını soyguncuLardan kurtarması üzerine, Bamsı Beyrek adı verilmiştir. Beyrek’in “Bamsı” adının kahramanlıkla bir ilgisi yoktur, babası oğlunu “Bamsam” diye okşadığı için bu ad konulmuştur (Ergin, 1989: 14 vd.). Toplumda

* Yrd. Doç. Dr., İstanbul Üniversitesi, Edebiyat Fakültesi Tarih Bölümü, İstanbul, Türkiye. aliahmetbeyoglu@hotmail.com

genelde kahramanların ad almaları 15-16 yaşlarına girdikten sonra olurdu. Nitekim Kazan Bey hayıflanarak oğlu Uruz'a 16 yaşına girdiği halde "*henüz yay çekmedün, ok atmadun, baş kesmedün, kan dökmedin, Kalın Oğuz içinde çuldu almadun*" der (Ergin, 1989: 58-59).

Destanlarda ve anlayışlarda oluşan ad verme geleneğinde hep kahramanlık figürü ön plana çıksa da, aslında gerçek adın daha sonraki yaşlara bırakılması eğitim ve öğretim açısından büyük önem taşımıştır. Bu durum esasında çocuğun gelişimini gözlemleyerek, modern eğitim sistemini andırır şekilde becerilerine göre bir mesleğe, bir alana yönelmesini sağlamak içindi. Bu anlayışın yansımasını Oğuz Kağan Destanı'nda da görmek mümkündür. Anlatılanlara göre Oğuz, ordusuyla sefere giderken ırmakla karşılaştığında Uluğ Ordu adlı bir er, ağaçlardan kestiği dal ve yapraklarla sal yapar. Su bu salla geçilir ve Oğuz bu becerikli ere *Kıpçak Bey* adını verir. Yine Çürçet Kağan'ıyla yapılan savaşta o kadar çok ganimet alınır ki, ganimetleri taşımaya öküzler yetmez. Askerler arasından akıllı ve tecrübeli bir er bir araba yapar. Böylece canlı ve cansız ganimetler taşınır. Oğuz, bu arabayı icad eden eri bey yapar ve kendisine *Kanglı* adını verir (Şen, 2006: 154-155). Kaşgarlı Mahmud *Divanu Lugati't-Türk*'de çocuk terbiyesinde kız ve erkek evladın anne ve babayı örnek aldıklarını, ileride toplumda oynayacakları rolleri de onlardan öğrendiklerini söyler (Kaşgarlı Mahmud, 1998: 236; Batur-Beştaş, 2011: 247-259). Aynı bağlamda Kaşgarlı Mahmud; "*Babası ekşi elma yese* (bir fenâlık yapsa), *oğlunun dişi kamaşır*" (Kaşgarlı Mahmud, II, 1998: 311) diyerek baba-oğul etkileşimine dikkat çeker. *Kutatgu Bilig*'de Yusuf Has Hacib, "*senin ay gibi bir oğlun veya kızın doğarsa, onu kendi evinde terbiye et bu işi başka ellere bırakma*" (Yusuf Has Hacib, 1985: 326) diyerek eğitim ve öğretim için ilk ve önemli nokta olarak ebeveynin önemine dikkat çekmiştir. Eski Türk toplumunda kız çocuğunu anne, oğlan çocuğunu ise baba hayata hazırlardı. *Kutadgu Bilig*'de, "*Oğul-kıza bilgi ve edep öğret; bu her iki dünyada da onlar için faydalı olur*" (Yusuf Has Hacib, 1985: 326) beytinde de ifade edildiği gibi, eski Türk eğitim ve öğretiminde esas maksatlardan birisi, toplum içerisinde yaşama kuralları ile hayatta başarıya götürecek bilgiyi öğretmekti. Bu bağlamda Yusuf Has Hacip'in şu ifadesi de daha önceki beytindeki mânâyı güçlendirmektedir: "*Küçük çocuğa bak, ona akıl ulaşacaktır; fakat yaşı gelmedikçe, kalemler yürümez; insan bilgisiz doğar ve yaşadıkça öğrenir; bilgi sahibi olunca, her işinde muvaffak olur. Bir memleketi kılıç ile derhal ele geçirmek mümkündür; fakat kalem olmayınca, insan onu elinde tutamaz*" (Yusuf Has Hacib, 1985: 180; Kocasavaş, 2006: 53-66).

Eski Türklerde eğitim, geleneğe ve kültüre dayalı bir şekilde gelişirdi. Aileler taşıdıkları her şerefi, beceriyi çocuklarına kazandırmaya gayret gösterirlerdi. Nitekim aile içinde eğitimin amacı, kabiliyetlerini de göz önünde bulundurarak fertlere mâziden gelen ailevî davranışları kazandırmayı sağlamaktı. Daha çocukluk devresinden itibaren fert, at terbiyesi, hayvan yetiştiriciliği, bakıcılığı, çadır işleri, giysi üretimi, göçmek, yerleşmek, hayvan otlatmak, ev eşyası, silah yapmak, yemek, içmek, eğlence, yarışma, spor, müzik vd. bilgi ve beceri kazanmaya, hepsinden öte iyi bir savaşçı-kahraman süvari olabilecek eğitimi aile içinde öğrenmeye ve talim etmeye başlardı. Ayrıca meslekî eğitimde şüphesiz usta-çırak ilişkisi de çocuğun yetiştirilmesinde mühim yer tutardı. Çünkü Türk toplum yapısında liyakat babadan oğla geçmezdi. Bu sebeple Türk eğitim sistemi daima kendisini yaşatacak insan tipini yetiştirmek, her çocuk da cemiyet/boy içerisindeki adını, yerini kendisi kazanmak mecburiyetindeydi. Henüz ayakta durabilecek bir Türk çocuğunun yanında eyerlenmiş bir at bulunurdu. Geleceğin okçu Türk savaşçısı daha çocuk çağında eğitimlere başlar, koyun sırtında biniciliği dener, önce sincap, gelincik ve kuşlara, sonra da tilki ve tavşanlara ok atarak atıcılığa alışır; büyüdüğü zaman da mükemmel bir atlı muharip olurdu (Taşağıl, 2008: 163-164). Gelişime açık Türk toplumunda kişi çocukluktan itibaren aldığı eğitimi, bilgisi ve becerileri sayesinde askerî ve sivil bürokraside görev alır, en yüksek mevkilere kadar yükselebilirdi.

Türklerde eğitim ve öğretimin vazgeçilmez temel öğelerinden birisini de ata ve töre (kanundan öte mâziye, yaşanılan zamana ait madde ve manayı ifade eden her şey) anlayışı oluşturmuştur. Eğitim-öğretimden maksat insanın tarihini, atasını, kimliğini oluşturan başta dili ve dini olmak üzere değerlerini yani ait olduğu dünyayı bilmesi ile hayat kaynağı tefekkür dünyası ile töresini ve bunları kaybettiğinde de başına neler gelebileceğini unutmamasını sağlamaktı. Çünkü eski Türk anlayışında unutmak, başkalaşmak ve dönüşmek, yok olmakla bir tutulurdu. Bunu en güzel ifade eden Orhun Abidelerinde geçen şu satırlar olmuştur: "*Türk beyler Türk adını bıraktı. Çinli beyler Çin adını tutarak, Çin kağanına itaat etmiş. Elli yıl işi gücü vermiş. Doğuda gün doğusunda Bökli Kağan'a kadar ordu sevk edivermiş. Batıda Demir Kapı'ya ordu sevk edivermiş. Çin kağanına ilini, töresini alıvermiş. Türk halkı kitlesi şöyle demiş: ''İlli millet idim, ilim şimdi hani, kime ili kazanıyorum der imiş. Kağanlı millet idim kağanım hani, ne kağana işi, gücü veriyorum der imiş. Öyle diyip Çin kağanına düşman olmuş. ... Yedi yüz er olup ilsizleşmiş, kağansızlaşmış milleti, cariye olmuş, kul olmuş milleti, Türk töresini bırakmış milleti, ecdadımın töresince yaratmış, yetiştirmiş. Tölis, Tarduş milletini orda tanzim etmiş. Yabguyu, şadı orda vermiş*'' (Ergin, 1970: 4-5).

Hülasa sivil ve askerî alanın içiçe geçtiği eski Türklerde, hayat tarzının gereği olarak aileden başlayarak içinde bulunulan toplum, başta çocuklar olmak üzere herkes için büyük bir okuldu. Bu okuldaki eğitim sisteminin esası teoriden çok amelî yani yaşayarak öğrenmeye dayanmaktaydı. En önemli sorumluluk ve rolün anne-baba ile her obada varlığı bilinen aksakallılara verildiği eğitimde hedef, çocuklara millî-dinî değerleri aşılayarak hayatı kolaylaştıracak bilgileri öğretmek, adeta toplumun arşivi ve hafızası olan tecrübeleri aktarmak, onları askerlik

başta olmak üzere kabiliyet ve isteklerine göre mesleklere, işlere yönlendirmekti. Çocukları-gençleri dünü unutmayacak, bugünde yaşamayı sağlayacak, yarında var olmayı mümkün kılacak şekilde donanımlı hale getirmek ve "*Tay yetişirse at dinlenir, oğul yetişirse baba dinlenir*" atasözünde ifade edildiği gibi, devleti rahatlatacak her sahada yetişmiş insan gücü oluşturmaktı.

Mekân-zaman-sulh temelinde at ve silahla özdeşleşen Türk toplumunda, gündelik hayatın tabii bir parçası olarak birçok spor dalı önemli yer bulmuştur. Aksiyonun, dinamizmin yoğun olduğu ve ferdî kabiliyetlerin sergilenmesine imkân tanıyan spor dallarına daha fazla rağbet gösterilmiştir. Türk insanının zihninde spor bir müsabaka olmaktan, kazanmaktan öte manalar taşımıştır. Erken ve geç dönem kaynaklarına yansıdığı kadarıyla Türkler arasında varlığı tespit edilebilen genel spor dalları şunlardır:

**At Yarışları**

Kaşgarlı Mahmud'un *Divanu Lugati't-Türk*'de "*Türkün kanadıdır*" diye belirttiği at, eski Türk sosyal hayatında, tefekkür dünyasında karakteristik yapısının oluşmasında çok büyük bir yer tuttuğu gibi, yapılan sporlar arasında da en önemli mevkii işgal etmiştir. Dinî ve millî bayramlarda, eğlencelerde, düğünlerde, toylarda yani cemiyet hayatı içerisinde insanların toplandıkları her fırsatta at yarışları yapılırdı (Doğan, 2006: 67 vd.). Buna göre yarışın günü, yeri, düzenleniş sebebi ve ödülü daha önce ilan edilirdi. Yarışın yapılacağı gün herkesin huzurunda koşacak atlar sıraya dizilir, *akın* adı verilen görevli atları dolaştırarak tanıtır ve koşulacak uzaklığı da duyururdu. *Talas* veya *tasal* denen varış yerindeki ipi göğüsleyen at birinci olurdu. Özel yetiştirilmiş, en cins atların katıldığı yarışlar sonucunda bir ödül olsa da, kazanmak hem binicisi hem at açısından büyük bir şeref addedildiğinden, ödüller ikinci planda kalırdı. Kaşgarlı Mahmud, at yarışları için hususî yetiştirilmiş ve koşuların çoğunu kazanan bu cins ata *arkun* dendiğini belirtir. Genelde kazanana at verilirdi. Yarışlar atın, binicinin, yetiştiricinin maharetlerini göstermesi açısından özel mana ifade ederdi. Türk toplumunda at yarışları kimi zaman müsabakadan öte anlamlar da taşırdı. Nitekim bayramlarda, eğlencelerde, düğünlerde vs. at yarışları genç kız ve erkeklerin evlenecekleri eşi seçmelerinin bir aracı olurdu. At yarışlarının dinî bir yönü de bulunurdu. Çin kaynaklarının belirttiğine göre, bazı Türk boyları ölünün çadırı etrafında at koşturmak suretiyle yarış yaparlardı. Hepsinden öte askerliğin bir hayat biçimi olduğu Türk toplumunda at yarışları sayesinde Türk insanı her daim eğitimli ve dinamik halde tutulurdu. Bu bağlamda ordu içerisinde sulh zamanlarında düzenlenen at yarışları da askeri savaşa hazırlayan eğitim niteliğindeydi (Kaşgarlı Mahmud, I, 1998: 107, 184, 366, 474; Genç, 1997: 235; Şakar, 2010: 167).

**Ok Atma Yarışları**

Türk insanının en mühim silahlarının başında yer alan *ok* ve *yay* gücü, hâkimiyeti sembolize ederken aynı zamanda boy anlamına da gelirdi. Ok, atılarak güç göstermenin bir aracı, düğünlerde erkeklerin eğlenme yolu, evlenen kişinin gerdeğe gireceği çadırını kuracağı yeri belirlemek için atılan bir vasıta gibi eski Türk sosyal hayatında önemli bir yer işgal etmiştir. *Ok taşımak* veya *ok atışmak* tabirleriyle ifade edilen ok atma yarışmaları, Türk sosyal hayatının rutin bir parçası idi. Ok atma yarışları ya en uzun mesafeye atış veya belirlenen bir hedefe atış şeklinde gerçekleşirdi. Hedef köşeli olup hayvanların derilerinden oluşurdu. Böylece ok atanın hedefi vurmadaki isabet durumu kolayca anlaşılırdı. Türkler çok iyi ok atanlara *atım er* yahut *atım* derlerdi. Kadim Türk sporlarından ok atma yarışları hem bir spor hem de askerî talimdi. Sadece yerde değil at üzerinde de tertip edilirdi. Nitekim at hızla giderken binici dört bir yana ok atarak yarışırdı ki, bu kadim Turan Taktiği'nin en mühim figürüydü. Ayrıca ülke geneline hitap eden ilkbaharda ve açık havada büyük yarışlar düzenlenirdi. Bu, erkeklerin devlet erkânı huzurunda kendilerini ispat etmeleri açısından ayrı bir önem taşırdı. Bu yarışlar sonunda kazanan için ortaya çeşitli ödüller konurdu ki, bunların başında da yine *at* gelirdi (Kaşgarlı Mahmud, I, 1998: 157, 180, 231; Genç, 1997: 238-239; Şakar, 2010: 170-171; Türktaş, : 62). Ok yarışları sadece Türklerin kendi aralarında değil milletler-arası alanda da yapılmıştır. Nitekim Çin kaynaklarında Çinliler ile Türkler arasında yapılan yay çekme yani ok atma yarışlarından bahsedilmiştir (Eberhard, 1940: 214).

**Güreş**

Bozkır hayat tarzı içerisinde en eski Türk sporlarından birisi de güreş idi. Temelde güce dayanmasından dolayı, güreş sporu Türkler arasından geniş bir yer bulmuştur. Güreş sporunda güreşçiler ayaklarına kıl bezden yapılmış siyah renkli "pırpıt" (pehlivanların güreşirken giydikleri kalın bezden veya keçi kılından örülmüş don) giyerler ve yalın ayakla güreşirlerdi. Karakucak, aba, kuşak, şalvar ve yağlı güreş türleri olan güreş sporunda, eski Türkler arasında en yaygın olan karakucak güreşi idi. Güreş, Türk toplumunda sadece erkekler arasında değil kadınlar arasında da yapılırdı (Şakar, 2010: 172-173). Nitekim Dede Korkut hikâyelerinden Kam Büre oğlu Bamsı Beyrek destanında Banu Çiçek'in Bamsı Beyrek ile ok attığı, at yarışı yaptığı ve güreş tuttuğu, bunlarda üstün gelen Bamsı Beyrek'in Banu Çiçek ile nişanlandığı anlatılır (Ergin, 1970: 123).

**Gök Börü Oyunu**

Gök Börü Türklerin eski oyunlarından birisi olup *post kaçırma* olarak da bilinirdi. Bu oyunun esası atı salıp koşarak oğlağı kapmaktı. Oyunda kullanılacak olan oğlağın başı ve ayakları kesilip içi çıkarıldıktan sonra karnına saman doldurularak dikilir ve bir gece suda bekletilirdi. Hakem tarafından ortaya atılan oğlak, atlılardan biri tarafından yakalanır ve yakalayan atını hızlıca koşturururdu. Bu şekilde oyun başlamış olur ve oğlak katılan

oyuncular arasında gidip geldikten sonra en kuvvetli olanın elinde kalırdı. Bu oyun toplum içerisinde yarışmadan çok bir antrenman, askerî talim fonksiyonu taşırdı (Şakar, 2010: 175).

**Çevgân, Çöğen Oyunu (Çevgen, Çöğel)**

Eski bir Türk sporu olan çöğen, özellikle askerlerin sulh zamanlarında oynadıkları ve aynı zamanda onlar için mühim bir talim olan oyun idi. Çevğân (Çöğen) atlı veya yaya olarak, tek yahut çift kale olarak oynanırdı. Kale, tek ise oyunun oynandığı alanın ortasında, çift ise iki ucunda yer alırdı. Genelde atlı ve çift kale şeklinde oynanmıştır. Oyunda kullanılan top yumruk büyüklüğünde ve 10-15 cm çapında idi. Yuvarlak, sıkıştırılmış sert keçeden, şimşir, akçaağaç veya söğüt ağacından yapılırdı. Topa vurulan ucu kıvrık çöğen denilen sopalar ise 120 ile 150 cm arasında (ortalama 130 cm) uzunluğa sahipti ve kızılcık ağacından yapılırdı. Takımlar üç ila on arasında değişen oyunculardan oluşsa da genelde altışar kişilikti. Çöğen ile sürülen top kaleye atılarak sayı yapılırdı. İki sütun arasındaki kaleler 5-6 metre genişliğinde olup, direkleri süslü, renkli ağaç sütunlarından veya taştan yapılırdı. Kazanmak için belirli sürede belirli sayıya ulaşmak gerekirdi. Çevğân oyununda binici ile at uyum içerisinde bulunmak mecburiyetinde olduğundan, atlar bu oyun için özel olarak yetiştirilirdi. Çöğen oyunu binicinin ata hâkimiyet, at üzerinde kıvraklık, hareket, denge, elindeki sopayı maharetle kullanma gibi yeteneklerini geliştirdiğinden, spor yanında önemli bir beden ve zihin eğitimiydi (Öztek, www.beyazkusak.com).

Kaşgarlı Mahmud *DLT*'de bu oyuna dair şu bilgileri vermiştir: Çevğân atlı veya atsız olarak iki şekilde oynanırdı. Atsız çevğân oyununda oynayanlardan biri ilkin kendisinin başlamasını istediği zaman çatal değnek ile topa vurur. Bu işte kim en kuvvetli vurmaya yani topu en uzağa göndermeye muvaffak olursa oyuna başlama hakkı ona verilirdi. Bu oyunda kullanılan topa *topık* denirdi. Yine Kaşgarlı Mahmud'a göre topa vurmak için de *azrı* denilen iki çatallı değnek ve çögen (çevgan) adı verilen sopa kullanılırdı. Topu en uzağa vurabilen oyuna ilk önce başlama hakkına sahipti. Oyunun esası, topu bir vuruşta muayyen mesafeden öteye geçirmekti. Muayyen mesafeyi belirlemek için *talas* veya *tasal* denen bir ip gerilirdi (Kargarlı Mahmud, I, 1998: 187, 223, 242, 380, 392; II, 1998: 22-23, 88, 113; III, 1998: 119, 365, 402). Vuruşlarda topun bu ipi geçmesi lazımdı. Oyunda bu ipten veya ipin tayin ettiği hedeften geçirebilene *tanğuk* denen ipekli kumaş hediye edilirdi. Kaşgarlı, çevgan oyununun atlı oynanış şekline dair önemli bir bilgi vermemiştir (Genç, 1997: 236-237; Eroğlu : 388-389; Halıcı : 294-295).

**Tepük**

Türkler arasında genelde çocuklar tarafından oynana *tepük* adı verilen ayak topu oyunu da mevcuttu. Kaşgarlı Mahmud'un anlattığına göre, kurşun eritilerek iğ ağırşağı şeklinde dökülür, bunun üzerine keçi kılı veya buna benzer bir şey sarılırdı. Çocuklar bunu ayaklarıyla teperek oynardı. Bugünkü futbolun iptidai şekli olarak kabul edilen oyunun oynanış şekli ve kuralları açıkça bilinmemektedir (Kaşgarlı Mahmud, I, 1998: 386; Genç, 1997: 233).

Eski Türkler arasında ayrıca süngü yani mızrak atma, cirit atma, yaşanan sahaya bağlı olarak koşu, yüzme, kayak gibi sporların da yapıldığı bilinmektedir (Eberhard, 1940: 211 vd.). Kaşgarlı Mahmud, Türkler arasında oyunların oynandığı özel yerlere *oynagu yer* dendiğini belirtir (Kargarlı Mahmud, I, 1998: 121) ki, bu bilgi günümüzde stadyum ve diğer spor alanlarının yapıldığı sahalara benzer özel alanların varlığını, halkın sporlara olan ilgisini ve verilen önemi göstermesi açısından oldukça dikkat çekicidir.

Eski Türk toplumunda spor, insan hayatı ile genel eğitiminin ayrılmaz bir parçası olmuş, insanın fizikî, ruhî ve sosyal gelişimde önemli rol ifa etmiştir. Nitekim eski Türk toplumunda tatbikî yönü daha ağır basan eğitim-öğretim sistemi ile gücün, disiplinin ve ferdî becerilerin ön plana çıktığı spor faaliyetleri içiçe geçmiştir. Eğitim anlayışının esası, birlikte yaşama kurallarını ve başarıya götürecek bilgiyi öğretmek olduğundan, spor, bu gayeyi gerçekleştirmenin önemli bir alanı olmuştur. Topluma hâkim olan norm ve değer yargılarına göre davranmayı ve sosyalleşmeyi esas alan eski Türk sporları zekâyı, kişiliği, bedeni ve tefekkürü geliştirdiğinden, sporcular, Türk eğitiminin çocuklara, gençlere aşılamak istediği değerlerin, özelliklerin hayata geçmesi bakımından bir nevi örnek tiplerini oluşturmuşlardır. Ayrıca Türk eğitim sisteminde çocukluktan itibaren insanların kabiliyetlerine göre meslek seçmeleri ve toplumsal işbirliği ehemmiyet taşıdığından, spor da, kişilerdeki bilinmeyen yeteneklerin, yönlerin keşfedilmesine vasıta olma özelliğinden dolayı, eğitimin vazgeçilmez yardımcısı haline gelmiştir. Spor müsabakaları aynı zamanda birçok meslek erbabına ustalıklarını sergileme imkânı hazırlamıştır. Spor karşılaşmaları, aileden başlayarak boy hayatı ve boylar birlikteliği içerisinde yaşayan Türk insanının taraftarlık ayrışması içerisinde birliktelik sanatının, kurallarının gösterge alanları olmuştur. Bütün bunların yanında Türk toplumunda spor, yaşanılan coğrafyanın zorluklarına, savaşa hazırlayan en önemli tatbikat ve eğitim vasıtası haline gelmiştir. Gerekli şartları taşıyan herkesin uğraşabildiği spor dalları, sahip oldukları kabiliyetleri, vasıfları ve aldıkları eğitimin de katkısıyla sporculara toplumda itibar sağlamış, devlet kademesinde makam-mevki ve meslek sahibi olmanın önünü açmıştır. Spor faaliyetleri, çocuklar başta olmak üzere, Türk insanının *âdâb-ı muaşeret*, birlikte yaşama ve töreye uymadaki eksikliklerinin giderildiği, aidiyet duygusunun aşılandığı alanlar olmuştur.

**Kaynakça**

AKSOY, İlhan, "Türklerde Aile ve Çocuk Eğitimi", *Uluslararası Sosyal Araştırmalar Dergisi,* Cilt 4, Sayı 16, 2011, s.11-19.

AKYÜZ, Yahya, *Türk Eğitim Tarihi*, İstanbul 2011.

BATUR, Zekerya- BEŞTAŞ Merve, "Divanu Lugat'it Türk'te Çocuk Dünyası ve Çocuk Eğitimi", *Turkish Studies*, Sayı 6/2, 2011, s. 247-262.

DOĞAN, Orhan, *Bozkır Kavimlerinin Kültür ve Mitolojilerinde At*, Gazi Üniversitesi Sosyal Bilimler Enstitüsü Yayımlanmamış Yüksek Lisans Tezi, Ankara 2006.

EBERHARD, Wolfram, "Çin Kaynaklarına Göre Türkler ve Komşularında Spor" (çev. N.T. Uluğtuğ), *Ülkü,* Sayı 87, 1940, s. 209-215.

ERGİN, Muharrem, *Dede Korkut Kitabı,* 1, Ankara 1989.

ERGIN, Muharrem, *Orhun Abideleri*, İstanbul 1970.

EROĞLU, Muammer , "Çevgân", *İslâm Ansiklopedisi*, Cilt 3, s.388-389.

FEHÉR, Géza, ''A Madarai Lovás szikladombormű és őstörténeti vonatkozásai'', *Ethnographia*, XXXVIII, Budapest 1927, s. 16-29.

GENÇ, Reşat, "Kaşgarlı Mahmud'a Göre XI. Yüzyılda Türklerde Oyunlar ve Eğlenceler", *I. Uluslararası Türk Folklor Kongresi Bildirileri,* C. III, Ankara 1997, s. 231-242.

HALICI, Feyzi , "Çevgân", *Diyanet Vakfı İslâm Ansiklopedisi*, Cilt 8, s. 294-295.

İNAN, Abdülkadir, ''Dede Korku Kitabı'nda eski inanç ve gelenekler'', *Türk Kültürü Araştırmaları*, VI, 1969, s. 145-157.

KAFESOĞLU, İbrahim, *Türk Millî Kültürü*, İstanbul 1997.

KAŞGARLI MAHMUD, *Divanu Lugati't-Türk*, I-IV (çev. Besim Atalay), Ankara 1998.

KOCA, Salim, "Eski Türklerde Sosyal ve Ekonomik Hayat", *Türkler,* 3, Ankara 2002, s. 8-53.

KOCASAVAŞ Yıldız, "Kutatgu Bilig'de Eğitim-Öğretim Anlayışı", *Hasan Ali Yücel Eğitim Fakültesi Dergisi*, Sayı, 2, 2006, s. 53-66.

ÖZMENLİ, Mehmet, "Orta Çağ'da Türklerde Bilginin Varlığı", *The Journal of Academic Social Sience Studies*, Sayı 5, 2012, s. 183-192.

ÖZTEK, İbrahim, ''Çöğen (Çevgen, Çevgan, Bandal, Çukanyon, Tubuk, Tüy) Bir Türk Savaş Sanatı", www.beyazkusak.com

ŞAKAR, Sezer Özyaşamış, "Dil, Kültür Bağlamında Bazı Yarışlar ve Ödülleri", *Acta Turcica Çevrimiçi Tematik Türkoloji Dergisi*, II/1, Ocak 2010; "Kültür Tarihimizde Yarış", s. 164-185.

ŞEN, Semra, "Türklerde Ad Verme Törenleri, Adların Önemi, Ad Verme İle İlgili Gelenek ve İnançlar", *Atatürk Üniversitesi Güzel Sanatlar Enstitüsü Dergisi,* Sayı 6, 2006, s. 153-159.

TAŞAĞIL, Ahmet, "İslam Öncesi Devirde Türk Ordusu", *Eskiçağ'dan Modern Çağ'a Ordular* (ed. F.M. Emecen), İstanbul 2008, s. 153-182.

TÜRKTAŞ, Metin, ''Divan-ü Lügat-it Türk'te Yer Alan ve XI. Yüzyıl- da Türkler Arasında Oynanan Oyunlar'', *PAÜ. Eğitim Fakültesi Dergisi,* Sayı 5, s. 61-65.

UCA, Aladdin, "Türk Toplumunda Ad Verme Geleneği", *Atatürk Üniversitesi Türkiyat Araştırmaları Dergisi*, Sayı 23, 2004, s. 145-150.

YUSUF HAS HÂCİB, *Kutadgu Bilig* (çev. Reşid Rahmeti Arat), Ankara 1985.

15

# ЭЛДИК ОЮНДАРДАГЫ ЖООКЕРЛЕРДИН АСКЕРДИК МАШЫГУУСУНУН ТАРБИЯЛЫК МААНИСИ

**Кадыркул АЙДАРКУЛОВ[*] - Тыныстан АРЗЫБАЕВ[**]**

Жогоруда эскертилген «чийин чийип жер бүтөө», «чийиниңди чийип бер», «сызылып зле коёлу», деген саптар эки жактын териториясына карата айтылган сөздөр. Эки жак «сызык сызып» шарт коюшканда бир-бирине кол салышпоо, белгилүү жерлердин кимге карай тургандыгы жана башка маселелерди айтышкан. Кокус карама-каршылык болуп уруш чыкса, мына ушул салттын негизинде экинчи жактын ээлеген ордун, территориясын ордонун жалпы чийини менен белгилеп, аларга ушул чийинден туруп кантип сокку берүүнүн планы, ушул «ордодо» көрсөтүлгөн. «Ордонун» чийини менен белгиленген душмандын өңүтүн алыш, кандай кылып сокку берүү жана жеңүү, «чийинден» чыгаруу маселеси эки жаатка бөлүнүп ойноп жана жеңүү, «чийинден» чыгаруу маселеси эки жаатка бөлүнүп ойноп жаткан оюнчулардын ойноо тартиби менен чагылдырылган. Томпой же абалак менен чүкөлөрдү атуу ыкмалары аркылуу душманга кантип сокку берүү маселеси көрсөтүлгөн [Айдаркулов, 1989: 72].

Оюнда кездешүүчү ура атуу, кынкай атуу, кадоо, тооруу ж.б. оюн ыкмаларын жоокерчилик доордун кээ бир тартиптери менен да салыштырууга болот. Мисалы, ура атуу ыкмасы алыстан чабуул коюп, топ жаруу, душмандын биримдигин, иреттүүлүгүн бузуу. [Айдаркулов, 1989: 73]. Кыңкай атуу душманга тикеден тике чабуулга өтпөй анын өңүтүн алып капталынан, күтүүсүздөн качыруунун ыгы. “Тоорууда” болсо душмандын алдын тосуп, анын өз жагындагы негизги күчүнөн бөлүп, жекелетип туткундоо же жок кылуу маселеси ж.б. көрүнүштөрдүн чагылдырылгандыгын көрөбүз. Ал эми “Ордо” оюнундагы “Ичке түшкөн” оюнчунун ар бир кыймылы, багыт алып отуруусу жана бет маңдайындагы, жанындагы, колу жеткен чүкөлөрдү чертүүсү, айрыкча артында чүкөнү калтырбоо ж.б. оюн элементтери, кан майданда топ жарып “ичке түшкөн” жоокердин, абдан кылдат болуусун эске салат. Экинчи жагынан “Ордо” деп аталган ушул жерде жоролор томпой менен чүкөлөрдү атып, көздөрүн так мээлөөгө, колдорун найза саюуга, кылыч чаап, жаа тартууга көндүрүшкөн. Өздөрүн ар түрдүү жоокердик өнөрлөргө машыктырышкан. Ушул схемалык түрдө алынган экинчи жактын территориясын жалпы чийин менен белгилеп, душмандын колун жайгаштырып (чийиндин ортосунда чачылган чүкөлөр менен) анын кайсы жагынан кандай чабуулга өтүп, кантип беттешүүнүн, кантип коргонуунун ыкмалары “ордодогу” жалпы чийиндин сыртынан туруп ортодо жаткан көп чүкөлөрдү, ханды томпой, абалак менен далдап атуу жолу менен башкаларга үйрөтүлгөн.

“Манас” жана “Семетей” эпосторундагы чоролордун “казатка” барар алдында “ордо” ойноону, ушул согуш “искусствосун” эске салуу, кайталоо, бышыктоо болуп жүрбөсүн? Байыркы жоокердик учурда эки жактын кайсыл жагынын согуштук күчү көптүк кылса, же кандайдыр бир жактын өзгөчө машыгуусунун, даярдыгынын, деги эле согуш жүргүзүүнүн эрежялерин үйрөнүүнүн натыйжалуулугу жакшы болсо, ошол жак зор жеңишке жетишерлиги бышык. Кыргыз элинин баатырдык эпосторунун дээрлик бардыгынан тең, миң сандаган душмандын колуна кырк чоро же үч-төрт баатыр тең, келип зор жеңишке жетишишкендигин, чоролордун баары тең “туюктан жол тапкан”, “ар кандай жоо-жарактарга машыккан”, “жоону күтүп даярданган”, “бир күнүн да текке кетирбей кезек- кезек менен чекте тургандыгын” көрөбүз. Башкача айтканда, бул учур эпосто төмөнкүчө сүрөттөлөт:

Туш тараптан баары жоо,
Кармап жолун күзөтүп,
Жолдун баарын күзөтүп,
Сырттан коюп кезекти,
Жигиттер көрбөй төшөктү.
Жезекчинин сыртынан
Аянбай чалгын чалдырып.
Ар тараптан жол чалып,
Аныктап кабар алдырып.
Кароол коюп ар жолго[Семетей, №1076: 84]

[*] Доц., т.и.к., Жалал-Абад Мамлекеттик университети. Жалал-Абад, Кыргызстан.

[**] КР Улуттук Илимдир Академиясынын Тарых жана маданий мурас иниститутунун илимий кызматкери. Бишкек, Кыргызстан.

Мына ушундай мезгил талабынан келип чыккан «машыгуулардын», «даярдыктардын», «үйрөтүүлөрдүн» турмушта кандай жол менен жүргүзүлгөндүгүн биз билбейбиз, бирок ушул учурдун кээ бир көрүнүштөрү ордо жана башка элдик оюндардан, элдик оозеки чыгармачылыктын айрым бир материалдарынан байкалат.

Масылаат угуп Бакайдан
Маш үйрөтүп жаштарга, -

деп айтылат "Семетей" эпосунда. Ал эми "Манас" эпосунун Ч.Валиханов жазып алган үзүндүсүндө Манас баштаган чоролор Көкөтөйдүн ашына жөнөөрдө, ал жердеги зордук кылып жаткан сансыз колдун кабарын угуп:

Ала байрак найза алып
Жоодураган кырк чоро
Он эки таман ордо алып
Колко салып турду дейт [Манас, №5184: 84]

Андан ары ашка келген "душман" колуна сүрдүү көрүнүш үчүн Манас чоролоруна кайрылып:

Баарың окшош болуңар
Кырк кара боз Миниңер
Жарак жабдык шайлаңар
Көк коёнго окшошуп

Кырк кара көк кийиңер, [Манас, №5184: 42]- деп буйрук берет. Эпостун кийинки окуяларында сансыз кол куралып "чоң казатка" баратканда да кырк чоро экиге бөлүнүп чоң "ордо" куруп, "ордо" атууда өз «чебердиктерин көрсөтүшөт [Манас, 1958: 134-138]. Ал эми "Семетей" эпосунда Ургенчти камап жаткан Чынкожо, Толтойдун көп колуна каршы бараткан Семетей жолго түнөп, чоролору менен "Ордо" ойноп баары бирдикте алдыда болуучу "чоң урушка" даярдык көрүшөт. Иши кылып "ордо" жоокерлердин ар кандай согуш ишине даярдануучу, машыгуучу жайы болгон. Кан майданда баатырлардын топ жарып, жекеге чыгышы эл намысы деп кан төгүп нечен жарактар менен чабышка түшкөндүгү (кылыч, найза, ай балта ж.б.), алар сынып бири-бирин жеңише албай, жарактарын таштап, күч сынашып күрөшүп жыгыша албай кармашып турган баатырларды "Манас" баштаган бардык баатырдык эпостордон жолуктурабыз. Ушул эпизоддун байыркы заманда биздин эранын бир миңинчи жылынын биринчи жарымында жасалган күмүш буюмдардын беттерине чоң чеберчилик менен чегилип түшүрүлгөндүгү зор кызыгууну туудурат.

Археологиялык табылгалардагы мындай сүрөт белгилүү сюжет байыркы заманда пайда болуп, ошондон бери айтылып келе жатканын билдирет. Чынында эле, бул сюжет мурда пайда болбосо, тиги күмүш буюмдардын бетине кайдан түшмөк. Жекече беттешүүдө бүткүл жоо-жарак сынганга чейин чабышкан баатырлар чоң беттешүүгө даярдык көрүшүп (мындай беттешүүлөр жоокерчилик турмушта көп учурайт), жоо жарактардын бардык түрүн жогорку чеберчиликте пайдалана билүүгө алдын ала үйрөнүшкөн, машыгышкан. Мындай машыгуулар "ордо" деп аталган атайын белгилүү жерде (б.а.ортодо чоролордун ортосунда) дайым жүргүзүлүп турган.

"Ордодо" эл-жердин сакчылары согуш өнөрүнү үйрөнүүнү, машыгууну дайыма жүргүзүп тургандыгын кыргыз элинин башка оюн- шоокторунан да байкоого болот. Бул элдик оюндардын көпчүлүгүндө жоо "жакадан, бөрү этектен тартып" турган кыйын учурдагы чоролордун ар кандай согуш куралдарын жогорку чеберчиликте пайдаланууга машыккандыгы чагылдырылган. Алсак балдардын "башаламан", "мангел уруу", "ашкабак чапмай" [ Омурзаков., Мусин. 1973: 56, 82, 84] ж.б. оюндарында найза саюуга, кылыч чабууга машыгуунун кээ бир элементтери орун алган. Ал эми "Манас" эпосунда чоролордун өз ара түрдүү куралдарды пайдалана билүүгө даярданышкандыгы мындайча берилет

Ат жарышмак ойнойлук,
Үзөнгүнүн боосунан.
Оодарышмак ойнойлук,
Камчы менен чабышып,
Найза менен сайашып,
Сабы колдо калышып,
Кылыч менен чабышып,
Андан пайда болбосо
Эшик эндүү ай балта,
Ай балта менан чабышып,

Чык бери оюн кылалы [КЖФ. № 5187: 120] - деп баатырлар бирин-бири жекеге чакырышат. Ушинтип, ар кандай куралдарга машыккан баатырлардын жекеге чыгып өлүм же өмүр үчүн сайышуусунун да өзүнчө жөнү жана жолу болгон. Эзелки замандан согуш тартиби боюнча эки жактын колу бетме-бет келишкенде тикеден-тике ат коюшпастан, эң мурун күч сынашып беттешкен. Өз күчүнө ишенген жоосуна, каршысына түр көрсөтүү үчүн алышмак керекпи, же атышмак керекпи деп арага элчи

салган. Каршы тарап алышуу керектигин билдирсе эки жактан атактуу баатырлар жекеме-жекеге чыгышкан [ Маргулан А.1973:211].

Бирине-бири карама-каршы ат коюшуп:
Алтын кемер чети деп
Айдалынын бети деп
Өпкө боор тушу деп
Өлөөр жериң ушу деп,-
найза сайышкан, күч сынашкан. [Тоголок Молдо, 1959: 211]

Ушундай беттешүүлөргө канчалык даражада даяр экендигин эмнеге жөндөмдүүлүгүн, машыкандыгын эле көрсөтүшкөн, сыналышкан. Кыргыз ССР Илимдер Академиясынын кол жазмалар фондусунан: "...илгерки элдин бузулбас эрежеси боюнча эки жак канчалык өлүм алдында жоолашып жатышса да "жекеге" деген кыйкырык чыкканда баш аламан, тартипсиз урушуу токтоп, жекеге баатырлар гана чыгып, кимди-ким жеңсе, экинчи жеңилгендин өзүн туткундап, атын коштоп өз жагына кете берген деген маалыматты окуйбуз (Тоголок Молдо, 1959: 211].

Ушинтип эки жак тирешип турса дагы ортого дагы баатырлар өз ураанын, өз наамын айтьш, жекеге чыгышкан. Күнөөсүз согушка катышкан көпчүлүк элдин, күнөөсүз канын төктүрбөөгө аракет кылган "эл уулдары" ортого, жекеге чыгып:

Өзүн кармап алайын,
Тилине анык канайын,
Өзүн сайып алайын,
Алтын олжо кылайын [Манас, №5184: 112],-
деп өз жанын эл үчүн курман кылууга даяр болушкан.

Коркунучтуу учурда "эл керегине жароо үчүн" атайын даярдануудан өтүү турмушта болгон. Мисалы, найза саюуга жана коргонууга үйрөнгөндүктүн, машыгуунун кээ бир элементтерин элдик "Баш айланма" [ Омурзаков, Мусин, 1973: 82] оюнунан көрүүгө болот. Бул оюнда, кандай дыр бир нерсенин бетине (дубалдын же тактайдын) кичинекей тегерекче чийилип (диаметри 50-60 см.) оюндун катышуучусунан ушул чийиндин ортосуна он колундагы таякча менен түз келип сайып кетүүсү талап кылынат. Бирок чийинди саюудан мурда сол колун оң колтугунан өткөрүп оң кулагын кармоосу жана оң колуна таякты алгандан кийин, турган ордунда (диаметри 120-100 см. келген чоң айланада) 5-6 жолу айлануусу сөзсүз зарыл. Ушундан кийин гана 10-15м. аралыктагы бир нерсенин бетине чийилген кичинекей тегерекчени (диаметри 50-60 см.) түз барып саюуга аракеттенет. Оюндун бул көрүнүштөрүнөн, биз сол колуна калкан кармап оң ийнин, көкүрөгү, бет алдын тосуп, оң колуна кармаган найзасын алга сунуп, душманына бет алып бараткан жоокердин элесин көрөбүз. Же ат үстүндө, ат жалына эңкейип, өбөктөй жатып сол колундагы калканга жашынып бет алдын тосуп, оң колундагы узун найзаны ат башынан алыска, ашыра сунуп каршысын мээлеп, чаап бараткан жоокердин элесин көргөндөй болобуз. Бала кезде өздөрүнүн ушундай кумарлуу оюндарын ойноп жүрүп, аны менен белгиүү деңгээлге чейин машыгып, дасыккан үйрөнчүктөр кийин көпчүлүктүн алдында эр сайышка түшүшүп, өз өнөрлөрүн элге көрсөтүшкөн жана сыналышкан. Учуру келгенде "эл намысын коргоп", топко түшкөн эр азаматтар:

Алыскысын найзалап,
Жакыныраак келгенин,
Ак албарс менен кайсалап
[Семетей, № 1299: 92],-деп
өзүн сактап, элин сактап, душманын жеңүүгө бардык жоо-куралын пайдалана билгендиги өзгөчө мааниге ээ болгон. Ал эми жоокердин кылыч чабууга машыккандыгынын кээ бир элементтери балдардын "Мангал уруу", "Ашкабак чапмай" [Омурзаков, Мусин, 1973: 56, 82, 84] ж,б. оюндарында да чагылдыралат. Бул оюндардан куралды (жогортон төмөн карай, ондон солду карай) шилтегенде бүткүл денени жана ар бир кыймылды ушунчалык тактыкта, тыкандыкта кармай билүү керектигин, ошондой эле аралыкка жараша убакытты үнөмдөй билүүнү эскерткен учурларды байкайбыз.

Жоокерлердин жаа тартууга машыкандыгын эпостун материалдарына Караганда жоокерлер эки бөлүкө бөлүнүшүп, асмага бир нерсени ыргытышып (көпчүлүк кезде баш кийимди) ошого карата атышып көнүгүшкөн. Элдик оюндардын ичинен "кулака чапмай" [Омурзаков, Мусин, 1973: 85] оюнунда бул машыгуунун кээ бир элементтери чагылдырылган. Оюндун катышуучулары чиеленип, түйүлүп асманга ыргытылган бет аарчыны тосуп алышып (эки команданын бирөө) калыска тез жеткирүүгө аракет кыльшкан. Албетте, бул жерде жаа тартуу айтылбайт, бирок эки жакка бөлүнүп асманга ьргытылган бир нерсени тосууга аракеттенишип колдорун созушкандыгы эпостогу жаа тартуу көрүнүшү, ыкмасы менен салыштырылат. Эпостун баатырлары бала кезинде так ушул көрүнүштө машыгышып, такшалгандан кийин гана көп жыйындарда "жамбы атууга" түшүшкөн. Керектүү учурда сырттан басып кирүүчүлөргө каршы бет алып, жалтанбай найза сунушкан:

Атышаарга Мергенди,
Мылтык атар эренди,
Бир башка болуп салды эми.
Желекти жерден көтөрүп,
Жекелеп жоого киргенди,
Жоо жарагын билгенди,
Кылкандай найза кылайтып,
Жассо бөлүп салды эми.
Жаса чаппас мыктууну,
Алга салып жиберип,
Чабуулду коюп калды эми [Семетей, 1959: 159].

Бул саптардан ар бир курал жаракка эң жашынан машыккан баатырлардын өзөзүнчө болуп катарга тургандыгын жана ошол көрүнүшүндө чабуулга өткөндүгүн көрөбүз. Эл-жерди коргоодо “эр житит эл четинде” болуп, колуна жогоркудай курал алып, кээде өз чегинен өтүп, “жол чалып жортуулда жүргөндө, же “жылкы тийип, тил кармоого” аттанганда колго түшкөндүгүн же колго түшүргөндүгүн балдардын “ак терек - көк терек”, “колго түшмөй” деген оюндарынан да көрүүгө болот.

Туткунга түшкөн каршы жактын адамы кайсыл жакка, кайсыл элге колго түшсө, ошол элдин ишин кылууга, салтын жолдоого, жортуулдарга чогуу барганга милдеттүү болгон. Ошол коомдун, уюмун закондуу мүчөсү болуп калган. Аталган оюндарда ар кандай шарттарда жасалуучу салттык көрүнүшторду балдар тууураган. Балдар бой тартып өсө баштаганда эле чоңдордой болууга аракет кылышкандыгы жаш өзгөчөлүгүнө карата согуштук куралдарды колдоно билгендиги эпосто мындайча берилет:

Он экисинде ок аткан,
Он үчүндө найза кармап жоо сайган,
Он төртүнө келгенде,
Ордо бузуп үй чапкан.
Он беш жашка келгенде,
Орчун журтка баш болгон [КЖФ. Инв. № 5187. 120-6]

Манастын баатырдыгына карата айтылган ушул мүнөздөмө жаш кезинен элди коргоп, жоо саюуга даярданган бардык баатырларга берилүүчү мүнөздөмө. Жоокерлердин машыгуу өнөрү тынчтык мезгилинде элге көрсөтүлүп көпчүлүктүн сынынан өткөн. Ошондон кийин гана белгилүү жыйындарда, аш-тойлордо “согуш оюнуна” абдан машыккан жигиттер эл ортосуна чыгышып “эр сайышка”, “жамбы атышка”, “кылыч чабышка”, “күрөшкө” жана башка мелдещтерге түшүп, өз күчтөрүн, жөндөмдүүлүгүн сынап көрөшкөн. Мына ушундай өнөрпоз жигиттерден кол курап жыйынларга баруу кээ бир “жакшылар” үчүн биринчиден, атак-даңк, сөөлөт болсо, экинчиден, ич ара келишпей жүргөн душамандарына кыр көрсөтүү, алардын үшүн алуу кызматын аткарган. Мындай көрүнүш уруучулук жана феодалдык коомдордо өзгөчө адатка айлангандыгын “Манас” эпосундагы Көкөтөйдүн ашына чакыртылган хан, бектердин кол курап келгендигинен да көрүүгө болот [Манас, 1959:30] Ашка келген дос-душмандын сесин алыш үчүн, Манас баштаган кырк чоро, кыркы бирдей ак боз ат минип, окшош кийим кийинишип, баары бирдей жарак тагынышып, Тазбайматтын тебетейин көккө ыргытып, жерге түшүрбөй кыркы кырк жолудан атышып, ошол аш өтүп жаткан айылга сүрдүү да, шаңдуу да болуп киришкендиги далай зөөкүрлөрдүн жүрөгүн түшүрөт [Семетей, № 1121: 82].

Ушундай чоң-чоң аш-тойлордо топко түшүп өз өнөрлөрүн көрсөтүшүп, эл элегинен өтүшкөн жигиттер гана эл-жерди коргоонун ыйык милдетине татыктуу болушкан. Сыналган өнөрпоз

жигиттерге ишенген эл алар жөнүндө “эр жигит эл четинде, жоо бетинде” деп алардан элдин коргоочусун, сакчысын көрүшкөн. Албетте, бардык эле жигиттер мындай ыйык ишенимге татыктуу болушкан эмес. Ошондуктан, бул ишенимге жетиш үчүн “эл уулдары” болуп аталган чоролор тынчтык учурда, “зериккенде” “ордо” куруп, эки жаатка бөлүнүп машыгышкан. Күндөлүк турмуштун адаттагыдай көнүмүшүнө айланган бул көрүнүштөрдүн алгкчкы башталмасы көпчүлүк элдик оюндарда чагылдырнлган. Башкача айтканда, “ордо” оюнун башка бир көрүнүшүн “упай” оюнунан көрөбүз. “Упай” оюнун “үйдөгү ордо”, деп аталгандыгын төмөнкү белгилердин натыйжасынан көрөбүз.

Баатырдык эпостордун көпчүлүк материалдарынан жоокерчилик турмуштагы согуш жетекчилеринин, баатырларынын, жол башчы акылмандарынан ж.б. эл башна коркунуч түшкөндө, орчундуу окуялар болордо өздөрүнчө чогулушуп, кеңеш куруп, өздөрүнчө талкуулашып бир жыйынтыкка келишкенден кийин гана чечимди элге жарыя кылып, элдин талкуусуна койгондугу белгилүү. Тактап айтканда, “Манас” эпосунда “чоң казатта” атактуу баатырлардын кеп-кеңешине кошулбай калган баатыр Чубактын “намыс, арына келиши мындайча берилет:

Нойгут оён Чубагы
Кеп-кеңештен калганы,

Ушунчалык кордукпу
Айтышканда сөздө жок.
Көрүшкөндө көздө жок, – [Манас, 1959: 141-142]

деп ал өзүн элден чыккандай сезет. Мурун анын кеп-кеңешин, оюн уккандар эми аны менен эсептешпөөчүдөй туюлат.

Ал эми "Семетей" эпосунда душман менен болгон согушту токтотуу максатында Семетей өз чоролорун топтоп жол башчылары менен кеңеш кылып, анан бир жыйынтыкка келишкендиги мындайча берилет. Семетей, Үрбүнү Коңурбайга элчиликке жиберип жатып: "Мында коркуп жата бербесин, келсин, сайышып кумардан чыгышалы, же сүйлөшүп, бүтүшүп тынышалы", - дейт. Анда Коңурбай да өз абалын чамдап көрүп, уулуктарын жыйып, "Семетей менен жарашып журт болушалы, жер сураса да берип тынышалы" [Семетей, № 1121: 106], деген жыйынтыкка келет.

Баатырлардын, айыл аксакалдарынын, жол башчылардын дөбөдө же үй ичиндеги ушундай кеңештери, талкуусу, кырдаалдын абалына карата талашып, тартышкандыгы байыкы элдик оюндардын бири "Упай" оюнунда чагылдырылган. Бул оюндагы биринчи көзгө уруна турган нерсе, оюндун бардык катышуучулары (эки жана андан ашып) өз катаралары менен ойнолуп жаткан чүкөлөрүн ортого калчап, аны бир нече басымдарга бөлүштүрүп, ар кайсы жерге коюп, кайра чогултуп, бирден атып, көп чүкө алууга аракет кылгандыгы [Омурзаков, Мусин, 1973: 85]

Ушул көрүнүш менен "ал оюнчу жанында отурган башка оюнчуларга (кеңешменин башка катышуучуларына) кырдаалдын талабына карата өз оюн түшүндүргүсү, калчалган чүкөлөрдү басымдарга бөлүштүрүү менен куралдуу күчтөрдү кандай кылып бөлүштүрүү керектигин , чүкөлөрдү таамайлап так атуу менен кимди кайсы жака жиберүүнүн зарылдыгын, чабуулду кайсыл топтон баштоо ийгиликтүү боло тургандыгын ж.б. ой – максатын чүкөлөр аркылуу көрсөтүп, айтып өз оюун бөлүшкөндүгүн көрөбүз. Ал эми калган оюнчулардын ушул эле тартипте оюнду улантуусу же өз катарына бир нече бөлүккө бөлүнгөн чүкөлөрдү бир топко бириктирип, баарын кошуп, оюунчуларды ортосуна чачырата калчап, эң мурун "ханды атып, андан кийин жайнаган көп чүкөлөлөрдү өтө кылдаттык менен бирден терип атышкандыгы кеңешмеге катышкан ар ир согуш жетекчисинин, билермандардын пландарын канчалык даражада туура экендигин текшергендик же өз ойлорун аныктап көрсөткөндүк, ортого талкууга койгондук болуп эсептелген.

Эгер "упай" оюунда согуш жетечилеринин, айыл аксакалдарынын өздөрүнчө жыйылып алдыдагы иштерди талкуулагандыгы, талаш-тартыштарын чагылдырган болсо, ал эми ордо оюун аркылуу бул талкуунун жыйынтыгы, тууралыгы эшиктеги көпчүлүкө, жоокерлерге жарыя кыылган, көрсөтүлгөндүгүн айтылып, түшүндүргөндүгүн байкайбыз. "Упай" оюунун "үйдөгү ордо" деп аталгандыгы мына ушул байланыштын, ушул көрүнүштүн негизинде түшүндүрүүгө болот. Ушинтип үйдөгү "ордодо" согуштук кырдаал, көп жолу , алык-салык ж.б. маселелер талкууланса эшиктеги "ордо" душман менен боло турган бетешүүлөр жана ага даярдануулар, машыгуулар, үйрөтүүлөр көрсөтүлгөн. Жарданып тегеректеген караламан жалпы элге "ордо" аркылуу кимди кайда көчө тургандыгы, жолу кимдин-ким менен боло тургандыгы, жайлоо- жайыты, кыштоо конушу көрсөтүлүп, түшүндүрүлгөн.

Көчмөн уруулар жайгашкан териториялардагы байыркы көрүстөндөрдөн археологиялык казууларда табылган көп сандаган чүкөлөр бир кезде ушул максатта пайдаланылган. Бул чүкөлөр баардык көрүстөндөрдө эмес айрым бир жоокерлердин (жетекчилердин) көрүстөндөрүнөн чыккандыгына караганда, бул чүкөлөр турмушунда колдонулган курал – жарактары, буюмдары сыяктуу эле өзгөчө мааниге ээ болгон. Көп сандаган чүкөлөрдүн көзөлүп жипке тизилгендигине караганда, бул тизинчектер, "көчүп конгондо", чабуулда жүргөндө же "коргонууда турганда дайыма" жетекчинин өзү менен кошо болгондугун далилдейт.

Керектүү учурда "жетекчи" өзүнүн жан – жөкөрлөрү, билермандары менен бирдикте көчтүн каяка, кандай болуп көчө тургандыгын, чабуул же коргонуу учурунда жоокерлерди ( күчтү) кандай кылып бөлүштүрүү керек деген сыяктуу жана башка маселелерди талкуулаганда тизинчектеги чүкөлөрдү ортого "упай" оюундагыдай кылып чачырата калчап, чүкөлөрдү атуу, бөлүштүрүү, кошуу, кезектешип калчоо ж.б. ыкмалары менен "көрсөтмө курал" катары пайдаланган. Арийне, археологиялык табылгалар менен кошо чыккан чүкөлөрдүн магиялык, фетиштик ж.б. максаттанр үчүн колдонулуушу да мүмкүн.

Байыркы көчмөндөрдүн ат үстүндөгү турмушунда чүкөлөрдүн ушул максатта пайдаланышып жана кийинчерээк бул көрүнүш төлгөөчүлөргө, бакшыларга ж.б. диндик кызмат кылуучуларынын кызыкчылыгына өтүп кеткендиги жалаң эскинин калдыктарына жатпайт. Мезгилден – мезгил өтүп заман оошуп, мезгил кайыгында калкып сүзгөн салттуу ордо оюуну нечен тоскоолдуктарга урунуп, өзгөрүп, азыркы көрүнүшүндө, азыркы маанисинде биздин күндөргө келип жеткен. Дүйнө элдеринин эч биринде кездешпеген бул оюндан, биз элибиздин көп кырдуу турмушун, тарыхын көрөбүз [Айдаркулов,1989: 14-15]. "Ордо" жана башка элдик оюундарынын ички сырларынын, мезгил катмарларына жашынып көрүнбөй калган алардын келип чыгуу булактарын ачып көрсөтүү зарыл. Элдик оюндарынын бизге келип

жеткен азыркы ойноо эрежелери илгерки алгачкы мезгилдерге караганда аздыр – көптүр өзгөрүшү закон ченемдүү экени белгилүү. Албетте, элдик оюндарынын бардык түрлөрүн, бөлүнүштөрүн кеңири изилдөө – болочоктун иши. Бул жерде эл – жерди коргоо маселесиндеги оюндардын негизги биримдигин түзгөн “ ордо” оюунуна өзгөчө кенен токтолдук. Ошентип, бул оюунда жана башка элдик оюндарда чагылдырган бир топ маселелерден улам айтылуучу жыйынтык момундай:

1. “Ордо” оюну алгачкы келип чыгуу булагын байыркы мергендердин жерге чийген чийини, ушул жерде жасалган ритуалдык кыймыл – аракеттери, ишенимдери, бири – бирине карата жасаган жаңсоолору, көрсөтүп үйрөтүүлөрү;

2. Биз сөз кылган оюндар кийинки шартка карата өзгөрүлөн өөрчүгөн көрүнөт, ал жоокердик турмуштагы келишпестиетердин негизинде пайда болду. Жоокерчиликтин кыйын кезеңиндеги катаалчылык күндөрүндөгү эл жерди когоо талабы бул оюундарда көрсөтүлгөн.

Оюндарда сырткы басып алуучуларга каршы күрөшүүдөгү согуштук өнөрлөргө үйрөнүүнүн, машыгуунун, кээ бир жактары, өзгөчө көрүнүштөрү чагылдырылган. Бул учурда байыркы мергендердин "коргон" чийиндери кандайдыр бир территориянын схемасын түшүргөн чекитти көрсөтүп, оюндун жүрүшү менен андагы боло турган окуяны баяндаган;

3. Айрыкча "ордо" оюнунан орун алган жоокерчилик мезгилдеги карама-каршлык көрүнүштөр, патриархалдык-феодалдык коомдогу таптык келишпестиктердин келип чыккан мамиледери ордо оюнундагы "хан" жана чүкөлөр менен турмушта хан баштаган эзүүчүлөрдү жоюуга карата жүргүзүлгөн элдин күрөшү, мүдөөсү, ой-максаты, аракети көрсөтүлгөн.

Революцияга чейин элибиздин тарыхы атайы жыйынтыкталып изилденип кагаз бетине түшпөгөн, жазылбаган. Бирок, элибиздин миң жылдап саналган зор тарыхы, ой-максаты, мүдөөсү тээ кылымдар катмарынан бери кымындайдан жыйналып элдин эсинде сакталып келе жаткандыгы жана алардын дүйнөдө теңдеши жок "Манастай" эпопеяда унутулбай сакталгандыгы биз үчүн зор сыймык.

**Адабияттар**

"СЕМЕТЕЙ". Инв. № 1076. 2-кит.
"МАНАС". Кырг.ССР ИАнын Коомдук илимдер бөлүмүнүн кол жазмалар фондусу. Инв. 5184.
ЭПОС "МАНАС". - Фрунзе, 1958.
ОМУРЗАКОВ Д., МУСИН Ю. Киргизские народные игры. –Фрунзе, 1976.
КЫРГЫЗ ССР ИАНЫН КООМДУК ИЛИМДЕР БӨЛҮМҮНҮН КОЛ ЖАЗМАЛАР ФОНДУСУ. Инв. № 5187.
МАРГУЛАН А. Шокан и Манас. - Алма-Ата, 1973.
ТОГОЛОК МОЛДО. "Семетей". Инв. № 1016. 88-6. "Семетей'1- М., 1959.
ЭПОС "МАНАС". Инв. №5187.
"СЕМЕТЕЙ". Инв. № 1299.
"СЕМЕТЕЙ". –Москва, 1959.
ЭПОС "СЕМЕТЕЙ". Инв.№1121.
ЭПОС "МАНАС". - М., 1959.
ЭПОС "СЕМЕТЕЙ". Инв.№1121.
АЙДАРКУЛОВ К. “Ордо оюнунун сырлары. “"Семетей" эпосунун материалдарынын негизинде) //Кыргызстан маданияты. 1980. 20-февр. I4-I5-6.
АЙДАРКУЛОВ К. “Ордо оюну”// Мугалимдер газетасы. 1977, 4-февраль.

# КЫРГЫЗДЫН УЛУТТУК ОЮНУ «ОРДО» ОЮНУНДАГЫ АЙРЫМ ТАРЫХЫЙ МААЛЫМАТТАР

**Тыныстан АРЗЫБАЕВ***

Кыргыз жергеси бир убактарда байыркы адамдардын мекени болгондугун жана алар өз дооруна таандык маданиятты түзгөндүгүн археологиялык бай табылгалар айгинелеп турат. Байыркы адамдардын табигат кырсыктары менен күрөшүүсү, жан багуу үчүн жасаган аракеттери, эмгеги, көчмөн турмушу, аскерий жортуулдары деги эле эркин жашоо үчүн болгон баатырдык күрөштөрү, жалпы элден, алардын уул-кыздарынан чыдамкайлыкты. эрдикти, биримдикти, машыгууну талап кылаары шексиз.

Бул жагдайлар элдин күндөлүк турмушундагы кайталанып туруучу көнүмүш адат болуп, эл турмушунда өз изин, өз тагын калтырбай койгон эмес. Айрыкча, кыргыз элинин баатырдык эпосторунан, мезгилдин демин, шаңын уксак, ал эми элдик оюн - зооктордун көпчүлүгүнөн ошол кездин байыркы турмуш үзүндүлөрүн көрө алабыз. Бул жерде биз, элдердин өткөн замандардагы турмуш-тиричилигинин кээ бир жактарын чагылдырган элдик оюн-шоокторго гана токтолуп, ошого карата болгон, өзүбүздүн ой-пикирибизди ортого салмакчыбыз.

Кыргыз элинин илгерки оюн-шоокторунун ичинен элдин тарыхый турмушун өз ичине көбүрөөк камтыганы - «ордо» оюну.

Бул оюн кыргыз элинде гана учурайт. «ордо атыш», «Ордо» деп оюундун аты эле айтып тургандай, оюн көпчүлүктүн тагдыры чечилген чоң жыйындарда, айыл арасында көпчүлүктүн катышуусу менен көп ойноло тургандыктан «жыйындын оюуну», «ордонун оюуну» болуп аталып калган. Көпчүлүк жазма адабияттарда жана элдик оозеки чыгармачылыкта «ордо» деген сөз хандын же уруу жетекчилерин жана башка билермандардын турган жайы катары берилгендиги белгилүү. Ал эми кыргыз тилинде «ордо» деген термин эки мааниде айтылат: I) жогоркудай эле кол жетекчисинин турган жайын билдирсе, 2) элдик оюн «ордону» билдирет. Экөөндө тең «ордо» деген термин «орто» деген түрк тилиндеги сөздөн келип чыгышы ыктымал. Бул сөз түрк тилиндеги элдердин кайсынысына таандык болсо дагы кргыз тилинде «т» тыбышынын «д» тыбышна өтүүсү менен «орто» деген сөз «ордо», башкача айтканда, орто-ордо, ак орто - ак ордо болуп өзгөрүшү мүмкүн. Элдик оозеки чыгармачылыгынын кээ бир мисалдарына кайрылалы. «Манас» жана «Семетей» эпосторунда хандардын ак ордосу бир канча айылдын, көп жерлердин так ортосу катары берилет. Ак ордо тигилген Боз дөбө кыргыз эли жайлаган Иле өрөөнүнүн Текес, Күнгес өзөндөрүнүн, Музарт, Жылдыз тоолорунун, Каркыра, Аксы, Үч Мерки ж.б. жайлоо конуштарынын так ортосу катары сүрөттөлөт да, Манас мына ушул «жер киндиги» Боз Дөбөгө ордо куруп. аны борборго айландырат. (КЖФ. № 5187: 69) Ошондуктан эпосто «жер ортосу» Боз Дөбө деп берилет. (“Манас”, 1985: 256)

Ущул жер отросу Боз Дөбөгө тигилген Ак ордо ак койдун жүнүнөн кылдаттырылып, аппак борго бордотулуп, ак кийизден жасалгандыгы үчүн «ак ордо» деп аталгандыгы шексиз. (КЖФ. №1121: 10)

Боз Дөбөдөгү “ак ордонун” ортого тигилиши эпосто төмөнкүчө берилет

Көк дөбөнүн үстүнө,
Менин үйүм тиккиле.
Катын-эркек аралаш,
Аркан ченеп алгыла...
үйгө үйдү кабыштап,
Учкаштырып тикпеңер,
Айылдын көркү бузулат.
Сыйра тиккен шамга окшоп,
Илгери кийин билинбей,
Жаккан оту көрүнсүн,
Тегерек тартып түз консун,
Арасын ийрип көп консун.
Сыдыргандай түз консун! (КЖФ. №844: 363-364)

Мында көчмөн турмушта “тегерек тартып, түз конушкан” байыркы кыргыз айылынын. жалпы конуу тартибин, сырткы көрүнүшүнө өзгөчө мааии берилгендгин жалпы эле айыл элесин» көрө алабыз.

По эпосу участники имели пики, мечи которые применяли в ходе состязаний. Иногда состязания кончались смертью одного из богатырей. Но и здесь были определенные правила, которые соблюдались участниками. Манас и Конурбай долго не могли сбить друг друга.

Поединок на пиках Манаса с Конурбаем так описан в эпосе:

«Храбро встретились они,
Манас и Конурбай.
Не сразу пики пустили в ход, -
Долго метились они,
Пикой Конурбай махнул,
Пикою махнул Манас,
Мастерство свое проявил,
Конурбая сбил Манас.
А стан киргизский ликовал,
Хвалу Манасу воздавал,
Победу над своим врагом
Шумно он торжествовал» (Жирмунский: 1962).

Венцом тризны явились скачки «ат чабыш». На скачках участвовали тысячи скакунов. Скачками руководили шестьдесять судей. Устроителям скачек было разрешено выделить победителям 61 приз.

В «ат чабыше» борьба за призы достигает апогея. Это уже не просто состязание скакунов, а вопрос чести и славы племен. Причем для достижения цели не брезгуют никакими средствами: тянут под уздцы лошадей, меняют на дистанции тулпаров – скакунов, устраивают засады на опасных соперников, калечат коней противников и т.д.

На скачках в честь поминок Кокотея участвовали знаменитые тулпары из многих земель. Среди них был и крылатый конь Манаса Аккула. Но в начале скачки Аккула шел седьмым, а конь китайского богатыря Джолоя - шел первым. Затем шли такие быстроногие и испытанные тулпары, как Чалкуйрук, Чонсары, Керкашка, Жаркызыл, Кокала. О скачках описывается так.

«Барабанит копытами землю,
Чистокровный тулпар Аккула
Взмок до самых кончиков ушей,

Валит пар из его ноздрей.
Из – под мышек внезапно
Расправились крылья тулпара .
Аккула, скакавший седьмым,
Передних настигает как стрела…
На майдане пыль поднимая,
Крылатые скачут тулпары!
Ликованье в стане кыргызов –
Пришел первым их конь Аккула!» (Саралаев, 2011: 30-33).

И во второй части трилогии «Семетей», и в третьей части «Сейтек» описаны традиционные игры и состязания. Они в значительной степени дополняют и разнообразят богатый фактический материал о народных подвижных играх и богатырских состязаниях, которые отражаются в устном народном творчестве кыргызов. Так, во второй книге трилогии «Семетей» описываются интересные события о том, как жена Манаса Каныкей загадала о том, что если конь покойного Манаса Тайтору победит на больших скачках в Бухаре, то сбудутся ее мечты – Семетей станет достойным наследником богатыря Манаса, вернет ханскую власть, восстановит порядок на земле кыргызов. В это время Каныкей со своей свекровью Чыйырды (мать богатыря Манаса) с Семетеем (тогда еще младенцем) бежали от сородичей Манаса, предавших его и боровшихся за ханскую власть в Бухару к брату Каныкей Исмаилу.

В эпосе показано, что Каныкей сама готовила Тайтору к скачкам. И в итоге скачек Тайтору одерживает блестящую победу среди более чем 600 скакунов (Липкин, 1996: 214).

*Общие выводы:*

- в доступной литературе имеется богатый фактический материал, касающийся исследуемой темы. Анализ данных показывает, что в эпоху феодализма народные игры и богатырские состязания развивались в тесной связи с кочевым образом жизни, скотоводческим хозяйством и военными событиями.
- игры и состязания кыргызов эпохи феодализма можно классифицировать как: военно – физические упражнения; мужские состязательные пешие игры; конные спортивные игры и состязания; подвижные игры; игры развивающие умственные способности; забытые и запрещенные игры; традиционные игры; ролевые игры для детей и подростков.
- в физкультурном вузе необходимо широко использовать материалы эпоса «Манас» в процессе преподавания предмета «История физической культуры». Причем следует особо подчеркнуть тесную связь игр и состязаний с вопросами экологии, наличием воспитательных функций, использованием их в качестве зрелища.

**Литература**

ЖИРМУНСКИЙ В. М., Народный героический эпос, Москва-Ленинград, Госполитиздат. 1962. – 435с.

“Киргизский народный эпос «Манас». Стрельба в джамбу”. Пеньковский Л. Избранные стихотворные переводы. – Москва. – 1959.- С. 118-208.

ЛИПКИН, С., Манас великодушный – Бишкек: «Учкун». 1996. 214с.

ЛИПЩИЦ, И., “Национальные виды физической подготовки по эпосу «Манас» // Советская Киргизия, Фрунзе, 1944. 23 августа.

МОЛДОБАЕВ, И. Б., «Манас» - историко-культурный памятник кыргызов. Бишкек: «Кыргызстан». 1995.- 312с.

МУСАЕВ, С., Эпос «Манас». – Фрунзе: - 1979. - 204с.

САРАЛАЕВ, М. К., “Трилогия «Манас» - важный источник истории физической культуры кыргызов”. Материалы «I-го Международного симпозиума по борьбе каракуджак и шальвар» . – Кахраманмараш (Турция). - 2011. - С. 50-53.

27

# К. К. ЮДАХИНДИН «КЫРГЫЗЧА-ОРУСЧА СӨЗДҮГҮНДӨГҮ» ОЮН ЛЕКСИКАСЫ

**Таалайбек АБДИЕВ** [*]

**Özet**

Günümüzde Kırgızca'daki yaklaşık 40000 sözcükten oluşan 'Kırgızca-Rusça Sözlüğü' sadece Kırgız Sözlükçülüğünde değil, Türkoloji alanında da en önemli çalışmalardan biri olarak sayılır. Bu sözlükteki birçok konu açıklamalı niteliktedir. Bununla birlikte sözlükte halk oyunları ile ilgili terimler de çokça yer almaktadır. Söz konusu sözlükte sözcüklerin Rusça tercümesi ile birlikte anlamları açıklanmıştır. Bu sözlerden günümüzde tarihi niteliğe dönüşen sözcükler de ve toplumun büyük kısmına belli olmayan sözcükler de yer almıştır. Bundan hariç sözlükte başka dillerden giren sözler ve bazı lehçeler de vardır. Sunumda bu konu ile ilgili bilgi verilecektir.

**The Vocabulary related to games in "Kyrgyz-Russian Dictionary" by K. K. Yudahin**

**Abstract**

The "Kyrgyz-Russian Dictionary" by K. K. Yudahin which includes 40 thousand widely used Kyrgyz words is a unique work not only in the field of lexicography but also in the study of general Turkic languages. The dictionary is the rich source of lexical, illustrative vocabulary and folk games vocabulary as well. They all have Russian translations, explanations and comments. Moreover, we can face with rarely used words which became historicisms, borrowed words and dialecticisms. The article is related to the brief information in this field.

Азыркы кыргыз тилиндеги 40 миңге жакын сөздү камтыган К. К. Юдахиндин «Кыргызча - орусча сөздүгү» кыргыз лексикографиясындагы эле эмес, жалпы түркологиядагы уникалдуу эмгектердин бири болуп эсептелет. 1965-жылы жарык көргөн бул сөздүк иллюстрациялык материалдарга абдан бай жана мында башка тилдик материалдар менен бирге элдик оюндарга байланыштуу лексика да камтылган. Албетте, сөздүктө сөздөрдүн бул тобу системалуу түрдө берилген эмес, бирок сөз маанисин чечмелеп берүү максатында берилген тилдик материалдар абдан кызыктуу жана өзүнчө сөз кылууга арзыйт. Анткени алардын айрымдары бүгүнкү күндө эскирип колдонулбай калса, айрымдары оюнга байланыштуу сөздөрдүн маанисин аныктоого, тактоого, синонимдерин табууга жардам берет. Мындан тышкары, эки тилдүү котормо сөздүк болгону менен энциклопедиялык касиетке ээ бул сөздүктө өздөштүрүлгөн сөздөрдүн кайсы тилдерден келгени да көрсөтүлгөн жана ушундан улам оюн лексикасына тиешелүү сөздөрдүн этимологиясын тактоого да мүмкүнчүлүк берет.

Сөздүктө сөздөрдүн орусча котормосу менен бирге мааниси чечмеленип, түшүндүрмө берилет. Мисалы:

**эңиш III** 1. состязание всадников, состоящее в сталкивании друг друга с коня, выбивании из седла; 2. джигитовка, состоящее в том, что всадник должен схватить с земли монету (Юдахин 1965: 955).

Бул сөздүн биринчи маанисинин синоними бар экени сөздүктө көрсөтүлгөн:

**оодарыш** то же, что эиш (Юдахин 1965: 571)

Сөздүктүн башка бир жеринде жогорудагы сөздүн экинчи маанисинин да синоними бар:

**тыйын эңмей** спорт. состязание всадников, состоящее в схватывании на скаку монеты с земли (Юдахин 1965: 789)

Жогоруда айтылгандай, алардын ичинде азыр колдонулбаган, элдин кеңири катмарына белгисиз сөздөр да бар. Алар сөздүктө тарыхый термин же историзм катары белгиленген. Мисалы:

**жылаңач чабыш** ист. состязание двух обнаженных до пояса всадников, старающихся ударить друг друга плетью по голому телу (Юдахин 1965: 832)

Сөздүктүн башка бир жеринде ушуга окшош дагы бир түшүндүрмө берилген:

**жылаңач чабышуу** сев. ист. дикое развлечение феодальной знати: два оголенных до пояса человека друг на друга испытывали силу удара плетью; «приз» от феодала получал тот, кто проявлял больше стойкости (Юдахин 1965: 279). Сөздүктөгү көрсөтмөгө ылайык, бул историзм кыргыз тилинин түндүк диалектисине таандык.

**төө чечкен** же **төө чечтирмей** ист. дикое развлечение феодально-родовой знати: голая женщина, нагнувшись, зубами отвязывала верблюда, привязанного к низко вбитому в землю колышку; верблюд поступал в пользу отвязавшей его женщины. Буга төө чечкендей кыл, төө чечкенден да жаман уяттуу көрүнүш деген сыяктуу иллюстрациялык материалдар берилген (Юдахин 1965: 758)

[*] Филология илимдеринин кандидаты, доцент, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Бишкек, Кыргызстан, taalaykambar@gmail.com

Оюнга байланыштуу айрым сөздөр мында этнографиялык термин катары да берилген. Мисалы, «**ит тартыш**» деген сөздүн мааниси төмөнкүдөй чечмеленген:

«состязание в силе, состоящее в перетягивании друг друга веревкой (двое на некотором расстоянии садятся спиной друг к другу, захлестнув верёвку на грудь, и тянут каждый в свою сторону)» (Юдахин 1965: 304).

Буга төмөнкүлөрдү да мисал катары келтирүүгө болот:

«**таз чабыш** или **таз салыш** состязание паршивых (два паршивых с завязанными глазами и оголенными корпусами били друг друга свежими легкими овцы – одно из диких развлечений прежней знати на пирах)» (Юдахин 1965: 688)

Жогоркудай азыр ойнолбой калган оюндардын катарына сөздүктө көрсөтүлгөн төмөнкү оюнду да кошууга болот:

**жөө оодарыш** состязание: двое, сев на чьи-либо спины, стараются стащить, свалить друг друга (Юдахин 1965: 571)

Жогоруда айтылгандай, сөздүктө оюн лексикасына тиешелүү айрым сөздөрдүн кайсы тилден өздөштүрүлгөнү да көрсөтүлгөн. Мисалы:

**жамбы** кит. 1. уст. слитки серебра (различной формы и различного веса, употреблявшиеся в Китае в качестве денег); 2. общее название благородных металлов; 3. ист. (на состязаниях в стрельбе) слиток серебра или какая-либо другая драгоценность (в Тянь-Шаньской области называлась эрдем или эрден); **жамбы атмай** или **жамбы атышмай** вид спорта: стрелки из лука, а позднее из ружья, состязались в сбивании слитка серебра, подвязанного на высоте на тонкой нитке (попасть нужно было в нитку) (Юдахин 1965: 225).

Жогорудан көрүнүп тургандай, кытай тилинен өздөштүрүлгөн бул сөздүн кыргыз тилинде «эрдем» деген төл сөз-синоними бар жана ал сөздүктө белгиленген:

**эрдем** I эрден тянь-шань. см. жамбы 3 (Юдахин 1965: 959)

Бул сөздүн эрдем II храбрость, мужество деген омоними бар экени да көрсөтүлгөн (Юдахин 1965: 959).

Сөздүктүн башка бир жеринде бул оюндун дагы бир аталышы берилген:

**кыйык** – (в эпосе) нитка, на которую привязывалась жамбы

**кыйык атмай** состязание в стрельбе с попаданием в нитку с привязанной к ней жамбы (Юдахин 1965: 482)

Оюн лексикасынын арасында арап жана иран тилдеринен кирген сөздөр бар:

**заяпкер/саяпкер** ир. берейтор, жокей (Юдахин 1965: 290)

**саят** –ар. охота на ловчих птиц с сетью; саят тоскон адамга ак жибектен тор кызык

**саятчы** – ловец и тренер на ловчих птиц (ловит сетью) (Юдахин 1965: 639)

**мүлүшкөр/мүнүшкөр** – ир. сокольник (специалист по выноске и тренировке ловчих птиц и охоте с ними)

**мүлүшкөрдүк/мүнүшкөрдүк** профессия или положение сокольника (Юдахин 1965: 542-543)

Негизги оюндардын бири болгон ат чабышка, анын түрлөрүнө тиешелүү төмөнкүдөй сөздөр бар:

**ат чабыш** – скачки, бега, конские ристалища

**чоң чабыш** ист. скачки на поминках

**кунан чабыш** 1. скачки трехлеток; 2. дистанция скачек трехлеток

**аламан чабыш** общая потасовка, общая свалка (Юдахин 1965: 832)

**байге** 1. скачки; состязание в беге, в скачках; 2. приз на скачках;.уст. приз, премия (вообще); 3. финиш

**көр байге** или **кемеге байге** малые скачки (в них участвовали рядовые скакуны, устраивались они накануне главных скачек для менее почтенных гостей)

**тегеретме байге** или **тегеретме ат чабыш** скачки по кругу (как на ипподроме; в старом быту не было) (Юдахин 1965: 95)

**жарыш** бег наперегонки

**кара жарыш** конские скачки без приза (устраиваемые для предварительного испытание скакунов)

**ат салыш** 1. состязаться в конских скачках; 2. состязаться или принимать участие в состязании;

**жорго салыш** состязаться в беге на иноходцах

**жорго салыштыр** пускать в запуски иноходцев; соревноваться в скачках на иноходцах (Юдахин 1965: 630)

Сөздүктө жоргонун түрлөрү да көрсөтүлгөн:

**жорго** 1. иноходец; 2. иноходь

**жол жорго** небыстрая иноходь

**кой жорго** мелкая иноходь

**чапма жорго** быстрая иноходь; быстрый иноходец

Элге кеңири белгилүү болгон кыз куумай оюнунун да сөздүктө бир нече мааниси берилген:

**кыз куумай** 1. свадебный обычай: жених, сидя на плохой лошади, догоняет невесту, под которой хорошая лошадь; 2. игра: один из играющих бросает камень – кыз качырат, а другой бросает ему вслед – кыз куудурат; 3. вид спортивной игры. Мунун синоними катары кыз куудурмай деген сөз берилген. (Юдахин 1965: 176). Ушундан улам бул оюндун мурун үйлөнүү ырым-жырымы катары аткарылганын да божомолдоого болот.

Сөздүктө ат жана куш таптоого байланыштуу төмөнкүдөй сөздөр бар:

**тап** тренировка, подготовка (коня к скачкам или ловчей птицы к охоте)

**тапчы** тренер (скаковых коней, ловчих птиц)

**тапкөй** кирг.-ир. опытный тренер (Юдахин 1965: 704-705)

**моюн тер** одна из фаз тренировки коня к скачкам: после выстойки гоняют до пота на шее, а затем, сняв попону, делают проводку, пока пот не высохнет (Юдахин 1965: 533)

Көк бөрү оюнуна байланыштуу төмөнкүдөй сөздөр бар:

**көк бөрү** – скачки с козлом, козлодрание

**көк бөрүчүл** – участник или любитель козлодрания (Юдахин 1965: 418)

Бул сөздүн синонимдери да көрсөтүлгөн:

**улак** 2. этн. то же, что көкбөрү козлодрание; 3. туша козленка или теленка, которую дерут во время козлодрания

**улак чабыш** или **улак тартыш** козлодрание (Юдахин 1965: 801-802)

Мында көк бөрү оюнунун бир ыкмасы да көрсөтүлгөн:

**тегеретме** южн. фаза в скачках с козлёнком, когда схвативший козлёнка должен бросить его, обскакав вокруг финиша (Юдахин 1965: 718).

Ушул сыяктуу эле күрөш оюнунун айрым ыкмалары да бар:

**жамбашкеш** кирг.-ир. спорт. тот, кто в борьбе бросает противника через бедро

**жамбашкештик** спорт. бросок через бедро (прием в борьбе)» (Юдахин 1965: 225).

**ит жыгылыш** борьба с переменным успехом (то один падает, то другой) (Юдахин 1965: 304-305)

Айта кете турган нерсе, сөздүктө күрөшкө байланыштуу «**жөө күрөш** борьба пеших (в отличие от поединков на конях)» деген сөз да берилген. Ушул сыяктуу эле «**жөө күлүк** (о человеке) бегун (пеший скакун)», «**жөө байге** состязание в пещем беге, состязание бегунов» деген сөздөр да бар.

Мүнүшкөрлүккө байланыштуу төмөнкүдөй сөздөр бар:

**бүркүтчү** охотник с беркутом (Юдахин 1965: 168)

**кушчу** соколятник, охотник с ловчей птицей

**кушпоз** любитель соколиной охоты (Юдахин 1965: 457)

Сөздүктө түлөктүн төмөнкүдөй түрлөрү көрсөтүлгөн:

**түлөк** (о ловчих птицах) уже линявший; в возрасте старше года

**бозум түлөк** беркут после первой линьки (т.е. по второму году)

**таш түлөк** беркут после второй линьки

**кум түлөк** беркут после третьей линьки

**ым түлөк** беркут после четвертой линьки

**ыл түлөк** беркут после пятой линьки (Юдахин 1965: 780)

Жалпы эле оюн сөзүнө байланыштуу сөздөрдөн төмөнкүлөрдү кездештирүүгө болот:

**оюнчу** 1. плясун, танцор; 2. уст. артист, актёр; акробат

**ат оюнчу** мастер джигитовки

**оюнпоз** кирг.-ир. весельчак, любитель игр и забав (Юдахин 1965: 586)

Мындан тышкары сөздүктө төмөнкүдөй кыргыз элдик оюндарына түшүндүрмө берилген:

**тогуз коргол** «девять овечьих катышков» (сложная киргизская настольная игра, отдаленно напиминающая шахматы: девять шариков и доска двадцатью лунками; две лунки – казна – в игре не участвуют, а служат для складывания шариков; для выигрыша требуется определённый расклад шариков по лункам) Синоними катары тогуз кумалак деген сөз берилген (Юдахин 1965: 406)

**ак чөлмөк** ночная (в лунные ночи) игра, состоящая в забрасывании и отыскивании мяча (вместо мяча часто берется кость или белая палочка) (Юдахин 1965: 871)

**ордо** игра в альчики (азартная игра у взрослых киргизов, воспроизводящая бой за захват ханской ставки) (Юдахин 1965: 577)

**так теке** 1) клоун на ниточке (клоуна изображает фигура козла; ниточки идут от «клоуна» к пальцам правой руки играющего на комузе или на варгане; «клоун» прыгает в такт музыке); 2) название мелодии, исполняемой при демонстрации «клоуна». (Юдахин 1965: 719)

Жыйынтыктап айтканда, К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгү» кыргыз тилиндеги оюн

лексикасын изилдөөдө баалуу булак болуп берери шексиз. Биз бул билдирүүбүздө аларды толугу менен карай алган жокпуз жана алар келечекте кенен изилдениши керек деп ойлойбуз.

**Адабияттар**

АБДУЛДАЕВ Э., Азыркы кыргыз тили. Бишкек, 1998.
Азыркы кыргыз адабий тили. Бишкек, 2009.
МАМЫТОВ Ж., Азыркы кыргыз тили. Лексикология. Бишкек, 2000.
САПАРБАЕВ А., Кыргыз тилинин лексикологиясы жана фразеологиясы. Бишкек, 1997.
ЮДАХИН К. К., Кыргызча-орусча сөздүк. Москва, 1965.
ЮНУСАЛИЕВ Б. М., Киргизская лексикология. Фрунзе, 1959.

## 28

# АТ ОЮНДАРЫНЫН ЭЛДИК ООЗЕКИ ЧЫГАРМАЧЫЛЫКТА ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫНА ТАРЫХЫЙ СЕРЕП (КОШОК, ЖОКТОО ЫРЛАРЫНЫН МИСАЛЫНДА)

**Венера АНАРБЕКОВА***

Адам жана ат бул эки түшүнүк те байыртадан бери эле биринен-бирин бөлүп алгыс бир бүтүн нерсе катары каралып келген. Айрыкча, көчмөнчүлүк жана жоокерчилик менен жашап келген элдерде ат өзгөчө сый - урматка ээ болгон. Ошондуктан элибизде «Ат, аттан кийин жат» деген сөз калган. Өзү ачка болсо да атына жем, чөп берип, атын тойгузган, сууткан, ар кандай кол салууларга, каршы турууга даяр болушкан. Байыркы жоокерчилик замандарда (түрктөр доорунда VI-VIII кк.) белгилүү жоокер жоо башчысы, эл башчысы көз жумуп, сөөгү жерге коюлганда, анын минген аты да өлтүрүлүп мүрзөгө бирге, чогуу коюлган (Асанканов-Осмонов, 2004). Жоокерге кийим кечеси анын денеси менен бирге мүрзөгө коюлгандай, жоокердин аты да жана ага таандык болгон ат жабдыктары менен толук бойдон бейитке коюлган. Мындай салт жоокердин минген атына болгон эң жогорку сый-урмат катары бааланган. Эң негизгиси жоокер тигил дүйнөдө да эч нерседен кемибесин, анын минген аты да болсун деген түшүнүктөгү улуу камкордук болуп эсептелинген.

Түрк руна сымал жазма эстеликтеринде тулпарлардын өңү түсүнө маани берилген. Мисалы, уруу же аскер башчыларына көбүнчө ак түстөгү аттарды ыйгарышкан. Алар алыстан эле таанымал болгон. Анткени, ким экенин, кайсы уруунун башчысы экенин билүү мүмкүн болгон. Өткөн доорлордо адамдар жерге, күнгө, сууга сыйынышып, бирдей өңдөгү кызыл түстөгү сары күрөң аттарды курмандыкка чалышкан. Ал эми жергиликтүү тоолордун жана кең тайганын ээлери (кудайлары) үчүн атайын ачык сары өңдөгү жылкыны, телеуттардын тонгул уруусунда ак чокулуу улуу тоонун ээси үчүн да саргыл торгул жылкыларын же бизче боз бээни курмандыкка чалышкан. Уруу чабышкан мезгилде хуннуларда элдешүүнүн белгиси катары бири-бирине “ак түстөгү” аттарды тартуу кылышкан. Ак түстөгү жылкыны союп, анын канын кымызга аралаштырып, 2 уруунун элинин өкүлдөрү бирдей ууртташкан. (Потапов, 1977: 166-167-170) Бул элдешүүнүн белгиси болгон. Мындай көрүнүштөр алтай элинде, кыргыздарда да кездешет. Мисалы, ак түстөгү атты бири-бирине тартуу кылбаса да, күлүк тулпарларды ыйгаруу жарашуунун жөрөлгөсү болгон.

«Ат адамдын канаты», «Алдыңда атың болбосо, минсе чатың толбосо, айылга барып не пайда?» «Алыска сапар жол жүрсөң, аземдүү жорго ат жакшы»; «Эрге кезек келгенде - экиден күлүк ат байлайт»; «Алыска сапар жол жүрсөң, алчактаган ат жакшы», - делип, улуу эпосторунан, эө майда нуска, жаңылмач, макал-лакаптарына чейин бул эки нерсеге (ат, камчыга) байланышкан түшүнүктөр арбын. Булардын баары кошок жанрында колдонулат. Мисалы:

Күүлөнтүп күлүк бактырган,
Күүлөнгөн күлүк атына.
Күмүштөн тумар тактырган (Кошоктор, 1998: 60).

Кыргыз элинин байыркы замандагы жоокерчилик турмушун, кубанычы менен кайгысын, ашы менен тоюн, үрп-адат, шаан-шөөкөтүн, медициналык жана диний көз карашын, ата журтунун географиялык жана эл аралык абалын, элдик оозеки чыгармачылыкта жана тарыхта терең чагылдырылган.

Балдарды 4-5 жашка келгенде эле айырмачка таңып, атка мингизип, толтурмачтап жетелеп үйрөтүшкөн. 7 жашка келгенде аттын кулагы менен тең ойногон. Ал эми мындай нерседен кыздар да куру калган эмес. Алар да жаш кезинен эле атка мингенге үйрөтүлгөн.

«Тулпар тушунда, күлүк күнүндө, ат, аттан кийин жат» деген макалдар төгүн жерден айтылбаса керек. Өзүнүн көчмөндүү турмушунда жана жоокерчилик заманда тулпарларды жоого минишкен жана алардын ролунун чоң болгондугун танууга болбойт.

Б.з.ч. I миң жылдыктын акыры б.з. I миң жылдыгынын I-жарымында Фергана өрөөнүндө өкүм сүргөн Дабан мамлекети асыл тукум жылкылары менен даңазаланганы тарых барактарында белгилүү. Байыркы Кытай тарыхый жылнаамаларында «Дабан аргымактары жылкылардын асман тукумунан жаралган, алардан кызгылт тер чыгат” деп айтылат. Аска беттерине түшүрүлгөн сүрөттөрдөн дабандыктар жылкыга табынганы да байкалат. (Кыргыз тарыхы, Энциклопедия, 2003: 160).

Эпостордо айтылгандай баатырлардын өмүрү алардын минген тулпарлары менен тыгыз байланышта болгон. Мисалы, Эр Төштүк баатырдын минип жүргөн Чалкуйругу аны бир нече жолу өлүмдөн аман сактап калган. Манас баатырдын Аккуласы Манас төрөлгөн күнү кара жалдуу кула бээден туулат да, өмүр

* Жалал-Абад Мамлекеттик Университетинин “Тарых” кафедрасынын окутуучусу

бою баатырга кызмат кылат.

Астындагы Аккула,
Жаа огундай кыркырап.
Туягы тийген таштарга,
Туш-тушуна быркырап.
Туурадан учкан майда таш,
Түндүк бою чыркырап (Манас, 1959: 208).

“Чоң казатта” Аккула окко учары менен Манастын шаштысы кетип, шайы оойт. Алманбет окко учканда, сөөгүн Сарала тулпарына жүктөп койсо ал бир-нече күнү суу ичпей, чөп чалбай жүрүп отуруп, Алмамбеттин сөөгүн аман-эсен Таласка жеткизет. Чоң казатта Чубака ок жанылып, астындагы көк тулпары Чубактын сөөгүн душманга бербей, ала качкан бойдон кетет (Бектенов,Мусин, 1978: 9). Калмактар менен болгон согушта Тейитбек Телтору тулпарын уулу Курманбекке бербей коюп, минген аты баспай калып, согушта калмактардын колунан каза болгондугу эпикалык чыгармаларда жакшы сүрөттөлөт. Ошондуктан,

Така туякты сактайт,
Туяк тулпарды сактайт
Тулпар эрди сактайт

Эр элди сактайт – деп бекеринен айтылбаса керек. Ал эми бүгүнкү күндө да эл арасында кайтыш болгон адамга карата жоктоолордо да -

Аргымак күлүк дедиртип.
Аргымак, айдап байге алдырган,
Кара Ойдун гана башын тостурган,
Кара сан күлүк коштурган
Калайык калктан башкага,
Кадыр баркын арттырган (Информатор Кадырматова, 2003).
Алтындан гана күрөк күрөгөн,
Бай атам, айда эле күлүк сүрөгөн.
Күмүштөн гана күрөк күрөгөн,
Менин болгонум атам,
Кундө эле күлүк сүрөгөн (Информатор Сопукулова, 2003).
Чоң Ормон өлгөндөгү кошокто да
Күдүргө чыга жайладың,
Күлбүртүп күлүк байладың,
Күлбүрткөн күлүк закымбы,
Тескейге чыга жайладың.

Телбиртип күлүк байладың, (Кошоктор, 1998: 257)- деген ушул сыяктуу саптарды жолуктурууга болот.

Ат чыбыш бул байыркы, эл арасына кеңири таралган спорттун түрү. Ат чабышка адатта узак аралыкка жүгүргөн күлүк жана чаалыкпас аттарды тандап алышат. Тажрыйбалуу саяпкерлер күлүктү а дегенде тай чабышка, анан кунан чабышка салышат. Бышты болгондон баштап чоң мелдештерге алып чыгат. Мурда ат чабыш ар кандай себептерге, өзгөчө той же аштын урматы үчүн уюштурулчу. Мөөрөйгө кымбат баалуу буюмдар, мал сайылчу. Ат чыбышка жылкылардын ар кыл тукумундагы, ар кандай жаштагылары катыша берчү. Ар бир саяпкер күлүгүн өз алдынча таптаган. Күлүктүн сымбаты, кан тамырлары, дем алуусу, жүрүшү боюнча анын жаңылбастан айтып берген сынчылар болушкан. (Кыргызстандын тулпарлары, 1980: 7)

Күлүгү чыгып байге алган,
Атама күрдөөлдү бир эл таң калган.
Атакемдин жайдагы чыгып жамбы алган,
Атакеме жалпы бир эл таң калган (Кошоктор, 1998: 66).

Элибизде “Ат чабышка” катарлаш эле “жорго салыш” ат оюндары да жанаша өнүккөн. Жылкынын жоргосуна карата; чапма жорго, төкмө жорго, урма жорго, кой жорго, жол жорго, - деп бир нече түргө бөлүшөт. Жорголордун бул түрүнүн ичинен чапма жорго менен төкмө жорголорду кыргыздар өтө жогору баалашкан да жорго салыш сыяктуу спорттук тамашаларга ушул эки түрүн калтырышкан. Урма жорго, кой жорго жана жол жорголорго анчалык баа беришкен эмес, кайсы бир убакта жоргонун бул акыркы үч түрүн

Жылкы жаманы жорго болот,
Киши жаманы молдо болот (Макал-лакаптар, 1996: 21) -

деп адамдык сапаты төмөн, арымы жок кишилерге карата колдонгон. Жорго тууралуу «Манас»

эпосундагы Бакайдын Бозжоргосу, Жаңыл Мырзанын Шырдакбектин Бозжоргосун минип качканы маалым. Ал эми эл арасында айтылып жүргөн кошок ырларынын да жоргону сыпаттаганын жолуктурууга болот.

Үзөңгүсү коргошун,
Бай атам, үзбөй минген жоргосун.
Басмайылы коргошун,
Бай атам, башынан минген жоргосун.
Жоргону көрсө кайтпаган,
Жортокко бутун артпаган.
Аргымак көрсө кайтпаган (Информатор Дунгулова, 2004).
Катыранкы эле, булак башына,
Карагер кулун байлаган.
Карагер гана кулун энесин,
Кара эле жорго минип айдаган.
Долоно эле, булак башына,
Торала эле, кулун байлаган.
Торала эле, кулун энесин,
Болгонум атам тору жорго минип айдаган, (Информатор Сопукулова, 2003)

- мында маркумдун тирүү мезгилинде саяпкерлик менен алектенгендиг, жылкы баласын тандап мингендиги жөнүндө баяндоодо.

“Сайыш” же болбосо “эр сайыш” кыргыз элинин өтө эле байыркы жоокерчилик замандагы оюндарынын бири. Эр сайыш тууралуу далилдүү тарых барактарына кайрылсак: Ормон хан Ниязбек уулу (1791-1854) Түндүк Кыргызстанды бириктирүүгө аракеттенген сарыбагыш уруусунун чоң манабы. (Кыргыз тарыхы, Энциклопедия, 2003: 313). Ормон хан бугу уруусуна айылынан бир байтал аягы менен жоголуп кетти деп, доо коюп, бирок бугулар албаганын ынандыра албай койгондон кийин, Ормонду бугудагы Алыбек баатыр туткундап, аягында Ормон каза табат. Хандын кунун кууп сарбагыштар төмөндөгүдөй шарттарды коет.

- Ормондун каны үчүн Боромбай, Балбай, Тилекмат, Мурза - төртөөнү кармап бериңдер, мууздайбыз;

- Же болбосо бугудан тандап туруп эң мыкты, сулуусунан бир жүз кыз бериңер, жүз карабоз ат мингизип, бир жыл алып жүрүп, бир жылдан соң кайра беребиз;

- Болбосо Ысык-Көлдүн күңгөй тескейи менен бошотуп бериңер дагы өзүңөр Текеске, Калмакка кирип кеткиле. Мына ушул үчөөнүн кай бир жеңилин кылып бергиле, үч күнгө чейин; - дейт.

Бул шарттар адам чыдап тура алгыс болгондуктан «сарыбагыш билгенин кылсын» дешип тарап кетишкен (Жусупов, 1991: 41).

Ушуну менен бугунун биринчи чабуулу башталып, сарыбагыш колу каптайт. Көп жолу бугу уруусун сайып кирээрдин алдында кеңеш кылышып, бугунун четинен бир бечараны кармап келишип мууздап, туусун кандап алып, артынан сүрө түшүшөт. Бул чабуулда адегенде жекеге чыгышып эр сайыш болот, жекесин Адыл ыргыта сайып, жоо качтылап качырышканда аламан каптап, нечен киши өлтүрүп, казан-аяк кайчы тулгаларын кыйратып, күлүн сапыра кууп, мал, дүнүйө мүлктөрү, кыз келиндери таланып, колго түшүп, кан жүрүп кетти (Солтоноев, 1993: 28-29).

Өткөн доорлордо эр сайыш эки уруунун же элдин каршылашуусунда бирден эр жүрөк баатырлар жекеге чыгып кармашкан. Катардагы аскерлер ураан чакырып турган. Ал эми убакыттын өтүшү менен эр сайыш да улам жаңыланып олтуруп, чоң аш-тойлордо оюн-зоок катары пайдаланыла баштаган. Сайыш бай-манаптар атакка, даңкка ээ болуу, көңүл ачуу, тамаша кылуу катарында эсептелсе, сайышка түшүп, майып болгон кедей-кембагалдардын үй бүлөсү, урук туугандары үчүн муң-кайгы болгон.

Улуу акын Токтогул Сатылганов сайыштын эмгекчил эл үчүн зыяндуу оюн экендиги жөнүндө мындай деп ырдаган:

Эки жаш толмоч баланды, эрегишке көкүткөн,
Карагай найза карматып, бирине-бирин өлтүрткөн.
Өлгөндүн куну көп болсо, бир жүз элүү теңгедир.
Көз көрүнөө өлтүрткөн, манабың менен жерге кир (Токтогул,1968: 58).
Эри сайыштан өлгөн аялдын кошогунда да -
Эңкейиште эр сайган,
Экини катар бир сайган.
Элинен чыгып башынан,
Эрен болуп байге алган.
Эчкирип күндө ыйладым,

Эч кимде болбос бул арман.
Эринен минтип айрылып,
Мен эмеспи үн салган.
Тоңкоюшта эр сайып,
Тогузду катар бир сайган.
Тобунан чыгып аталып,
Алакан жайып бата алган (Кошоктор, 1998: 253)- деген жоктоодо да мындый окуянын аягы жамандык менен бүтүп, аянычтуу тагдырга туш болгонун сүрөттөөдө.

Сайыштын эрежеси боюнча башка, бетке, моюнга, ичке, табарсыкка, колго саюуга уруксат жок. Анын негизги максаты, атаандашын төшкө сайып ат үстүнөн кулатыш керек болсо да, эрегишкен баатырлар бирин-бири кокого сайып, өлтүрүү, бирин-бири майып кылуу же экөө тең майып болуу натыйжасы менен аяктаган.

Сайышка чыгаар алдында ырчылар мындай деп жар чакырышкан:
Ат жакшысын мингизип,
Аколпок соот кийгизип.
Алманбеттей айбаттуу,
Кан Кошойдой кайраттуу,
Бет алган жерден чураткан,
Мерт кылып жоону сулаткан.
Көз ирмебей, түз сайган,
Көкөтөйдүн ашында,
Көк жал Манас баатырдай,
Көмөлөтө бир сайган.
Баатырың болсо топко сал,
Эр сайып берсе байгеңди ал (Манас, 1959: 156). - жарчылар ушинтип ырдап, жар салып турган кезде, төө баштаган бир тогуз жылкыны элдин ортосуна алып келип, эки-үч киши кармап турушчу экен.

Сайышка чыккандар бирин-бири атынан кулата саймайынча сайыша беришкен. Бакан сынса дароо бере коюу үчүн, эки-үч бакандарды камдап турган. Ал эми анын атаандашы болсо, ага жаңы бакан алып келгенче жетип келип, аны сайып кетүүгө аракет кылган. Сайышка эр жүрөк, күчтүү жана шамдагай адамдар түшкөн. Сайышта мөөрөй алган кишилердин даңкы алыска кеткен. Бизге белгилүү сайышка түшкөн кишилердин тарыхына көз салсак, сайышка бай-манаптын балдары түшкөн эмес.

Өткөн доорлордо сайышка жеке эле эркектер түшпөй, аялдар да катышып, эркектер менен сайышкан учур болгон.
Каткалаңдын Сайкалы,
Кайсы бирин айталы – дейт Сагымбай манасчы.

Ошол баатыр кыз Сайкал менен жаш кезинде Манас бир тойдо сайышка түшүп, кыз Сайкал Манасты атынан оодара саймакчы болгондо Чубак капталынан чаап барып: «Койгула эми чарчадыңар» - деп, ажыратып кеткен экен. Ошол ата салтын кууп, сайышка кээде эр жүрөк, балбан жана шамдагай аялдарда катышкан, бирок аялдардын байгеси эркектердикинен аз болгон (Бектенов, Мусин,1978: 135-136).

Жамбы атуу-кыргыз элинин эң байыркы замандан берки келе жаткан улуттук оюну. Бизге белгилүү оозеки чыгармаларга караганда, жана Актан Тыныбековдун Кыргызстан илимдер академиясынын кол жазмалар фондусунда сакталып турган кол жазмасында жамбы атмайдын жалпы схемасы мындай:

Он метрче узундуктагы карагайга бир шыргыйды улап, башына туура бир кулачтай жыгач тал байлап, ал жыгачтын боорун 10-15жерден көзөйт, бирок, кийизге таш же жылкынын тезегин салат да тиги туура жыгачтын боорлорундагы көзөнөктөргө байлап коет. Танаптар жылкынын куйругунун 5-6 талы менен байланат. Атканда ошол танап кылдары гана атыш керек. Бирок, жамбынын өзүнө ок тийсе, кылдарды үзүп кетет.

Эгер таш же жылкынын тезегинин ордуна кийиз баштыктын ичине чыныгы жамбы салынса, боорундагы көзөнөктөрдүн саны көбүрөөк болуш керек. Эгер, жамбынын өзүнө тийип, кылдары үзүлүп кетип, жамбы жерге түшсө, - жамбыны ыргыта атканга эсеп болот. (Анаркулов, 1991: 56-57).

Жамбы бул күмүштүн же болбосо башка бир асыл заттын мөрөйгө берилүүчү кичине уютмасы, аны жипке байлап узун шыргыйга илип салаңдатып байлап асып коет. Оюндун шарты боюнча ат минип турган киши жипти атып кичине уютманы жерге түшүрүү керек. Бул кыргыз элинин илгертен бери кеңири таралган спорттук оюну. Мурда жаа менен атышса, кийин-кийин мылтык колдонулуучу болду (Кыргызстандын тулпарлары, 1980: 11). Айрым аш тойлордо жамбы ата турган жигиттерге бул оюнду татаалдаштырыш үчүн жаанын жебелерин жерге тийгизип коюшкан да, жамбыны ата турган жигиттер ат чаап келе жатып жерде жаткан жебелерди катары менен эңип алып анан илинип турган жамбыны ыргыта атыш керек болгон. Мөселен, жерге ташталган үч жебенин бирөөсүн эңип кеткен жигит, жамбыны бир эле

жолу атууга укуктуу. Ал эми үч жебени тең эңип кеткен жигит үч жолу атканга укуктуу болгон. Албетте, үч жолу аткан жигит артыкчылыкка ээ болоору белгилүү. (Эркин тоо газетасы, 2014. №64).

Бул оюнга көбүнчө “Ак каңкы” типтеги ээрлерди пайдаланышат. Анткени, ээрдин алды жагы бир аз алга эңкейиш жасалган, анчалык кенен эмес каптал жактары бирдей үч бурчтук түрүндө, ээрдин кашы тегерек. Ээрдин кашынын учу бир аз төмөн ийилген. Арт жагы бир аз өйдө, кенен жарым тегерек, отуруучу жери улам артка тарткан сайын кенен. Мындай типтеги ээр Суусамыр өрөөнүндөгү, ошондой эле Кетмен-Төбө ойдуңундагы кыргыздарда, өзгөчө саяк уруусунда кеңири таралган. Ошондуктан, адабиятта мындай ээрлер “саяк ээр” деп аталып жүрөт. Ал кокусунан минтип аталып калбаса керек. Мындай ээрлерди саяк уруусундагы усталар чабышкан, ошентип, алардын атынан аталып калган көрүнөт. Кетмен-Төбө ойдуңундагы кыргыздар мындай ээрди “көк баш ээр” дешет, анткени, ал ээрлердин кашы көк түстө боёлот. Ак каңкы ээр “Манас” эпосунда да көп айтылат. (Сулайманов, 1988: 2).

Ошентип, жамбы оюнунда бүгүнкү күндө эл арасында ойнолуп жүргөн тыйын эңмейдин элементтеринин кирип кеткенин да байкоого болот.

Тыйын эңмейге албетте, кашы бийик ээрден көрө, кашы жапыз ээр ыңгайлуу болот. Анткени, андай ээрден жерден тыйынды эңкейип алыш анчалык кыйын эмес.

Бул тууралуу - Кайниси өлгөн жеңенин кошогунда:

Булгаары ээр каптаган,
Кашына чегер кактырган.
Кайран уста кылганын,
Калкынын баары жактырган (Жусупов, 1997: 521)- деп атка ыңгайлуу ээрди жасаган устанын кол өнөрчүлүгүн айтууда.

Демек, жамбы атууда ат үстүнөн мылтык атууну өркүндөтө алышкандыгына толук ишенүүгө болот. Анткени, кыргыздар ат мингенди гана жакшы билбестен, мылтык атканды да жакшы билген көзгө атаар мерген эл. Кантсе дагы кыргыз элинин ат оюндары жигиттерди шамдагайлыкка, баатырлыкка өз жергесин көз ирмебей коргоого даяр болуучу патриоттуулукка үйрөткөн мыкты мектептерден болуп келген.

“Оодарыш” же “эңиш” да эл арасынан көп кезиге турган оюндардын бир түрү. Кыргыз жергесинде оодарышсыз өткөн той-тамашалар чанда кезигет. Оодарышка балбан, шамдагай жана ат үстүнө мыкты жигиттер түшөт. Оюнга мингенге көрүнгөн эле аттар жарай бербейт. Минилчү аттар атырылган өкүм жана күчтүү жылкылар болуш керек. Кээ бир аттар күлүк, күчтүү болгону менен жалтаң келет да камчы салмайынча кыймылдабай тура берет. Андай аттар атырылып турган өкүм аттарга алдырып коет. Оодарышка көп минилип, машыгып калган аттар дурус болот (Бектенов,Мусин, 1978: 89). Тарыхта кыргыз элинде балбандыгы менен таанылган Кожомкул Каба уулу (1888-1953) эңиште мөөрөйдү өмүр бою эч кимге бербегендиги белгилүү.

Жусуп Мамайдын “Семетей” эпосунда кыргыз жана жалпы түрк маданиятында алгач көчмөн урууларынан байырланган баатырдык «оодарыш» спорту абдан кызыктуу берилген.

Түрк элдеринин фольклордук булактары аркылуу бул баатырдык мелдеш согуш майданында жоокерлер найза, кылыч, айбалта, күрсү менен чабышып, алар жарактан чыккандан кийин аргасыздан кол менен жылаңач кармашууга өткөндөн келип чыкканын билебиз. Ошол себептен көчмөн сактар, кыргыздар, түрк уруулары ат үстүндө кармашты баалуу аскер прикладдык каражат катары колдонушкан. Буга далил катары анын эпикалык жанрда чагылдырылышынан баамдасак болот. Жусуп Мамайдын «Семетей» дастанында чоң уруштун башында баатырлар кармашын алыстан найза сайыштан баштап, жакындап келип, кылыч-айбалта менен чабышышат. Баатырлардын найзалары калканга урунуп, бычырап сынат, кылыч зоотко тийип мокойт, айбалта болсо колдон тайып түшөт. Акыры келип баатырлар ат үстүндөгү эңишке өтүшөт. Мисалы, Эр Толтой менен Күлчоронун кармашы;

Күнү-түнү дем албай,
Оодарышып жанашып.
Жакасынан кармашып,
Барлык күчүн жумшашып.
Баатырлар уруш салыптыр,
Жанаша атын бурушуп.
Тарткылашып тартышып,
Колдорунан чоюшуп.
Аянбастан эңишип (Жусуп Мамай, 1995:296) - демек, Жусуп Мамайдын “Семетей” дастаны аркылуу «оодарыш» же “эңиш” оюну жалгыз кыргыздарга гана эмес, жалпы түрк элдерине таандык деген жыйынтыкка келсек болот.

Улак тартыш да байыркы оюндардын бири жана эл арасына өтө кеңири таралган. “Улак тартыш”, “көк бөрү тартыш”, “торпок тартыш” деп үч түрдүү айтылат. Өткөн доорлордо кыргыздар тоо араларында жашагандыктан алардын малдарына бөрүлөр тийип, тынчтык берчү эмес. Ошондон улам “көк бөрү” деп

аталып калган деген ойлор айтылат. Анткени, малчыларда мылтыктары жок кезде карышкырларды жоюу анчалык оңойго турган эмес. Эр жигиттер күлүк аттарга минип, карышкырды куугунтукка алышчу. Анан союл, камчы менен чапкылап жатышып өлтүрүшкөндөн кийин ат үстүндө биринен бири сала тартышып кетишчү экен. Кийинчерээк эл отурукташа баштагандан тартып “көк бөрү” “улак тартыш” менен алмашып, улуттук оюнга айланган.

Мында жигиттердин күчү, шамдагайлыгы жана атка чыйрактыгы сыналса, улакка минилген аттардын күчү жана күлүктүгү да сыналат. Тартууга берилген улактардын оордугу ар түрдүү болуп, 20-30-40 кг чейин жетет. Ал эми кыргыздын түштүгүндө улактын ордуна бир жашка чейинки музоо-торпокторду тартышат. Андай учурларда торпоктун оордугу 70 кг кем болбойт. Улак тартышка бериле турган торпоктун ичеги-карды алынып ташталат да, кан-сөөлү кетсин үчүн жана жүнү жулунбас үчүн ал бир нече саат сууга байланат.

Мисалы, Бакай Семетейге кайрылып атасы Манас жөнүндө:

Кымызга бээни байлатып,
Эңишке эрди шайлатып.
Тамаша кылып жатуучу,
Көк-бөрү тартып, ордо атып.
Эки жүз киши аттанса,
Эки жүз киши түшүүчү. (Жусуп Мамай, 1995: 104)- деген саптардан улам кыргыздар байыртадан эле спортко, оюн-зоокко жакын экенин жана ардактап келгенин билсек болот.

Жылкыларды жалаң гана жоокердик иштерге, ат оюндарына пайдаланбастан күнүмдүк турмуш-тиричиликте дагы пайдаланышып, коомдо зор кыймылдаткыч күчкө ээ болгон. Мисалы, этин тамак ашка, сүтүнөн улуттук суусундуктарды да жасашкан. Алар тууралуу кайынсиңдисинин жеңесине кошкон кошогунда:

Кара кыр чыга жайлаган,
Кайраным жеңем.
Карала бээ байлаган,
Карала бээ кымызын.
Балдары ичкен эркелеп,
Сары - Камыш чыга жайлаган.
Сарала бээ байлаган,
Сарала бээ кымызын.
Кыздары ичкен эркелеп (Информатор Дунгулова, 2004) – деп, кошокчу аялзатынын да жылкы баласына жакындыгы жана уул-кыздары үчүн улуттук суусундук катары кымыз жасагандыгы баяндалууда.

Демек, эл канчалык көчмөн өмүр сүрүп, сабатсыз болгондугуна карабай, калың калктын башынан өткөргөн өмүрдүн элесин унутулгус кылып, оюн өнөрүндө калтырып, келечек урпактарына белек катары сактап келген. Кылымдар аралап ойнолуп келе жаткан кыргыз элинин оюндарынын негизинде кыргыздын салттык оюндары жаралды. Ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралган жоокер элдин кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша жамбы атмай, оодарыш, улак тартыш, жорго салыш, ат чабыш ж.б. ат оюндары пайда болгон.

Негизинен ал оюндарда элдин ой-тилеги, үмүтү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндикке, теңдикке умтулуусу, адилеттик, акыйкаттык үчүн болгон күрөшү камтылган. Элдин мыкты үлгүлөрү, элдик терең тарыхый- философиялык көз караштар, улуттук өзгөчөлүктөрү көрүнүп турат жана алар оозеки чыгармачылыкта кеңири белгилүү болгондугу информатордордун кошок, жоктоо ырлары аркылуу дилилденди.

**Адабияттар**


АСАНКАНОВ А., Ож. ОСМОНОВ, (2004) Кыргызстан тарыхы.-Бишкек.
АНАРКУЛОВ Х. П., (1991) Кыргыз эл оюндары.-Бишкек.
БЕКТЕНОВ З., МУСИН Ю., (1978) Кыргыздын элдик оюндары.- Фрунзе.
ЖУСУПОВ К., (1991) Кыргыздар.- Бишкек.
ЖУСУПОВ К., (1997) Кыргыздар. 4-том. - Бишкек.
ЖУСУП МАМАЙ (1995) Семетей; эпос, 1-китеп. түз жана баш сөзүн жазган К. Кырбашев, сүрөтчүсү Р. Исаков. Кыргыз улуттук И. А.- Бишкек.
КЫРГЫЗ ТАРЫХЫ, ЭНЦИКЛОПЕДИЯ, (2003).-Бишкек.
КЫРГЫЗСТАНДЫН ТУЛПАРЛАРЫ, (1980).-Бишкек.
КОШОКТОР, (1998) «Эл адабияты» сериясы. Том 21.-Бишкек.

МАНАС, (1959) 1 бөлүм. 2-китепче. - Фрунзе.
МАКАЛ-ЛАКАПТАР, (1996).- Бишкек.
ПОТАПОВ, Л. П., (1977) Конь в верованиях и эпоса народов Саяно-Алтая// Фольклор и этнография. – Ленинград.
СОЛТОНОЕВ Б., (1993) Кызыл кыргыз тарыхы. 2 китеп.-Бишкек.
СУЛАЙМАНОВ Э., (1988) Кыргыздардын ат жабдыктары – элдик маданияттын эстелиги (методикалык рекомендация). - Фрунзе.
ТОКТОГУЛ, (1968) Чыгармалар жыйнагы. 2-том. - Фрунзе.
ЭРКИН ТОО ГАЗЕТАСЫ, (2014) №64, 12-август

**ИНФОРМАТОРЛОР**

ДУНГУЛОВА АЛМАКАН. (2004) Аксы району, Чие айылы.
КАДЫРМАТОВА КАСИЕТ. (2003) Аксы району, Ак-Суу айылы.
СОПУКУЛОВА НАСИБҮ. (2003) Аксы району, Кызыл-Жар айылы

# 29

# AZƏRBAYCAN XALQ OYUN ADLARININ LİNQVİSTİK TƏHLİLİ

**Namiq QAFAROV***

**Azerbaycan Halk Oyunu İsimlerinin Dilbilimsel Analizi**

**Özet**

Makalede Azerbaycan halk oyun isimlerinden bahsedilir. Halk oyunları esasen spor, çocuk ve törenlerle ilgili oyunlara ayrılmıştır. Yazıda bu oyunların isimleri etnolinqvistik açıdan analiz edilmiş, karşılaştırmalar yapılmıştır. Bu doğrultuda eski kaynaklar ve diğer Türk dilleri de araştırmaya dahil edildi.

**Anahtar kelimeler:** spor oyunları, linqvistika, bileşik sözcükler, folklor

**Linguistic analyses of the names Azerbaijan folk games**

**Summary**

The article deals with the names of Azerbaijan folk games. Folk games mainly are divided into sport, children and ceremonies. In the article also the games are analyses from the ethno linguistic analysis. In this derection old sources and other Turkic languages have been also investigated.

**Keywords: sports games, linguistics, compound words, folklore**

***«Да будут благословенны предки, оставившие нам эти мужские игры бесстрашных»***
***Чингиз АЙТМАТОВ***

Zəngin milli adət-ənənələrə malik Azərbaycan türklərinin folkloruna nəzər yetirsək bütün Türk dünyasının malik olduğu ortaq dəyərlərdən başqa, Azərbaycan türklərinin də özünəməxsus folkloru mövcuddur. Azərbaycanlıların zəngin, özünəməxsus və maraqlı folklor nümunələrindən biri də xalq oyunlarıdır. Tarixi çox qədimlərə gedən, xalqın müxtəlif dövrlərdə adət-ənənələrini, etnoqrafiyasını özündə yaşadan bu oyunlar nəsildən-nəslə keçərək bu günümüzədək gəlib çatmışdır.

Türk xalqlarının, o cümlədən də azərbaycan türklərinin kultural təfəkküründə, məişətində, həyatında xalq oyunları əhəmiyyətli yer tutur. Xalq oyunlarına dair ilkin məlumatlara bir sıra qədim mənbələrdə rast gəlmək mümkündür. Belə ki, hələ X – XI əsrlərdə Mahmud Kaşğari, Kəsrəvi, Səalabi və Əl-Biruninin, XII əsrdə isə dahi Azərbaycan şairi Nizami Gəncəvinin əsərlərində xalqımızın islamiyyətdən əvvəlki mərasim şənlikləri, oyunları, eləcə də onların mənşəyi və məzmunu barədə müəyyən məlumatlar verilmişdir. Xalq oyunları haqqında məlumatlara həmçinin nağıl və dastanlarımızda, eləcə də, Avropa və Asiya səyyahlarının əsərlərində, onların Azərbaycana səfər təəssüratları barədə xatirələrində, orta əsrlərdə Azərbaycan, eləcə də Yaxın Şərq rəssamlarının miniatürlərində də rast gəlmək olar.

Milli oyunlar əcdadlarımızın həyatının çox müxtəlif inkişaf mərhələlərini, ilkin həyat şəraitini, görüş və etiqadlarını, mərasimlər dünyasını əks etdirir. Elə oyunlar vardır ki, onlar xalqın arzu və ideyalarını müəyyənləşdirmək məqsədilə yaranmış və bu günə qədər gəlib çatmışdır. Milli oyunlarda xalqın psixologiyası, onun yaşam tərzi, etnoqrafiyası əks olunmuşdur.

Bəllidir ki, bu cür etnoqrafik - oyun adları birbaşa Azərbaycan xalqının mənşəyi, soykökü, məişəti, maddi və mənəvi mədəniyyəti, təsərrüfat məşğuliyyəti sahələri ilə bağlı olduğundan, xalqımızın soykökündə iştirak etmiş tayfa və qəbilələrin tərkibinin və dillərinin zənginliyi ilə əlaqədar, eləcə də bunların müxtəlif coğrafi, tarixi, mədəni, iqtisadi- siyasi və b. amillərlə əlaqədar keçdiyi inkişaf yolu ilə bağlı məsələləri əhatə edir.

Azərbaycan xalq oyunlarında kişilərlə bərabər, bəzən qadınlar da iştirak etmişlər. Bu barədə Nizaminin “Xəmsə”sində müəyyən məlumatlar verilir. Qadınların kişilərlə yanaşı bir sıra xalq oyunlarında iştirakını XVI əsr miniatürlərindən də aydın görmək olur.

Azərbasycan xalq oyunlarını idman oyunları (çovkan, oxatma, qılınc oyunu, atçapma, atlı idman, atüstü oxatma idmanı, nizə tullamaq, zorxana), uşaq oyunları(babaməniqurdavermə, dirədöymə, qaçdı-tutdu, topaldıqaç, itqusdu, qaryağdı, göydənəvar, fındıqsaldı, toqqadöydü, keçigirdibostana, yoldaşsənikimapardı), müxtəlif bayram mərasimləri vaxtı oynanılan oyunlar (qoduqqırxdı, dəsmalaldı, papaqatdı, papaqqapdı, qurşaqatdı, turnavurdu, yaylıqqaçırtdı, mərəköçdü, evatdı) və s. kimi təsnif etmək olar.

Bir çox xalq oyunlarını – “Çövkan”, “Dirədöymə”, “Çiling ağac”, “Top al qaç”, “Sərrast vur”, “Motal-motal”, “Qələndar, ay Qələndar”, “Əl üstə kimin əli”, “Bənövşə bənövşəni” və s. oyunları indi də uşaqlar, həm də gənclər həvəslə oynayırlar.

Azərbaycanda geniş yayılmış milli xalq oyunlarından biri “Çövkan” oyunudur. XII əsrdə – Atabəy Məhəmmədin hökmranlığı dövründə bu oyun meydanda, at üstündə keçirilirdi. Oyunu idarə edən hakimlərdən biri

---

* Doç. Dr., Bakı Slavyan Universiteti, Bakı, Azerbaycan. namiq_qafarov@mail.ru

əlindəki yaylığı yuxarı qaldıran kimi şeypur çalınırdı. Sonra oyunçular hər dəstədə üç nəfər atlı olmaqla, üç dəstə meydanda dövrə vururdular. Birinci dəstə ağ, ikinci boz, üçüncü dəstə isə qara atlarda meydana çıxırdılar. Bundan sonra atlılar meydanın əks tərəfinə gedirdilər. Meydanın əks tərəfində adam boyda daşdan qülləli qapılar qoyulurdu. Qüllənin birincisinin üstünə göy, digərinkinə isə qırmızı rəngli bayraq taxılırdı.

Oyunda əsas məqsəd çövkən ilə topu fərdi və ya yoldaşlarının köməyi ilə aparıb qapını əvəz edən qüllələrin arasından keçirmək idi.

Çovqan yarışlarının Azərbaycanda çox qədimdən məşhur olduğu faktlarla təsdiqlənir. Örənqalada aparılmış arxeoloji qazıntılar zamanı tapılan şirli qab üzərində çövkən oyunun təsvir edildiyi rəsm bu oyunun IX əsrdə Beyləqan şəhərində yayıldığını əyani sübut edir. Dahi Nizaminin Xosrov və Şirin əsərindən və "Kitabi-Dədə Qorqud" boylarından isə məlum olur ki, Azərbaycanda çovqanın tarixi hətta VI-VII əsrlərə və bəlkə ondan da qabaqlara gedib çıxır.

Çovqanın qədim Azərbaycan oyunu olmasını sübut edən faktlardan biri də Azərbaycan miniatürlərində bu oyunun dönə-dönə təsvir edilməsi, yazılı mənbələrdə onun keçirilmə qaydaları haqqında məlumat verilməsidir. Çovqan oyunu da, Şərqdə təşəkkül tapmış başqa idman növləri kimi, dünyanın daha uzaq regionlarına yayılmasında və inkişaf etdirilməsində inglislərin rolu böyük olmuşdur. Belə ki, XIX əsrdə Hindistandan İngiltərəyə gətirilən bu oyun getdikcə inkişaf etdirilmiş, yeni qaydalar əsasında Amerika və Avropa ölkələrində yayılmağa başlamışdır.

Bildiyimiz kimi xalq nağıllarında məharətlə at sürən, ox atan, güləşən adamlar haqqında məlumatlar çoxdur. Azərbaycanın dahi şairi Nizami Gəncəvi tarixi sənədlər əsasında yazdığı "Şərəfnamə" əsərində çövkən oyunu haqqında məlumat verir. Çövkən və yaxud çoğan sözü Azərbaycanda "ağaccıq" kimi işlədilmişdir. Çövkən oyununun adı oyunda işlədilən alətin adı ilə adlandırılmışdır (Çövkan ağacı isə xüsusi hazırlanmış və əyilmiş formada ağac olurdu. Onun dəqiq, standart uzunluğu olmamışdı. Bu ağac oyun iştirakçılarının və atların hündürlüyündən asılı olaraq dəyişirdi). Müxtəlif tədqiqatçılar "çovqan" sözünün fars mənşəli söz kimi qeyd edirlər ki, bu da qədim pəhləvi dilində "çub" ağacın ucu deməkdir. Yəni, çub – çubiqan – çovqan. Bəzi tədqiqatçıların iddia etdiklərinə görə "çövkən" sözünün kökü olan "çöv" – çöp sözündəndirki, bu da qədim zamanlarda ağac, ağac budağı deməkdir.

Bizim fikrimizcə isə "çövkən" sözü bəzi Azərbaycan dili dialektlərində işlənən "çavı"max və ya "çö:"max sözkökü + -kən şəkilçisindən düzəlmişdir ki, bu da Bakı, Cəbrayıl, Meğri, Zəngilan şivələrində 1) çalışmaq, əlləşmək; 2) ora – bura qaçmaq; 3) vurnuxmaq; anlamında indi də işlənir(ADDL,2007: 91, 105). –qan, -kan, -kən şəkilçiləri isə daha çok ortaq və bəzen də R. Əsgərin (Əsgər 2008: 163) göstərdiyi kimi substantivləşmiş isimlərin törəməsində ortaya çıxır. Çağdaş Türkiyə türkcəsində işlənilən bu şəkilçilər haqqında prof. Dr. Zeynep Korkmaz yazır: "Eklendiyi fiilin son ses durumuna göre –gan, -kan biçimlerine giren ek, genellikle fiil kök ve gövdelerinden "alışkanlık" sıfatları türeten bir ektir. Tek heceli köklerde seyrek kullanılır. Bu ekin eklendiği kelimelerde sıfatlık özelliğini yitirerek ada dönüştüğü bazi örnekler de vardır".

Prof. T. Hacıyev yazır: " –qan şəkilçisi Karluq dil qrupu üçün ən tipik morfoloji hallardan biridir ki, Oğuzlardakı –an şəkilçisi yerinə işlənmişdir. Halbuki, -qan Oğuz dillərinin özəlliyidir, alkan və alan etimoloji xüsusdan bir paradiqmadır.İndi bizdə çalış+qan, yata+ğan nümunələrində qalır".(Hacıyev 1983: 17).

Bu şəkilçilər Çağdaş Türk dillərindən Azərbaycan dillində *–qan, -ğan, -kən, -ağan, -əyən*; Türkiye Türkçəsində *–kan, -gan*; Türkmən ve Qaqauz dillərində *–qan, -kan, - ken, -kən* şəkillərində işlənir.

Qədim mənbələrdən olan "Ettuhfet – üz – zekiyye – fil-lugat it türkiyye" əsərində isə bu sözün "çəvrun" fırlanmaq, vurnuxmaq mənasında işləndiyinə rast gəlirik (Изысканный дар тюркскому языку, 1978: 402).

Mahmud Kaşğarinin "Divani Lugat it – Türk" əsərində də bir neçə yerdə "Çögən" sözü(topu çəkmək üçün işlədilən ucu əyri ağac) (MK. DLT, 2006: 156) mənasında işlədilmiş, ancaq bu oyunun at üstündə oynanılmasından bəhs edilməmişdir. "Kaşkarlı, çeşitli kelimelerin açıklanması dolayısıyla bu konuya dair verdiği kısa bilgilerden, onun söz konusu ettiği dönemde, Türkler arasında atla oynanan çevgenden çok bugünkü golf oyununa benzer olarak ve atsız oynanan bir oyunun Türk oyunu olarak bilindiği ve meşhur olduğu anlaşılmaktadır" (Reşat Genç, 1977: 237). Fikrimizcə bu oyun müasir dövrümüzdə oynanılan otüstü xokkey idman növünün əcdadı da ola bilər düşünsək yanılmarıq.

Çövkən oyunundan başqa Azərbaycan xalq idman oyunlarına misal olaraq *oxatma, atçapma, atüstü oxatma idmanı, nizə tullama, zorxana, qılıncoynatma, tilə oyunu* (buna avropalıların pinq-ponq oyunu uyğun gəlir. Müəyyən yerdə çövkənlə topu bir-birinə vurmaq oyununa deyilir) və stolüstü idman oyunlarından *şahmat, nərd* və s. göstərmək olar.

Fransız səyyahı Şarden orta əsrlərdə Azərbaycanda və Iranda bu idman oyun növlərindən geniş istifadə olunduğu haqda məlumat vermişdir. Şarden həmin idman növlərinin hər biri haqqında ətraflı izahat verir. Lakin o, *güləş, çevkən, qopuq, rəqqasəlik, su oyunu* və *qartökmə* oyunu kimi idman növlərinə toxunmur.

Geniş yayılmış Azərbaycan xalq oyunlarından biri də *"Top çalada"* oyunudur. (Bu oyun haqqında Cənubi Azərbaycanda yaşayıb-yaratmış yazıçı Abakur Məhburinin "İbn Şirac" əsərində geniş söhbət açılır). Fikrimizcə bu indi Avropada oynanılan *"qolf"* oyunudur.

Türk dillərində, o cümlədən Azərbaycan dilində xalq oyun adlarının böyük bir qismi mürəkkəb sözlərdən ibarətdir. Bu mürəkkəb sözlər bir neçə üsulla yaranır. Birincisi komponentləri bitişik yazılan oyun adları: *baharbənd, beşdaş, çilingağac, çömçəxatun, qurşaqtutma* və s. İkincisi qoşa sözlər: *çırtı, - çırtı, evcik-evcik, siçan – pişik, hofbana – hofban, uçdu – uçdu, iynə - iynə, motal – motal, pişik – pişik, mozu – mozu, mərə -mərə, hil – hil, badam – badam, təkəm – cüt, ev – ev, qəh – qəh, torbacıq – torbacıq, papaq – papaq, batman – taraz, hoppan – hoppan, xan – vəzir, qonaq – qonaq, çalağan – çalağan, aşıq – aşıq, düymə - düymə, daş – daş, keçi – canavar, çumur – çumur, usta – şagird, xoruz – xoruz, oyun – tapmaca və s.*

Bunlardan başqa mürəkkəb sözlərin bir tipi də vardır ki, bu mürəkkəb sözlər cümlə tipi əsasında yaranmış, cümlənin semantik – konseptual dəyişməsindən əmələ gəlmişdir.

Azərbaycan dilində bu cür cümlə = söz modelinin əmələ gəlməsinə nəzər salınmış, onlar haqqında müxtəlif fikirlər söylənsə də, bu proses hələ də əsaslı tədqiq olunmamışdır. Bunun səbəblərindən biri cümlə - sözl modelinin Azərbaycan ədəbi dilində az olmasıdır.

Ancaq belə modellər türk dillərində, o cümlədən Azərbaycan dilində mövcuddur. Müşahidələr göstərir ki, bu cür cümlə - sözlər Azərbaycan dilinin şivələrində daha çox işlənir.

Ümumiyətlə, Azərbaycan dilinin dialektoloji lüğətində kifayət qədər belə oyun adları var. Bu cümlə-söz modellərinə diqqət yetirək. Məsələn, anaməyiqurdavermə (İmişli) (ADDL, 2007: 24), atdardakiminatı (Tərtər) (ADDL, 2007: 27), cızagirmə (Goranboy,Şuşa,Yevlax) (ADDL, 2007: 78), çəkifdöymə (Şuşa) (ADDL, 2007: 93), daladasmalatma (Bərdə) (ADDL, 2007:112), dərədöymə (Oğuz) (ADDL, 2007: 127), dilədöymə (Zəngilan) (1: 127), dirədöymə (Ağcabədi,Ağdaş,Qazax,Yevlax) (ADDL, 2007:135), halaygəldi (Ağdam) (ADDL, 2007: 193), xoruzbavacurver (Ağdam) (ADDL, 2007: 228), köçköçdü (Borçalı) (ADDL, 2007: 260), küləbasdım (Füzuli) (ADDL, 2007: 266), qaçağadurma (Çənbərək) (ADDL, 2007: 273), qatardüzəx (Şuşa) (ADDL, 2007: 286), qayışgirmə (Şərur) (ADDL, 2007:288), qayışgötürdü (Salyan) (ADDL, 2007: 288), qotuxdançixma (Cəbrayıl) (ADDL, 2007: 22), lopağvırdı (Salyan)(ADDL, 2007: 337), öyköşdü (Çənbərək) (ADDL, 2007: 389), papağgötdiqaç (Lənkəran, Salyan) (ADDL, 2007: 392), papa:ldıqaç (Ağdam,Ağcabədi,Ağdərə,Cəbrayıl) (ADDL, 2007:392), toqqadançıxma (Füzuli) (ADDL, 2007: 501), toqqadöydü (İmişli) (ADDL, 2007: 501), turadöydi (Göyçay) (ADDL, 2007: 507), aybabaqorxuram (Ağdam) (ADDL, 2007: 30), gizlənqaç (əksər şivələrdə) (ADDL, 2007: 175).

Misallardan göründüyü kimi cümlə-söz modellərində cümlənin demək olar ki, bütün üzvləri iştirak edir. Cümlə-sözlərdə müxtəlif situasiya və proseslərin dinamik əlamətləri əks olunmuşdur. Bu cümlə-sözlərdə hərəkət felləri ilə ifadə olunmuş xəbərin olması vacib əlamətlərdən hesab olunur. Bu cür modelləri dil tipləri baxımdan öyrəndikdə sözyaratmanın ümumi nəzəriyyəsində yuxarıda göstərilən xüsusiyyətləri qiymətləndirmək çətindir.

Bəzi dilçilər predikasiyanın nominanta keçməsini qəbul etmirlər. Onlar belə fikirdədirlər ki, dəyişkən cümlə modelindən söz yarana bilməz. Akademik M. Şirəliyev məşhur frazeologiya mütəxəssisi A. V. Kuninə istinad edərək onun "İngilis dilinin frazeologiyası" əsərindən belə bir sitat gətirir. A. V. Kunin belə bir prosesin olmasını rədd edərək yazırdı: "Dəyişkən cümlə modelindən heç vaxt söz yarana bilməz" (Ширалиев, 1974: 467).

Biz cümlə tipi deyəndə inkorporativ konstruksiyanı nəzərdə tuturuq. Yəni cümlə = söz modelini. Biz hersab edirik ki, Azərbaycan dilində inkorparativ tipə məxsus olan bu əlamətlər tipoloji sapmalardır.

Akademik A. Axundov inkorporlaşan dil tipini belə izah edir: "Ünsiyyət vasitəsi kimi çıxış edən xüsusi növ sintaqmatik vahidlər müxtəlif köklərin birləşməsindən əmələ gəlir. Həmin kökləri müstəqil sintaqmatik vahid, daha doğrusu, söz-cümlə kimi birləşdirən və formalaşdıran köməkçi ünsürlər olur" (Axundov, 206: 197). Bildiyimiz kimi iltisaqi və inkorparlaşan dillər arasında yetərincə əsaslı fərqlər var və onlar sözsüz ki, iltisaqi və inkorparlaşan təmayüllərin özlərinin qeyri – oxşarlığından törəyib.

İltisaqi dillərdə sözlə cümlənin sərhədi kəskin surətdə fərqlənir. İnkorporlaşan dillərdə isə sözlə cümlənin sərhədi sanki eyniləşir, qrammatik cəhətdən tərtib edilmiş bu və ya digər bir söz özündə həm mübtəda, həm xəbər, həm də tamamlıq və təyini birləşdirir. Yuxarıda göstərdiyimiz misallarda bütün bu hadisələri müşahidə edə bilərik.

Belə bir fikir var ki, iltisaqi və inkorporlaşan dillərin linqvistik əlamətlərində oxşarlıqlar mövcuddur və bunun da səbəbi dil və təfəkkürün birliyindədir. Yəni, dil təfəkkürlə əlaqəlidir və daha dəqiq desək biri digərinin cildidir. İnsan təfəkkürü birdən-birə inkişaf etmir, dil də bir mərhələdən digərinə asta templə keçir. Bütün bunlar əsrlər, minilliklərlə davam edir. Dilin yeni tipi əvvəlki dilin "qalıq"ları əsasında formalaşmır, daim onun içində inkişaf edir. Buna görə də köhnə modellər cilalanır, dilin bütün kriteriyalarına – ekspressiv və kommunikativ funksiyalarına, lakonikliyə və enerji qənaətinə cavab verir. Buna görə də bütün dil tipləri arasında həmsərhəd ərazilər var. Tipoloji sapmaların elementləri də bu "ərazi"lərda meydana gəlir.

Azərbaycan xalq oyunlarında xalqımızın adət - ənənələrilə bağlı çoxlu mioqdarda etnolinqvistik nümunələr tapmaq mümkündür.

İctimai – siyasi hadisələrin və xalqın mövcudiyyətinin bugünkü durumu dilimizin lüğət tərkibində qədimdən bəri yaşamaqda olan, zaman – zaman gah dialekt leksikası, gah canlı danışıq dili meyarı ilə öyrənilən etnoqrafik leksikanın, o cümlədən oyun adlarının toplanıb tədqiqata cəlb olunması, onların etnolinqvistik təhlilinin verilməsi

həlli vacib olan məsələlərdəndir.

Etnolinqvistik istiqamət hər bir xalqın məişət tərzindən – bir xalqın, bir tayfanın, bir ailənin davranış normalarından başlayır. Buna görə də etnik tərkiblərin mədəni inkişafı onun dil vahidlərinin leksik zənginləşməsi ilə müşayiət olunur.

Bu mənada Türk xalqlarının, o cümlədən Azərbaycan xalqının adət - ənənələri, folkloru, sosial həyat tərzi ilə bağlı predmet və proses kateqoriyasından olan leksik vahidləri ayrı – ayrı qruplar üzrə tədqiq etmək, onun varlığını, özünəməxsusluğunu, məişətini onun dili, maddi və mənəvi mədəniyyəti ilə ölçmək lazımdır. Bu baxımdan qeyri maddi və mənəvi mədəniyyətə aid olan Azərbaycan xalq oyunlarının öyrənilməsi, oyun adlarının linqvistik təhlili hər zaman aktual sayıla bilər.

**ƏDƏBIYYAT SIYAHISI**

AZƏRBAYCAN DİLİNİN DİALEKTOLOJİ LÜĞƏTİ (ADDL)(2007), Şərq-qərb, Bakı.

AXUNDOV, Ağamusa (2006), Ümumi dilçilik. Bakı.

ƏSGƏR, Ramiz (2008), Mahmud Kaşğari və onun "Divanü-Lüğat-it-Türk" əsəri, Bakı.

HACIYEV, Tofiq (1983), «Azərbaycan dilində qeyri-oğuz elementləri», Türk dillərinin quruluşu və tarixi, Bakı.

KORKMAZ, Zeynep (2003), Türkiye türkcesi qrameri (şekil bilgisi), II hisse, Ankara.

GENÇ, Reşat. (1977) "Kaşgarlı Mahmut'a Göre XI. Yüzyılda Türklerde Oyunlar ve Eğlenceler." I. Uluslararası Türk Folklor Kongresi Bildirileri, III. Cilt, Ank., s. 231-242

KAŞĞARİ, Mahmud, Divanü-Lüğat-it-Türk (ƏSGƏR, Ramizin tərcüməsində) (2006), (DLT), Bakı.

Изысканный дар тюркскому языку, (1978) (Под редакцией акад. А. Н. Кононова), Ташкент.

Ширалиев М. Ш., 1974, Предложение-слово - Современные проблемы литературоведения и языкознания к 70-летию проф. Михаиля Борисовича Храпченко, Москва: Наука. 467 – 468.

30

# МАХМУД КАШГАРИНИН “ДИВАН ЛУГАТ АТ-ТҮРК” СӨЗДҮГҮНДӨ КЕЗДЕШКЕН “ТЕПҮК” ОЮНУ ТУУРАЛУУ

**Нурсултан АБДИМИТАЛИП УУЛУ***

**Абстракт**

Кыргыз эли өзүнүн басып өткөн жолунда көптөгөн элдер менен тыгыз мамиледе болуп, алардын маданиятын өзүнө сиңирип, өзүнүн маданиятын аларга жайып, Борбордук Азиядагы элдердин көпчүлүгү менен маданий байланышта болуп келген. Суу сымал аккан тарых менен кошо көптөгөн элдер агып, тарых сахнасынан бир нечендеген улуттар сүрүлгөн. Мына ушул тарыхтын күчтүү агымына туруштук берип, күнүбүзгө жете сакталып калган байыркы элдердин бири болуп кыргыздар эсептелет. Кыргыз элинин көп кылымдык тарыхында башка элдерде кездешкис, кайталангыс маданият жарата алды. Кыргыз элинин калыптануусундагы урунттуу учурлардын бири болуп орто кылымдагы курулган Карахандар мамлекетинин гүлдөп өсүүсү болуп эсептелет. Карахандар доорунда жазылган Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгү жалпы түрк элдеринин тарыхы, тили жана маданияты боюнча баалуу маалыматтарды камтыйт. Баарыбызга белгилүү болгондой эле караханиддер доорунда жашап өткөн аалым, тилчи Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгү жалпы түрк элдеринин сөздөрү менен гана чектелбестен ичине түрк элдеринин материалдык жана руханий байлыгына байланыштуу кызыктуу маалыматтарды ичине камтыйт. Бул сөздүктө кездешкен маалыматтарды башка тарыхый, археологиялык, этнографиялык жана фольклордук маалыматтар менен тактоо аркылуу кызыктуу жыйынтыктарды чыгара алабыз.Түрк элдеринин маданий мурастарын, анын ичинде элдик оюндарды изилдөөдө Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгү маанилүү тарыхый булак болуп эсептелет. Бул сөздүктө кездешкен орто кылымдардагы карахандардын элдик оюндарына байланыштуу сөздөрдү бүгүнкү түрк тилдери менен салыштырып, айрым маалыматтарды тактап, толуктай алабыз. Байыркы караханилер доорундагы түрк элдеринин, негизи эле түрк элдеринин элдик оюндары жөнүндө жазылган тарыхый маалыматтар абдан аз. Элдик оюндар боюнча айрым маалыматтарды “Диван Лугаттан” айрым кызыктуу маалыматтарды кездештире алабыз. Аларды бүгүнкү түрк элдеринин элдик оюндары менен салыштырып, окшоштуктарды жана айырмачылыктарды чыгарууга мүмкүн. Автор бул макалада “Диван Лугатта” кездешкен маалыматтарды кыргыз элинин элдик оюндары менен салыштырып, экөөнүн ортосундагы окшоштуктарды, жалпылыктарды көрсөткөнгө аракет кылат.

Бул макалада автор сөздүктө кездешкен тепүк оюну тууралуу маалымат берип, бул оюндун азыркы күндөгү абалын көрсөтүүгө аракеттенет. Көптөгөн интернет булактарында, айрым чет элдик басылмаларда карахандарда кездешкен тепүк оюнун күнүбүздөгү футбол оюну менен салыштырып, футболдун түрк элдеринде көп кылымдар бою ойнолуп келе жаткандыгын далилдөөгө аракет кылышат. Чындыгында эле түрктөрдө футбол болгонбу же тепүк башка оюнбу? Бул суроолорго автор жооп берүүгө аракет кылмакчы.

***Ачкыч сөздөр:*** Кыргыздар, “Диван Лугат ат-Түрк”, улуттук оюндар, тепүк.

Түрк элдери анын ичинде кыргыз эли өзүнүн басып өткөн тарыхый жолунда кайталангыс улуттук маданиятты жарата алды жана алардын арасында өзгөчө орунду майрамдарда жана ар кандай шаан-шөкөттөрдө ойнолчу оюндар, спорттук жарыштар жана көңүл ачуу үчүн ойнолгон оюндар ээлейт. Кыргыз уулу төрөлгөндөн тартып улуттук салт-санаа, үрп-адаттардын таасири менен чоңойгон. Бул жазылбаган мыйзамдар эң байыркы доордон тартып бүгүнкү күнгө чейин жетип келип, муундан муунга мурас болуп келген. Тилекке каршы улуттук маданиятыбыздын бир бөлүгү болуп эсептелген улуттук оюндар өзүнө көптөгөн илимпоздордун кызыгуусун туудура алгандыгы менен дагы деле терең изилденген эмес деген пикирди карманабыз. Эң өкүнүчтүүсү жашообузга өнүккөн технологиянын, интернет ж.б.у.с кириши менен бул оюндардын айрымдары таптакыр ойнолбой унутулуп калса, кээ бир оюндар унутулуу алдында турат.

Орто Азиядагы түрк элдеринин анын ичинде кыргыз элинин элдик оюндары тууралуу маалыматтарды падышалык Россия бийлигинин бул чөлкөмдү багындыруу учурунда саякатчылардын, аскер адамдарынын байкоолорунда, күндөлүктөрүндө катталган (Загряжский, 1874: 27-32; Диваев, 1904, 1905, 1907). Бул изилдөөлөрдүн дээрлик баары этнографиялык мүнөздө болуп, сүрөттөө формасында берилет. Бирок, ага карабастан бул маалыматтар элдик оюндарды изилдөөдө баалуу булак болуп бере алаары шексиз.

Совет бийлиги учурунда кыргыз элинин улуттук оюндарын изилдөөдө бир канча алдыга жылыштар болуп, ал тууралуу бир канча эмектер жазылган. Орус окумуштуулар А. П. Рожденственский, С. М. Абрамзон изилдесе, кыргыздардан Актан Тыныбек уулу, З.Бектенов, О.Д.Омурзаков ж.б. эмгектери белгилүү (Рожденственский, 1928; Абрамзон, 1946; Омурзаков, 1958; Бектенов, 1978).

Эгемендүүлүккө жетишкенден кийинки доордо кыргыз элинин оюндарын изилдеген бир нече илимий жана популярдуу эмгектер жазылды (Токторбаев, 1991; Анаркулов, 1996; Илебаев, 2004). Бул тармакта

* Магистрант, Кыргыз-Түрк «Манас» университети, Бишкек, Кыргызстан.

бир кыйла алдыга жылыш болгондугуна карабастан чечиле элек маселелер көп. Алсак, кыргыз элиндеги улуттук оюндарды башка түрк жана монгол элиндеги оюндар менен салыштырып, ал оюндардын окшоштуктары, айырмачылыктарын изилдөө дагы деле болсо курч маселе болуп келүүдө. Андан сырткары улуттук оюндарды тарыхый жазма булактар менен салыштырып изилдөө учурдун талабы болуп эсептелет.

Негизи эле түрк цивилизациясын изилдөөдө түрк элдерине кошуна турган же түрктөр менен саясий-экономикалык катышы бар калктардын өкүлдөрү жазып калтырган маалыматтардан сырткары (кытай, араб-перс, орус ж.б.) түрктөрдүн өздөрү жазып калтырган тарыхый жазма эстеликтерин да эң маанилүү маалымат булактарынын бири деп айтууга негиз бар. Мына ушундай баа жеткис жазма мурастардын бири болуп XI. кылымда карахандар доорунун көрүнүктүү өкүлү Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” (1072-1077) аттуу сөздүгүн айта алабыз. Бул китеп түрк тилдеринин сөздүгү гана болбостон түрк элдеринин маданиятынын, диний ишенимдери, ырым-жырым, каада-салт, үрп-адаттарын ичине камтыган энциклопедия да болуп эсептелет. Сөздүктө түрктөрдүн оюндары тууралуу маалыматтар кездешет.

Дүйнөдөгү элдердин баарында эле жаш балдардын дүйнөтаанымы жана мүнөзүнүн калыптануусунда балдар оюндары маанилүү роль ойноорун белгилей алабыз. Түрк элдери өзүнүн жашаган чөлкөмү, жаратылыш шарттары жана чарбачылык өзгөчөлүктөрүнө жараша пайда болгон оюндарды ойноп келген. Түрктөр негизинен жоокер эл болгондуктан алардын спорттук оюндарынын көпчүлүгү дене-бойду чыңдоого, чыдамкайлыкка, ыкчамдуулукка тарбиялаган оюндардан турган. Андан сырткары ой жүгүртүүнү, тапкычтыкты жана эске тутууну талап кылган оюндар да катарлаш жашап келген. Мисалга алсак, “Диван Лугатта” *мүңүз мүңүз* (мүйүз мүйүз) оюну тууралуу кызыктуу маалымат кездешет. Махмуд Кашгаринин жазуусу боюнча бул оюн суунун жээгинде ойнолот. Жаш балдар суунун жээгине чөк түшүп отурушуп, буттарынын арасына нымдуу кумдан толтурушуп, аны таптап, урушат. Оюн башчы “мүйүз мүйүз” деп кыйкырат. Андан “эмненин мүйүзү?” деп сурашат. Оюн башчы мүйүздүү жаныбарларды бир четинен атай баштайт. Отурган оюндук катышуучулар анын артынан ал сөздөрдү кайталашат. Мүйүздүү жаныбарларды айтып жатып күтүүсүз жерден мүйүзү жок жандыктарды (мисалы, төө же эшек) атайт. Мүйүзсүз жандыктарды адашып айтып алган бала жеңилди деп эсептелет жана баары көтөрүп барып сууга ыргытып жиберишет (ДЛТ, 2005: 1011). Бул оюн кыргыз элинде *учту учту* деген бир аз өзгөргөн формада сакталып калган. Оюндун ойнолуу принциби жогоркудан эч айырмаланбайт, бир гана мүйүздүү жаныбарлардын ордуна канаттууларды атап, канаттуунун аты аталганда баары кол көтөрүүгө тийиш. Оюн башчысы күтүүсүз жерден учпаган жандыкты атаганда колун көтөрүп алган бала жеңилди деп эсептелип, жазага тартылат. Жазасын өтөө үчүн ырдап же жаңылмач айтып берүүсү тийиш (Илебаев, 2004: 109).

Махмуд Кашгаринин “Диван Лугат ат-Түрк” сөздүгүндө биздин көңүлүбүздү бурган дагы бир балдар оюну кездешет. Ал сөз *тепүк* деп аталып, түрктөр эчки же башка жандыктан алакандай терини кесип алып, ага эритилген коргошунду жабыштырып, аны тээп ойношоорун жазат (ДЛТ, 2005: 366). Махмуд Кашгари бул оюнда колдонулуучу буюмдун жасалышын гана жазып калтырып, анын кантип ойнолоору тууралуу так маалымат бербегендиктен, бул оюн тууралуу ар кандай пикирлердин, көз караштардын пайда болуусуна себеп болгон. Мисалы, карахандар доору боюнча бир нече терең изилдөөлөрдү жүргүзгөн тарыхчы Решат Генч бул оюн футболдун эң алгачкы (примитивдүү) түрү экендигин жазат (Genç, 1997: 157). Биз бул оюндун футболдун алгачкы элементтерин камтыган оюн экендиги тууралуу көз карашты таптакыр четке кага албайбыз. Тек гана жогорудагы көз карашка кошумча тактоону киргизүүнү туура көрдүк. Баарыбызга белгилүү болгондой Орто Азияда жашаган элдердин баарында жаш балдар ойноочу *лянга* же *пара тебүү* деген оюн кездешет. Лянганы ойноо үчүн атайын жабдык керек. Ал алакандай кой же эчкинии терисине эритилген коргошунду жабыштырып, аны жерге түшүрбөй тээп ойноо керек. Оюн кызык болушу үчүн эрежени татаалдаштырып, ар түрдүү жаңы ыкмаларды киргизишкен. Карахандардагы тепүк оюну менен азыркы түрк элдеринде ойнолуп келе жаткан лянга (пара тебүү) оюнун алгачкылардан болуп Түркиядагы Гази университетинин дене тарбия жана спорт факультетинин профессору Ибрахим Йылдыран көңүл бурган. Ал өзүнүн “Eski Türk Çocuk Oyunlarından Tepük ve Yaşayan Varyantları” (Байыркы түрктөрдүн балдар оюндарынын бири тепүк жана анын варианттары) макаласында бүгүнкү кыргыздарда *лянга тебүү*, түркмөндөрдө *пара тебүү*, азербайжандарда *чиполик* жана уйгурларда *тепчүк* деген оюндардын кездешээрин көрсөтүп, аны байыркы тепүк оюну болушу мүмкүн деп божомолдойт (İbrahim YILDIRAN, 2002: 252-363).

Биз профессор Ибрахим Йылдырымдын көз карашына кошулабыз жана тепүк оюну азыркы күнгө чейин да ойнолуп келе жатат деген пикирди карманабыз. Тепүк лянга (пара) оюнунун түркчө аталышы болуп эсептелет. “Тепүк” сөзүнүн этимологиясын чечмелей келсек бул сөздүн өзөгүндө *теп-* этиш сөзү тураары шексиз. Түрк тилдеринде этиштен сөз жасоо кеңири кездешет. Мисалы, *күрө-* этишинен *күрөк, көп-* этишинен *көбүк, кон-* этиш сөзүнөн *конок* ж.б. сөздөрдү көрсөтсөк болот.

Орто Азиядагы түрк элдеринде перс тилинин таасири аркылуу лянга деген түргө өзгөрүп калган шекилдүү. Алсак, перс тилинде аксак сөзү – *лянг* деп аталат (Восканян, 2008: 772). Бул оюнду ойноп

жаткан адам аксак адамдын кыймылын элестеткендиктен лянга деп аталып калышы мүмкүн. Бул оюнду түрктөр мурун тепүк деп атагандыктары “Диван Лугаттан” айкын көрүнүп турат. Бул көз караштынын бекемдөө үчүн Сибирде жашаган түрк калктарынын оюндарына көз чаптырууга туура келет. Бүгүнкү тувалыктарда дал ушул оюн *тевек,* хакастарда *тибек,* алтайлыктарда *тебек,* ал эми Монголиялык казактарда *тебүк* деген аталыш менен белгилүү (Ооржак, 1995; Бутанаев, 2014; Алтайцы, 2014). “Диван Лугатта” кездешкен тепүк оюну жана оюндун аталышы бүгүнкү күндө сибирлик түрк элдерде азыркы күнгө чейин сакталып келе жаткандыгын баса белгилөөгө арзыйт.

Бул оюн жалгыз гана түрк тилдүү гана эмес, башка элдерде да кездешет. Алсак, тажиктерде *лянга* (мыкты оюнчуну *лянгабози* деп аташат), орустарда *почекушка, зоська*, англиялыктарда *socks* деген ат менен белгилүү. Бул оюндун негизги өзгөчөлүгү жаш балдарды ыкчамдуулукка, ийкемдүүлүккө, көз өлчөмдү туура алууга, туура дем алуу жана эсептөөгө үйрөтөт. Ал эми анлиялыктар бул оюн боюнча (*хаки сэк, сокс, футбэг*) атайын мелдештерди уюштурушат.

Албетте, азыркы технологиянын өнүккөн маалында байыркы маданиятыбыздын кээ бир түрлөрү өзүнөн-өзү эскирип, колдонуудан чыгып калат. Алардын катарына байыртадан бери ойнолуп келе жаткан оюндарды айтсак болот. Бул оюндар таптакыр унутулуп кала электе аларды жазып алып, видеого жана сүрөткө тартып, аларды каталогдоштуруп, аны кыргыз изилдөө борборлоруна, илимдер академиясынын жана улуттук китепканалага өткөрүп берсек эдибиздин маданиятын изилдөөнүн жолдорун жеңилдетип, изилдөөнү эффективдүү кыла алмакпыз. Ал эми “тепүк” оюнун жандантып, жаш балдар арасында атайын жарыштарды, мелдештерди уюштуруу пландарын келечек көрсөтөт.

**Адабияттар**

АБРАМЗОН С. М., Очерк культуры киргизского народа, Фрунзе, 1946.
Алтайцы: этническая история, традиционная культура, современное развитие, Горно-Алтайск, 2014.
АНАРКУЛОВ Х. Ф., Кыргыз эл оюндары, Бишкек, 1996.
БЕКТЕНОВ З. - МУСИН Ю., Кыргыз элдик оюндары, Фрунзе, 1978.
БУТАНАЕВ В. Я., Будни и праздники тюрков Хонгорая, Абакан, 2014.
ВОСКАНЯН Г. А., Русско-персидский словарь, Москва, 2008.
ДИВАЕВ А., “Игры киргизских детей” // Туркестанские ведомости - 1904. №84; 1905. №152; 1907. №54.
ЗАГРЯЖСКИЙ Г., “Киргизские очерки: аш или тризна по умершим”// Туркестанские ведомости – 1873. №1; 1874. №25.
ИЛЕБАЕВ А. К., Кыргызские игры и развлечения, Бишкек, 2004.
МАХМУД АЛЬ КАШГАРИ, Диван Лугат ат-Турк // Перевод, предисловие и комментарии З-.А. М. Ауэзовой”. Индексы составлены Р. Эрмерсом. – Алматы, 2005.
ОМУРЗАКОВ Д. О., Киргизские национальные виды спорта и народные игры, Фрунзе, 1958.
ООРЖАК Х. Д. Н., Тувинские народные подвижные игры, Кызыл, 1995.
РОЖДЕТВЕНСКИЙ А. П., Киргизский национальный спорт и игра, Фрунзе, 1928.
ТОКТОРБАЕВ С., Өспүрүмдөрдүн оюндары, Бишкек, 1991.
YILDIRAN, İbrahim, “Eski Türk Çocuk Oyunlarından Tepük ve Yaşayan Varyantları” / Türkler Ansiklopedisi, Cilt. III. – Ankara, 2002.
GENÇ, Reşat, Kaşgarlı Mahmud’a Göre XI. Yüzyılda Türk Dünyası, Ankara, 1997.

31

# ХАКАС ФОЛЬКЛОРУНДАГЫ ЕНИСЕЙ КЫРГЫЗДАРЫНЫН СПОРТТУК ОЮНДАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

**Кайрыкан ЖАНЫБЕКОВА***

Енисейдеги Кыргыз каганатында (б.з. VI-X кк.) спорттук мелдештер байма-бай өтүп тургандыгы жазма булактарда, тагыраак айтканда, кытай жазма эстеликтеринде чагылдырылат. Спорттук мелдештер енисей кыргыздарында ат үстүндөгү салттуу мелдештер, анын ичинде аралыкка ат чабуу, ат үстүндө күч сынашуу, күрөш, оордуктуу көтөрүү (көпчүлүк учурда таш көтөрүү), жаа атуу, найза ыргытуу ж.б.у.с. формаларда өтө турган. Тан доорундагы кытай тарыхчысы Хыжы Хоңдун берген маалыматтарында кыргыздар жазды 20-марттан 21-мартка оогон түндө тосуп алышкандан кийин (жаз майрамы – ирандыктардын нооруз майрамынын аналогу), дөбөлөргө от жагышып, кошуналар бирин-бири куттукташкан. Эртеси күнү спорттук мелдештер өткөрүлгөн. Салттуу оюндар уюштурулуп, жапайы жаныбарлар чогулган калктын көңүлүн ачышкан (Каратаев, 1997: 34). Илимий адабияттарда салттуу спорттук оюндардын башатында аскердик-прикладдык көнүгүүлөр жатары жазылып жүрөт. Ириде, салттуу спорттук мелдештер жана алардын түрлөрү ар дайым күтүп турган сырткы душмандардан коргонууга байланыштуу келип чыкандыгы белгилүү. Мындан сырткары, ат үстүндөгү коллективдүү аңчылык (абыла = облава) да аң уулагандардын спорттук шыгын арттырган, ат үстүндө бекем олтурууга, шамдагай болууга, көзгө атар мерген катары калыптанууга шарт түзгөн.

Енисей кыргыздарында ат оюндарына жана ат үстүндөгү спорттук мелдештерге өзгөчө маани берилгендиги Минусин ойдуңунда жана бүгүнкү Тувада кыргыздар калтырган таш бетине түшүрүлгөн сүрөттөрдөн да байкоого болот. Алгачкы общиналык коомдун шарттарында пайда болгон салттуу спорттук оюндар жана алардын түрлөрү, мисалы күрөш, балдар жана акыл оюндары бир тарыхый кыртышка ээ. Енисейдеги Кыргыз мамлекетинин монгол басып алууларынын соңунда кулашын чагылдырган мааанилүү тарыхый фольклордук чыгармалардын ичинен Көтен хан жана Ак Көбөк жөнүндөгү уламыштарды алууга болот (караңыз: Бутанаев., Бутанаева, 2002: 55-57). Түштүк Хакасияда атактуу Көтен ханды кыргыздын монгол басып алууларына чейинки акыркы башкаруучусу болгондугун белгилешет. Элдик фольклордогу маалыматтар боюнча хандын ордосу Абакан өрөөнүндө жайгашкан экен. Ал мезгилде кыргыздар өз алдынча саясий-экономикалык турмуш менен жашашчу. Кошуна жашаган элдер, уруулар өкүмдар Көтен хандын тагына үнсүз моюн сунуп турушчу. Жыл сайын Тун-Айран деген жай майрамында Көтен хан медештин үч түрү боюнча беттешүү өткөрчү экен. Алар төмөнкүлөр: “маргы тасты” - оор чулу ташты көтөрүү; белбоо күрөшү жана жаа атуу мелдештери болгон. Андан соң, мелдештин жеңүүчүлөрүнө Табат дарыясынан же эл башчысы Көтен хандын ордосунан Енисейге чейин күлүк чабуу жарыяланган. Мелдештин соңунда кол менен мушташуу уюштурулган. Бир да баатыр Кыргыз ханынын күчүнө туруштук бере алчу эмес дешет. Көтен-хан жөнүндөгү тарыхый фольклордун маалыматтары XIII к. Кыргыз мамлекетин жана кыргыздарды, кыргыз кыштымдарын башкарган атактуу башкаруучу тууралу уламыштар ошол учурдадагы түрк-монгол дүйнөсүнө кеңири тараган. Бул фольклордук чыныгы каарман кыпчактар аркылуу Египеттин түрк-мамлюктарына тарады. XIII к. египеттик жазма даректерде татар уруусунан чыккан баатыр Ак-Көбектин кыпчактардан чыккан Котян хандын Монгуш деген баласын эр сайышууда өлтүргөндүгү баяндалат. Котян хан аскер жыйнап, Ак Көбекти жеңет, бирок, ал өз кезегинде монголдордон жардам сурап кайрадан кол салгандыгы баяндалат. Көтен хан жана Ак Көбек тууралуу уламыштар сибирлик татарларда, телеут, алтысар жана теңир-тоолук кыргыздарда кенен таралган. Ак көбүктүү зааралуу аялга үйлөнүү эпизоду орто кылымдардагы “кыргыз” уругуна кирген, бүгүнкү якуттардын түпкү бабаларынын бири болгон Элес жөнүндөгү уламышта да бар. Фольклордук чыныгы каарман болгон Көтен ханды Түндүк Хакасияда сөздүн маанисин оңдоо ниетинде “Көчім хан” деп айтышат. Ушундан улам айрым изилдөөчүлөр фольклордук баатырды айтылуу Сибирь хандыгынын жетекчиси Кучум хан менен чаташтырып жүрүшөт. Ак Көбөктүн легендарлуу аты түштүк алтайлыктардын көп сандуу уруктарынын биринин аталышы болгон “көбөк” этнониминин негизинде жатышы мүмкүн (Бутанаев, Бутанаева, 2002: 55). Бул фактылар Көтен-хан жана Ак Көбөк жөнүндөгү уламыштардын тамыры жергиликтүү экендигин жогорудагы маалыматтар чагылдырары шексиз.

Енисей кыргыздарынын түз урпактары болгон хакастарда орто кылымдардагы кыргыздар дооруна таандык болгон, ошол мезгилде ойнолгон салттуу оюндар сакталып калган. Алардын аналогдору же тарыхый параллелдери бүгүнкү хакастарда жана кыргыздарда сакталып келет. Хакас профессору В. Я.

* к.и.н., Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети, Бишкек, Кыргызстан.

Бутанаев жана В. А. Верниктин изилдөөлөрү боюнча бүгүнкү хакастардын салттуу элдик оюндарын жана мелдештерин төмөндөгүдөй топторго бөлүшөт. 1. Балдар оюндары: хоор-хоор, сархычах, чылхаях, креичик, чуурана (чазынчах), чаа-чурух, киик пурі, метпечек, ах токпос, енгерес, окрас, хозан орых, пала туузах, чылгы пуур; 2. Жаштар оюндары: орых пилаза, хур талзах, мелей тастазах, пурба салызах, ала хуча, хуча чарыс, неелбек, хол сабызах, хыз хостазах. 3. Спорттук мелдештер: хазых атызах, моол ойын, сога табызах, поге алызах, айра хазых, хан пылазах, саха, ноортпас, мечекээй, тырлос, тобит, чахым, салбы, урух, хол тартызах, хайыс таргызах, хозан азах, оранмай, курес, чарыс, кил чарыс ж.б. (Бутанаев, Верник, 1995: 1-3).

Хакас тарыхый фольклору эл арасында «кип-чоох» деп аталчу жомок эмес прозаны* түзөт. Ал элдик прозанын башка түрлөрүнөн, атап айтканда, ойдон чыгарылган окуяларды баяндаган жомоктон айырмаланган өз алдынча көрүнүш. Енисей кыргыздарындагы айрым спорттук салттуу оюндар элдик фольклордун үлгүлөрүндө чагылдырылат. Изилдөөчүлөр аларды төмөндөгүдөй топторго бөлүшөт:

1. Иргі-чоох элдин эсинде сакталып келген олуттуу тарыхый окуялар жана өткөн доордогу даңкка бөлөнгөн эл башчылары менен баатырлар жөнүндөгү уламыштар. Булар кыргыздардын акыркы башкаруучусу болгон Көтен-хан, Өжен-бег, Татым-Ирке сыяктуу кашкалар (бектер); кыргыз доорундагы согуштар; ойрот, моңгол хандары тарабынан Жунгарияга күч менен көчүрүлгөн кыргыздар жөнүндө баяндар айтылат.

2. Ибеке-чоох - санжыралык баяндар. В. Я. Бутанаевдин калеминен жарык көргөн «Хакас-орус тарыхый-этнографиялык сөздүктө» Ибеке - эзелки бир болуп өткөн мезгил, Обеке - ата тек, түп ата деген аныктамаларды берет. Оболу, «Ибеке» жана «Обеке» терминдери бир эле сөздүн фонетикалык өзгөргөн түрлөрү болгон; мезгилдин өтүшү менен бөтөн мааниледи туюнтуп калган терминдердин тегинин жалпы экендиги азыр да ачык эле байкалып турат. Эгерде ушундай болсо, анда, «ибеке-чоох» - байыркы доорлордо хакастардын этникалык аймагында жашап өтүшкөн эзелки бир элдердин санжыралык баяны десе болот.

3. Чайзан-чоох - «кереметтүү баатыр-чайзан» катышкан курч сюжеттүү легенда. Чайзан-чоох үлгүсүндөгү легендаларга «Ир Тохчын», «Паян-Хыс», «Абахай-Пахта», «Көбірчін-Хыс», «Апрей-Чайзан» ж.б. кирет. Бул каармандарды конкреттүү тарыхый инсандар менен салыштырууга мүмкүн эмес; алардын белгилүү бир тарыхый шарттардагы жашоо-турмушун, баштарынан кечирген окуяларын ошол тарыхый доорлордогу коомдун негиздерине, идеологиясына, көз караштарына ылайык таризде кароо зарыл, ошондуктан бул өзгөчөлүү тарыхый булакты түшүнүү үчүн алгач аны чечмелөө абзел.

4. Хара-чоох - оозеки айтылчу баян, болгон окуя. Хакасиянын Орусияга каратылышынан, Октябрь төңкөрүшүнө чейинки доордогу урунттуу окуялар жана баатырлар жөнүндө баяндарды камтыган санжыра. Хара-чоохтор фантастикалык элементтерден алыс, анткени бул баяндардын каармандарынын укум-тукумдары, айрым болгон окуялардын күбөлөрү бар. Хара-чоохторго «Хасхы Хучас», «Пай-Апун», «Пиг Точак» ж.б. аңгеме-жомоктор кирет (Бутанаев, Бутанаева, 2002: 6-7).

Кыргыз жоокери атка мыкты минген, шамдагай, көзгө атар мерген, чымыркай жана кара күчү болгондугун фольклордук материалдар ырастап турат. Көз каранды эместик, ата мекен үчүн болгон күрөш аскер искусствосун өнүктүргөн. Хонгор жоокерлери согуш мезгилинде тулку боюн моюндан тизеге чейин тосчу соотторду кийип жүрүшчү. Коргонуучу баш кийим катары төбөсү шоңшогой «тулага» туулга кызмат кылган. Баатырлардын кыя чапчу куралы болот кылыч (час молат хылыс), сайчу куралы - найза (чыда) боло турган. Аргымак минген кыргыз өкүмдары Көтен-хан найза менен жоосу Ах-Көбөктү ээрден кулаткан. Мындай беттешүүлөрдө тажрыйбалуу жоокерлер найзаны ээрге такап, мингич тулпардын күчү менен жоонун кийген соотун тешип өткүрө сайышчу. Хонгор (кыргыз) жоокеринин аралыктан атчу негизги куралы жаа (чаачах, ухчаа) болгон, ошондон улам орто кылымдар фольклордо «ух-саадах тузы; ухча тузы» (жаа согушунун доору) деп аталат. Жаа атайын жасалган кутуга (саадах) - саадакка салынып, далыга асылчу; жебе салынган окчонтой (хурлух) белге байланчу. Жаа менен согушуунун куралы жалпысынан «ух-саадах» деп аталган. Фольклордук материалдар бизге жаа атуунун ыкмасы жөнүндө баалуу маалыматтарды берет. Маселен: «Оң тизесин бүгүп, сол тизеси менен жер таянып, саадакты колго алды, окчонтойдон жебелерди сууруп чыкты, аны (жебени) жаага салып, жипти күч менен аягына чейин тартып туруп коё берди». Аскер жүрүштөрүнүн мезгилинде хонгор (кыргыз) атчан жоокерлери саадактарын ээрдин алдыңкы капталына, кесип-чапчуу куралдарын ээрдин арткы капталына байлап жүрүшкөн. Аскер асабалары («туг») символ катары эсептелип, анын алдында аскердик-көчмөн коомдун духтары колдоочулары турат деген ишеним болгон (Бутанаев, Бутанаева, 2002: 32-33). Кыргыздардын күлүктөрү тууралу төмөнкү маалыматтарды сунуш этүүгө болот: "Жылкы үйүрүнүн сактоочусу - ээси («ызых») болгон Тулжубайдын аргымагы (маган ат) бүткүл төрт түлүк менен кошо Дэрбэт жергесине айдалып кетет. Моңголдор аргымакты качып кетпесин үчүн темир кишен (тимір газен) салып коюшат. Бирок, баатырдын аргымагы кишенделгенине карабастан, өз журтуна качып келет. Аргымак Оглахты деген жердеги тоону (маган ат чолы) жердеп калыптыр. Баатырдын аргымагы суугa өз кожоюну жүргөн

жол (магал ат чолы) менен түшчү экен. Аргымакты сууга түшкөн жеринен койбал уруусундагы хайдыңдар көрүп калышат. Алар атайын жол жасашып, суу аркылуу баатырдын аргымагына жакындап келишип, жаа менен атып, этин жеп тойлошот. Бул жасаган кылмышы үчүн хайдыңдар өтө катуу жаза тартышат. «Ызыхтардын» колдоочу духтары кара чечек («хараан аалчы») оорусун жибергенде, Эне-Сайдын оң жээгиндеги койбалдар кырылып калышкан дешет” (Бутанаев, Бутанаева 2002: 55-58). Кыргыз аймагынын жетекчиси Арыхпай-Тайжы (Апрей чайзаң) сансыз малга ээ болгон экен; алардын ичинде анын жарышка чапчу тулпарларынын үйүрү өзгөчө бөлүнүп турчу дешет. Ханзаада атасынын тулпарларын мингенди жакшы көрчү экен, айрым учурларда ат чабыштарга да катышчу. Арыхпай-Тайжы жыл өткөн сайын өзүнүн мурдагы баатырдык сапатын жоготуп, мамлекеттик иштерде моңгол ханы үчүн жыйналчу салыктарга көз сала албай калат экен. Мисалы, жаа атуу, лыжа тебүү тууралуу да маалыматтарды келтирүүгө болот: Күндөрдүн биринде Сорхуюх Типр-Пурну тоосунда калтар түлкүнү көрүп калат. Ал уулдары Кирби-оол менен Ирби-оолду калтар түлкүнү атып, терисин алып келгиле, алып келбесеңер жазаңарды берем - дейт. Бир туугандар лыжа менен Чымыр-Хая тоосуна чейин түлкүнүн артынан кууп барышат. Жолдо Кирбиоолдун лыжасы сынып, артта калат. Ирми-оол өзү жалгыз кууп кетет. Ал Юта дарыясына жакындап келгенде түлкүнү кууп жетип, атып алат. Сорхуюх алардын артынан келе жатып, лыжасы сынган Кирби-оолду көрүп, ачууланып жаа менен атып, өлтүрүп коёт экен. Атасы уулун атып өлтүргөн жер азыр да «Кирби» деп аталат (Бутанаев, Бутанаева, 2002: 76-77). Жалпысынан алганда бүгүнкү хакас фольклорунда орто кылымдардагы енисей кыргыздары жана алардын салттуу спорттук оюндары боюнча маалыматтар арбын кездешет. Бул маалыматтарды иргеп, аны илимге киргизүү келечектеги иликтөөлөрдөн болуп калат.

**Адабияттар**

БУТАНАЕВ В. Я., БУТАНАЕВА И. И., Эне-Сай кыргыздары: тарых жана фольклор, Бишкек, 2002.

KARATAYEV, Olcobay, “Kırgız Tarihi ve Nevruz”, Türk Kültüründe Nevruz Uluslararası Bilgi Şöleni (Sempozyumu), Ankara, 1995.

БУТАНАЕВ В. Я., Будни и праздники тюрков Хонгорая, Абакан, 2014.

БУТАНАЕВ В. Я., ВЕРНИК А. А., Детские игры и спортивные состозяние народов Хакасии, Абакан, 1995.

## 32

# ҚАЗАҚ ӘДЕБИЕТІНДЕГІ АТ ОБРАЗЫ ЖӘНЕ ҰЛТТЫҚ ТӘРБИЕ

**Абиыр Ақбота АБИЫРҚЫЗЫ***

Қай халықтың болмасын, рухани өміріне негіз болатын іргетастық құндылықтары, оның өзіндік болмысын анықтайтын ежелгі өмірінен келе жатқан жәдігерлері, баға жетпес мұралары болады. Қазақ халық ауыз әдебиетінде төрт түлік малға, оның ішінде жылқы малына арналып қалам тартылған шығармалар көптеп кездеседі. Ондай шығармалардың көп болуының да өз алдына үлкен мәні бар. Қазақ халқының мінсе көлігі, ішсе сусыны, жесе тамағы болған жылқы малының өзіндік қасиеттері өте мол. Жылқы бейнесінің жасалуы сонау батырлар жырындағы Тайбурыл, Керқұла, Байшұбар, Қарақасқа т.б. бейнелерінен бастау алды десек, әдебиеттегі ат бейнелері қалай жасалуда деген сұрақ көкейде тұрады.

Қазақ әдебиетіндегі ат бейнесінің жасалып, сомдалуының түп-төркіні батырлар жырынан бастау алады. Халықтың мұң-мұқтажына байланысты армандау, қиялдау әсерінен туған тұлпар тұлғасына ерекше мән берілді. Батырлар бейнесін сомдап көрсетуде де ат бейнесінің алатын орны зор. Ел қорғау жолында батырға жолдас болған тұлпарды ардақтап жырлаушылық жалғыз қазақта емес, көптеген халықта бар. «Қобыланды батыр» эпосындағы Тайбурыл сияқты тұлпарды сүйсіне жыр еткен қазақ халқы оның бойында адамның тілін, ішкі ой-сезімін, сырын білетін ерекше қасиет бар екенін бейнелеген. Сондықтан да халық жыры Тайбурылды:

Жазығы мал демесең,
Тайбурылдың ақылы
Адамзаттан артық-ты -

деп ардақтайды. Жылқының қадір-қасиеті мадақ сөз қазақ әдебиетінде аз емес. «Ат-ердің қанаты» - деп білетін бабаларымыз балаларына атты сүюдің, құрмет тұтудың, баптаудың қыр-сырларын бала кезінен бастап үйретуге дағдыланған.

Жалпы, фольклор, эпос мәселелерімен айналысқан қазақ ғалымдарының көбі дерлік бірер ауыз сөзбен болса да, батырлар мінген тұлпарлар туралы сөз қозғап, пікір айтқан. Мәселен, Р.Бердібай: «Қобыланды батырдағы» Тайбурылдың шабысын бейнелейтін тұс көңілімізді елең еткізіп, қаһармандық, еркіндіктің стихиясына қанықтырғандай болады, сұлулық, асқақтық, өршілдік ұғымдарына еріксіз ұшырастырады, мәрттіктің мәңгі үлгісіндей тұтастығымен және кесектігімен таң қалдырады» деп жазады (Бердібай, 1997: 53).

М. Ғабдуллин мен Т. Сыдықовтың «Қазақ халқының батырлық жыры» атты еңбегінен «Кейіннен Құртқа секілді данадан тәрбие алып өскен Тайбурыл Қобландыға жауынгер жолдас болады. Батырмен бірге ел қорғауға шығады, халық қиялы Қобланды мен Тайбурылды бір-бірін түсініскен жолдастай, аға мен інідей сипаттайды» деген жолдарды оқимыз (Ғабдуллин, Сыдықов 1972: 245). С.Садырбаев қырғыздың «Манас» эпосымен «Қобланды батыр» эпосын салыстыра келіп: «Екі шығармада – «Манас» пен «Қобландыда» да Тайбурыл тұлпардың бапталуы мен күтімі бір-біріне өте ұқсас. Сонымен қатар Тайбурыл – екі ел эпосына да ортақ тұлпар. «Манаста» Манас пен Семетейге қызмет етсе, «Қобландыда» Қобландыға қызмет етеді» деген пікір айтады (Садырбаев 1976: 51).

Эпостық дастандарда ат тек тасымалдаушы функциясын ғана орындап қоймай, қолдаушы, жебеуші функциясын да атқаратын аттар пайда болған. Жалпы қанатты аттардың қазақ эпосында көп кездесетінін атап өту керек. Алпамыстың – Байшұбары, Қобландының – Тайбурылы, Көроғлының – Ғираты қанатты аттар.

Эпостық жырлардағы аттың функциясы:

а) ат көбіне батырға тәуелсіз өз бетінше әрекет қылады, ол батырға бағынышты жануар сияқты емес, терезесі тең жан сияқты әрекет етеді;

ә) солай болғанымен де, ат ылғи батырға шын берілген, оның қамын істеп жүреді;

б) ат болашақты болжап, алда қандай оқиғалар болатынын біліп, батырға бағыт-бағдар беріп отырады;

в) ат батырсыз-ақ жаумен соғыса алады, тіпті жалғыз өзі біраз жауды қырып тастайды;

г) ат өлген адамды тірілте алады (яғни, шамандық қасиеттерге ие);

ғ) атта магиялық сиқырлы, құдіретті қасиеттер бар;

д) ат адамдармен сөйлесе алады, ойлай біледі.

Осы айтылған қасиеттердің бәрі өзге де архаикалық эпостардағы ат образдарын сомдауда кездеседі

* PhD докторанты, С. Демирель атындағы университет, Қазақстан.

және осы жанрға тән типтік элементтер болып табылады. Жалпы, архаикалық эпостардағы аттың батырдың бағынышты көмекшісі, көлігі, айтқанынан, еркінен шықпайтын жануар ғана емес, толыққанды жеке дара кейіпкер дәрежесіне көтерілгенін байқаймыз. Оның үстіне, көне эпостарда ат көп жағдайда батырды өзіне бағындырып, алға бастап, бағыттап отырады, ал бас қаһарман өз атының айтқанын екі етпей орындайды.

Қазақ эпосы ат бейнесін жасауда аса жоғары көркемдік биіктікке жеткен. Эпостың кемелденген нұсқаларындағы аттың сыны мен сипатын кескіндеулер, шабысын суреттеулер, естілігі мен табандылығы, төзімділігін әспеттеулер асқан көркемдігімен, тілінің шұрайлылығымен, бейнелілігімен, семантикалық-мазмұндық тереңдігімен таң қалдырады. Халқымыздың аса бай эпикалық мұрасындағы ат образын сомдаудың ең озық үлгілері тек қазақ фольклоры мен әдебиетінің ғана емес, бүкіл әлемдік әдебиеттің де алтын қорына енетін, асыл қазынасы болып табылады.

Халқымыздың ұлы перзенттерінің бірі, аса көрнекті жазушы М. Әуезов: «Біздің халқымыздың өмір кешкен ұзақ жылдарында өздері қызықтаған алуан өнері бар ғой. Ойын деген менің түсінуімше көңіл көтеру, жұрттың көзін қуантып, көңілін шаттандыру ғана емес, ойынның өзінше бір ерекше мағыналары болған», - деп тегіннен тегін айтпаса керек.

Одан кейінгі кезеңде қазақ халқының бай этнографиялық материалдарын жинақтаған және оның ішінде ұлт ойынының тәрбиелік маңызы туралы пікір айтқандар К. А. Покровский, А. И. Ивановский, Н. И. Гродеков, Е. А. Алекторов, Ә. Диваев, А. Левшин, Н. Пантусов, Ф. Лазаревский, П. П. Пашин, Г. С. Запряжский, А. Шиле, А. Харунзин, А. Горячкин, П. Ходыров, Е. Букин, О. Әлжанов, т.б. болды.

Қазақ халқының атқа байланысты аударыспақ, бәйге, алман бәйге, көкпар, теңге алу сияқты ұлттық ойындардың қазақ мәдениетіндегі алатын орны, ел арасындағы беделі, тарихи қоғамдағы алатын орны және болашақ ұрпақты өсірудегі қажеттілігі, оның шығу тарихы туралы ғылыми тұрғыдан бізге дейінгі ғалымдар да көп ізденді. Осы мәселеге байланысты зертелеген ғылыми еңбектерді біз хронологиялық шектігіне қарай бірнеше топқа бөліп қарастырамыз.

Е. Сағындықов өз еңбегінде: «Қазақтың ұлт ойындары тақырыпқа өте бай және әр алуан болады», (Сағындықов, 1991: 24) - дей келіп, ұлт ойындарын негізінен үш салаға бөліп топтастырған. Ә.Диваев «Игры киргизских детей» атты еңбегінде тарихта алғаш рет қазақтың ұлттық ойындарын үш топқа бөліп қарастырады.

Қазақ балаларының ұлттық ойынына тоқталғандардың бірі – орыс ғалымы А. Алекторов. Мәселен, оның «О рождении и воспитании детей киргизов, правилах и власти родителей» атты еңбегін атауға болады.

М. Жұмабаев ойындарды халық мәдениетінен бастау алар қайнар көзі, ойлау қабілетінің өсу қажеттілігі, тілдің, дене шынықтыру тәрбиесінің негізгі элементі деп тұжырымдайды. Кезінде ұлттық ойындарды зерттеген авторлар қатарында М. Тәнекеев, Б. Төтенаев, М. Балғымбаев, Ә. Бүркітбаев, т.б. есімдерін атауға болады.

Ұлттық ойындар халық тәрбиесінің дәстүрлі табиғатының жалғасы. Ежелден дәстүрлі ойындарда халықтың өмір сүру әдісі, тұрмыс-тіршілік еңбегі, ұлттық дәстүрлері, батырлық-батылдық туралы түсінігі, адалдыққа, күштілікке ұмтылуы, шыдамдылық құндылықтарға мән берілуі – халық данышпандығының белгісі.

XX ғасырдың басында өмір сүрген этнограф М.Гуннер қазақтың ұлттық ойындарын былайша жіктейді:

1. Жалпы ойындар;
2. Қарсыласу мен күресу сипатындағы ойындар;
3. Ашық алаңқайдағы ойындар;
4. Қыс мезгіліндегі ойындар;
5. Демалыс ойындары;
6. Ат үстіндегі ойындар;

Қазақтың ұлттық қозғалыс ойындарын спорттық ойындардан ажыратып, алғаш рет бөліп қараған ғалым М. Гуннер қазақ ойындарына топтамалық жіктеу жасай отырып, ұлттық ойындарды оқу үрдісінде пайдалануға ұсыныс жасайды.

«Өзге халықтар сияқты қазақтың да ертеден қалыптасқан, атадан балаға мұра болып жалғасып келе жатқан ұлттық ойын – сауық түрлері бар. Зер салып байқап отырсақ, ол ойын – сауықтар қазақтың ұлттық ерекшелігіне, күнделікті тұрмыс тіршілігіне тығыз байланысты туған екен, және адамға жастайынан дене тәрбиесін беруге, оны батылдыққа, ептілікке, тапқырлыққа, күштілікке, төзімділікке т.б. әдемі адамгершілік қасиеттерге баулуға бағытталған» (Жүнісов, 1994: 245).

Қазақ халқының өмірде болып жатқан сан қилы оқиғаларды бастан аяқ баяндап беретін ғасырлар бойы бірге жасасып келген әдет-ғұрып оындары бар. Қазақ халқының ұлттық ойындары көпшілік жағдайда үлкен тойларда, меркелерде, думандарда ойналатын бол,ан. Осы ұлттық ойындардың негізгілері

«Наурыз» мерекесінде ойналатын ойындар болған.Ұлыстың ұлы күні ойналатын ойын-сауықты «наурызнама» деп атаған. Тойға ат жарыс, палуан, күрес, теңге алу, жамбы ату, айтыс, наурыз жырлары да айтылады.

Қазақтың ұлттық ойындарының басқа халықтардың ұлттық ойындарынан айырмашылығы – оның шығу, пайда болу тегінің ерекшелігіне байланысты белгілі бір тәрбиелік мақсат бірлігін көздейтінінде.

**Әдебиеттер**

БЕРДІБАЙ Р. (1997) Эпос мұраты. – Алматы.
ҒАБДУЛИН М., СЫДЫҚОВ Т., (1972) Қазақ халқының батырлық жыры. –Алматы.
САДЫРБАЕВ С., Фольклор және эстетика. (1976) Эпосты зерттеудің кейбір мәселелері – Алматы.
САҒЫНДЫҚОВ Е. С., (1991) Қазақтың ұлттық ойындары. – Алматы.
ЖҮНІСОВ А., (1994) Фәниден бақиға дейін. – Алматы.

# OSMANLI GÜREŞ TEKKELERİ VE FONKSİYONELLİĞİ

**Mehmet TÜRKMEN[*] - Bilal DEMİRHAN[**]**

**Özet**

Türk halklarının dinî, siyasî, sosyal, ekonomik yapı ve yaşayışlarının hemen her safhasında yer alan güreş sporu sanat, edebiyat, âdet ve geleneklerinin teşekkülünde de mühim bir yer teşkil etmiş, genel ve özel merasimlerinin ayrılmaz bir parçası olmuştur. Osmanlı Devleti'nde ilk formata giren, tekke/zaviye-vakıf veya hamî-mahmî sistemiyle ilk kurumsallaşan spor, güreş olmuştur. Bu çalışma da, Osmanlı'da merkezî yerlerde teşkilatlanan *Güreş / Pehlivan Tekkeleri* ile aynı paralelde taşralarda teşkilatlanan *Güreş Zaviyeleri* araştırıldı ve bu teşkilatların ne gibi fonksiyonları icra ettikleri sorusuna cevap arandı.

Araştırma da tarih-tarama yöntemi kullanıldı. Konuyla ilgili monografik bir çalışmaya rastlanılamadığından, güreş tekke ve zaviyeleriyle ilgili yapılan bazı bağlayıcı çalışmalara değinildi. Daha önce yazılanların birçoğu belgelerden ziyade belleklere dayanmakta ve dönüp dolaşıp aynı konuların tekrarı görüldüğü için, orijinal kaynak kullanımına dikkat edildi ve birçok orijinal Osmanlı arşiv belgeleri bu çalışmada ilk defa kullanıldı.

Güreş tekkelerinin ilk olarakTürk halk inancı ile geleneklerine dayalı hassasiyete sahip sosyal-dinî zümreler tarafından örgütlendiği, bu kurumlar için itici ve yönlendirici bir güç unsuru oldukları anlaşılmıştır. Güreş tekkelerine alınan sporcuların buralarda güreş eğitiminin yansıra çağının önemli sporlarını da beraberinde yaptıkları, millî ve dinî öğretimde aldıkları, pehlivanlık ruh ve erdemlilik geleneğine göre yetiştikleri görülmüştür. Burada yetişen pehlivanlara örnek ve örgütsel kişilik olarak bakılmış, devlet kadrolarında önemli yerler verilmiştir. Ayrıca halkların kabulü ve merkezin teşvikiyle kurulan güreş tekkeleri ile bunlar için tahsis edilen vakfiyeler, sosyal bütünleşme sağlamalarının yanında devletin birçok sosyal ve ekonomik fonksiyonlarını da yerine getirdikleri sonucuna varılmıştır.

**Anahtar Kelimeler:** Osmanlıda Güreş, Güreş Tekkesi, Küşt-i gir, Fonksiyonellik.

**Ottoman Wrestling Lodges and Functionality**

**Summary**

Wrestling, which takes place in almost all manners of life and religious, political, social and economic structures of Turkish people and also takes a great part in occurance of art, literature, customs and traditions, has been an inseparable part of public and private ceremonies. Wrestling has been institutionalised with lodge/Islamic monastery-foundation system which was one of the very first formats in the Ottoman Empire. In this study, "Wrestling/Pehlivan (Wrestler) and lodges /Kushti Giran (Wrestlers)" which were organized in central locations in the Ottoman Empire and "Wrestling Zawiyas" which were organised at the same way, has been investigated and it has been answered that what kind of functions have these organisations been performed.

It has been touched on some binding studies due not to be found a monographic study related to the subject. Many of previously writings were based on verbal expression rather than documents. The difference between this study and previous studies is to use Ottoman archival documents. History-scanning method was used in this study and it has been evaluated in sociological context.

It has been understood that wrestling lodges were driving and guiding force for the organisations due to be organised by social-religious clan who has got sensibility based on Turkish people's belief and tradition as first. It has been seen that athletes taken to wrestling lodges have done major sports of that era as well as wrestling and they were trained according to national and religious teaching and they received an education with the soul of wrestling and virtue. The wrestlers trained in such places have been known as examples organizational personality and they have been given to important places of the state. In addition, it has been concluded that wrestling lodges and Zawiyas and the charitable foundation allocated to them, have carried out social integration along with performing many social and economic functions of the state.

**Keywords:** Wrestling in Ottoman Empire, Wrestling Lodge, Kusti- gir (Wrestlers), Functionality.

## 1. Giriş ve Genel Bilgiler

**1. 1. Konunun Önemi ve Amacı:** Osmanlı güreş tekkeleri, adına münhasır olmanın da ötesinde yapısı ve etkileri bakımından Türk kültürünün temelini oluşturan en önemli olgulardan biriydi[1]. Dolayısıyla tekke pehlivanlığı gibi millî kültür unsurlarıyla beslenmiş tarihî miraslar, sadece Osmanlı ve onun devamı olan Türkiye'nin tarihî değerleri değildir. Kaynağını aldığı Türkistan ve tüm Türk dünyasının ortak değerleridir. Güreş tekkeleri ve fonksiyonelliği ile ilgili monografik bir çalışmaya rastlanmamıştır. Sınırlıda olsa yerli ve yabancı bağlayıcı çalışmalar bulunmaktadır. Bunların bazı özgün olanı dışında, çoğu birinci el kaynakların yokluğunda dönüp dolaşıp aynı kaynakları kullanılmışlardır. Böyle çalışmalar ise güreşin kurumsal tarihi ve analitik

---

[*] Doç. Dr., Ondokuz Mayıs Üniversitesi, Yaşar Spor Bilimleri Fakültesi, Samsun, Türkiye. turkmenafsin@hotmail.com

[**] Yrd. Doç. Dr., Ondokuz Mayıs Üniversitesi, Yaşar Spor Bilimleri Fakültesi, Samsun-Türkiye; Kırgız-Türk Manas Üniversitesi, Beden Eğitimi Spor Yüksek Okulu, Bişkek, Kırgızistan.

[1] Fethedilen yerlerin şenlendirilmesinde rol oynayan bu dervişler, Rum abdalları zümresidir. Bunların içerisinde Kadirîler, Rıfaîler ve Mevlevîler yoktur. Çünkü bunlar eski dönemlerden beri şehirlerde yaşayan, zaviyelerini kurmuş ve belli vakıf gelirlerine sahip kimselerdir. Rum Abdalları ise, daha gezgin bir grup olduğu için, Bizans sınırlarına ve Osmanlı Beyliği'ne geçmişlerdir. Bunlar güçlü bir sufî akımı olan Kalenderîliğe mensupturlar. Rum Abdalları zümresinin, hâkim sufî çevresini Vefaîler oluşturmaktadır (Ocak 2000: 74-75; Köprülü, 1991: 46; Barkan 1942: 282).

derinleşmesinin önünde duran bir engeldir. Bugün Osmanlı güreş tekkelerinin amaç değerlerinin yeniden el üstünde tutulmasına ihtiyaç vardır. Bu bağlamda çalışmanın özgün olmasına dikkat edilmiştir. Çalışma pehlivan tekkelerinin geçmişini anlamaya yönelik bir araştırma amacı taşımakla birlikte, geleceğinin inşası bakımından da önem arz emektedir.

**1. 2. Türklerde Güreş Kavramı Terminolojisi:** Türklerin spor tarihinde engin ve spor geleneğinde zengin bir yeri olan güreş, sosyo-ekonomik ve sosyo-kültürel yapı ve yaşayışlarının hemen her safhasında yer almıştır. Sibirya'dan Balkanlara tüm Türk dünyası ve akraba toplumlarında güreş yapıp pehlivan olma geleneği, bir "onur formu" olmuştur. Türkler güreş yapmayı ibadet, güreş yerini ibadet yeri, güreş meydanını er meydanı ve ibadet (cem) meydanları olarak görmüşlerdir (Petrov 1994: 107-108; Nadiem, 1968: 14).

Bilinen en eski Türkçe'de güreş sözcüğü "kür+eş" kök ve ekinden gelmektedir. "Kür" kök sözcüğü *güçlü, sarsılmaz, pek yürekli, cömert, kabadayı, fedakâr, arlı, bilgili* anlamlarındadır (Ebû Hayyân 2001: 234; DLT-II 1986: 99; Dankoff 1982: 319-20). "Eş" ek sözcüğünün ise isimden fiil yapan "*karşılıklı mücadele, yardımlaşma, yarış ve rekabet*" anlamına geldiği temel kaynaklarda görülmektedir (Ebû Hayyân 2001: 234, 574; Gabain 2000: 96, 242-243; El-Harezmî 1993: 73/226-228; DLT-I 1986: 474).

Erken dönem Türklerde güreş yapanlara, *koruyucu ruhları temsil ettiğine inanılan ve bir nevi dinî ve de soy lideri sayılan* "Cıvı" ya da "Arvak" denilirdi (Öngel 2001: 332; Ant 1958: 4). Eylemine uygun olarak da *alt etmek, yenmek, bastırmak, yıkmak, galip gelmek, çökmek, baskın yapmak* anlamlarına gelen "Baş/Bas" denildiği görülmektedir (Ebû Hayyân 2001: 381; DLT-II 1986: 10). VI. yüzyıldan itibaren Türk halklarında güreşçilere *kahraman, cesur, yürekli, cömert, mert, dayanıklı, pek güçlü, lider, fedakâr vb.* anlamlar ifade eden "Alp, Baatır, Ahı, Ata, Erk, Nart, Temur/Timur/Demir" denilmiştir (DLT-I: 183/5; II: 99/9-12; III: 65/15, 406/6). XII. yüzyıldan itibaren "Pehlivan, Abdal, Ahi, Gazi, Şuca/el-Suca" gibi müteradif ulvî sıfatlı adlar verilmiştir (Ebû Hayyân 2001: 381; Gabain 2000: 96, 242-243; DLT-II 1986: 10, 41, 123; Şapolyo 1964: 207).

Güreşle at yarışının hem *sabantuy*lardaki hem de genel olarak İdil-Ural Türklerinin hayatlarındaki yerine ve önemine Tatarca'daki atasözleri de işaret etmektedirler. Bunlardan birkaçını zikretmekte fayda vardır:

- *At olsa meydan bulunur, at olmazsa meydan kapanır.*
- *At yaşlanır, meydan yaşlanmaz, yiğit yaşlanır, zaman yaşlanmaz.*
- *Yiğit meydanda tanınır.*
- *Binici, sabantuyun yaklaştığını önceden sezer.*
- *Ata sahip olana sabantuy; kürkü olana düğün* (Şarafutdinov, 2014: 3).

At yarışı ile güreş, *sabantuy*da yapılan son yarışlardır. Dolayısıyla güreş müsabakalarının sona ermesiyle birlikte *sabantuy* da tamamlanmaktadır. *Sabantuy*un bitmesinden sonra halk evlere dağılmakta, bazı aileler akrabalarına misafirliğe gitmektedirler. Dolayısıyla kadınlar *sabantuy*dan önceki günler *çak-çak, üç pıçmak, peremeç* gibi millî yemek ve tatlıları pişirmekte ve gelen misafirlere ikram etmektedirler. Benzer ikramlar *sabantuy* sırasında da yapılmaktadır. Netice itibarıyla *sabantuy*, yemek ve ikramları, örf ve âdetleri, müzik ve şarkıları, eğlence ve spor oyunları ile İdil-Ural Türklerinin en önemli millî bayramıdır. Asırlardır kesintisiz olarak yapılan *sabantuy*lar, İdil-Ural halklarının millî spor, oyun ve geleneklerini günümüze kadar korumalarında da önemli rol oynamışlardır.

**Kaynakça**

AYNUTDİNOVA, L. M., "Narodnıe İgrı", *Tatarskaya Entsiklopediya*, IV (glavnıy redaktör M. H. Hasanov), İzdatelstvo İnstituta Tatarskoy Entsiklopedii, Kazan 2008.

BATIRŞİN, R. R., "Sabantuy", *Tatarskaya Entsiklopediya*, V (glavnıy redaktör M. H. Hasanov), İzdatelstvo İnstituta Tatarskoy Entsiklopedii, Kazan 2010.

FATTAH, N., *Yazık Bogov i Faraonov: İstoriko-Lingvistiçeskoe İssledovanie*, Kazan 1999.

KAŞGARLI MAHMUD, *Divanü Lûgati't-Türk Tercümesi* (çev. Besim Atalay), I, 3. baskı, TTK Basımevi, Ankara 1992.

ŞARAFUTDİNOV, Damir, "Obşebolgarskie İstoriçeskie Korni Sabantuya", *Eho Vekov / Asırlar Avazı*, No. 1 (2008); http://www.archive.gov.tatarstan.ru/magazine/go/anonymous/main/?path=mg:/numbers/2008_1/11/11_01/ (erişim tarihi: 18.11.2014).

ŞARAFUTDİNOV, Damir, "Mnogovekovoy Jar Sabantuya", *Tatar Dünyası,* No. 6 (6365), 2014.

TÜRKTAŞ, Metin "Divani Lügatit Türk'te Yer Alan Ve XI. Yüzyıllarda Türkler Arasında Oynanan Oyunlar", *Pamukkale Üniversitesi Eğitim Fakültesi Dergisi,* No. 5 (1999).

URAZMANOVA, Raufa, "Obryadı i Prazdniki", *İstoriya Tatar s DrevneyşihVremön, VI: Formirovanie Tatarskoy Natsii XIX - Naçalo XX vv.,* İnstitut İstorii İmeni Ş. Mercani AN RT, Kazan 2013.

URAZMANOVA, Raufa, "Etnoterritorialnıe Gruppı Po Dannım Obryadnosti", *Etnoterritorialnıe Gruppı Tatar Povoljya i Urala i Voprosı İh Firmirovaniya, İzdatelstvo Dom Peçati,* Kazan 2002.

URAZMANOVA, Raufa, "Narodnıy Prazdnik Sabantuy", *Tartarika. Etnografiya,* Nauçnıyrukovoditelproekta R. Hakimov, İzdatelstvo Feoriya, Kazan-Moskva 2008.

# ТҮРК ЭЛДЕРИНИН УЛУТТУК САЛТТУУ ОЮНДАРЫНЫН ӨНҮГҮҮСҮ
## (Кыргыз жана Хакас элдеринин мисалында)

**Бегайым ЖАЛИЕВА***

Ар бир элдин өзүнүн кайталангыс өзгөчөлүктөрүн камтыган улуттук оюндары тарыхый өнүгүү жолунда улуттук маданияттын бир бөлүгүн түзүп, өнүгүп-өсүп, калыптанып келет. Улуттук оюндарда элдик педагогиканын мыкты үлгүлөрү, элдин терең философиялык көз караштары камтылгандыгы талашсыз. Ар бир эл өздөрүнө мүнөздүү ар кыл доорлорго, мезгилдерге, социалдык шартына жараша оюндарды жаратышкан. Түрк элдеринин оюндары негизинен көчмөн мал-чарбачылык жашоо менен тыгыз байланышта болуп, ат жалында эркин ойноп, көчүп конуп жүрүүгө шай жаралып, элдин жоокер кулк мүнөзүнө, улуттук өзгөчөлүгүнө жараша ыңгайлашкан сандаган кыймылдуу оюндар болуп саналат. Аларды өзгөчөлүктөрүнө жана түрүнө карата акыл оюндары, ат оюндары, чүкө оюндары, бөлмөдө ойнолуучу оюндар, балдар оюндары, кыймылдуу оюндар, кыз-келиндер үчүн оюндар жана башка деп бир нече топко бөлүп караса болот.

Түрк элдеринин өкүлдөрү болгон кыргыз жана хасак элдери тарыхый-этникалык жалпылыкка ээ болуп, салттуу маданият, чарба жүргүзүү, философиялык-диний көз караштарындагы жакындык бул элдердин улуттук оюндарындагы кээ бир параллелдерден да байкалат.

Кыргыз элинин байыркы мезгилдерден бери ойнолуп келе жаткан улуттук оюндары: балбан күрөш, эр сайыш, эр оодарыш, жамбы атыш, ат чабыш, улак тартуу, ордо атышуу, тогуз коргоол, селкинчек, ак чөлмөк, жашынмак, ж.б. болуп саналат. Бул оюндардын ичинен балбан күрөш, эр сайыш, эр оодарыш, жамбы атыш, ат чабыш оюндары Манас баатырдын убагындагы Кокотай хандын ашында ойнолгондугу эпостон бизге маалым (Тыныбеков, 1993: 532). Хакас улуттук оюндары Борбордук Азиянын башка түрк-монгол элдеринин оюндары менен жалпылыкка ээ. Айрыкча хакастардын кыргыз оюндары менен жалпы тарыхый тамырга ээ болгон "ходыр iнек", "оранмай", "пала туузах", "хан пылазах", "хазых атызах", "айра-хазых", "курес", "чарыс", "хыс хостазах", "ах тай – көк тай" ж.б. оюндарын атоого болот. Балким бул оюндар Кыргыз каганатынын доорунда пайда болуп Энесайдан ата-бабаларыбыз тарабынан алынып келинсе керек (Бутанаев; Верник, 1995: 4). Мына ушул оюндардын кээ бирлерин карап чыгалы:

"Ходир iнек" – хакастарда балдардын оюну Чулым дарыясынын өрөөнүндө "көк iнек" (көк уй), ал эми Абакан дарыясынын өрөөнүндө "хоор торбах" (боз торпок) деп аталат. Бул оюн кыргыздардын "уйчу" (же "көк бука"), "уюм тууду" деген оюндарына менен толук дал келет (Тыныбеков, 1993: 582). Оюнга 5-6 бала катышат. Алгач жерге 5-6 метр диаметрдеги тегерек чийилет, ортосуна жерди оюп "уй кирүүчү хазаа" жасалат. "Тогым" деп аталган уйдун жүнүнөн тоголоктолуп жасалган топ менен ойнолот. Ар бир оюнчу бала тегеректин четине өзүнө чуңкурча казат жана колуна 1 метр чамасында таяк кармап турушат. Оюндун башында ким уйчу болору чечилет. Оюндун эрежеси боюнча уйчу топту таягы менен ортодогу хазаага (чуңкурчага) киргизүүгө аракет кылат, ал эми калган оюнчулар таягы менен уйчуга тоскоолдук кылышат. Ошону менен бирге ар бир оюнчу өзүнүн чуңкурчаларын да коргошу керек . Эгер уйчу өзүнүн таягын бирөөнүн чуңкурчасына салганга жетишсе, анда ошол оюнчу уйчу болот. Эгер уйчу топту ортодогу хазаага киргизсе анда кезектеги кийинки оюнчу уйчу болот. Ошентип оюн уланат (Бутанаев; Верник, 1995: 10).

Хакастардын "ораңмай" оюну кыргыздардын "оромпой" же "оромпой тебүү" деген оюну менен абдан окшош. Бул оюндун эки элде тең бир нече түрү бар. Бир түрү боюнча түз жерге тегерек чийилет. Бул тегеректи айланып ким бир буттап көп тегеренсе ошол оюнчу жеңүүчү болуп саналат. Оюндун башка түрү боюнча оюнчулар бири-бирин бир буттап кууп-жетүү керек болгон. Эгер кимдир бирөө эки бутун жерге коюп алса ал жеңилген (Бутанаев;Верник, 1995: 25). Ораңмай – оромпой оюну ойнолушу, эржелери, ал тургай аталышы боюнча да кыргыз жана хакас элдеринде толук параллелге ээ.

"Пала туузах" (бала төрөө) – бул оюн Хакасиянын Июс өрөөнүндө "чулуспах" (чач жулмалоо) деп да аталат. Кыргыздардын "умай топ" деген оюнуна абдан окшош. Мында оюнга 5-6 бала катышат. Түз жерге 10-15 см. аралыкта чуңкурчалар казылат. Ар бир чуңкурдун өзүнүн кожоюну болот. Оюнду баштоочу атайын жасалган таяк менен топту чуңкурларды көздөй урат. Кимдин чуңкуруна топ кирсе, ал оюнчу топту ала калып, топ менен башка оюнчуларды көздөй урат. Топ кимге тийсе анын чуңкуруна таш салып коюшат да "сен пала туупчазың" (сен бала төрөп жатасың) деп коюшат. Ошентип оюн улана берет. Эгер кимдин чуңкурунда 5 таш топтолсо, анын көзүн байлап, чуңкурлардын бирине топту көмүп коюшат. Анан

* т.и.к., доцент, Ж. Баласагын атындагы Кыргыз Улуттук университети.

“чулуспах” деп кыйкырышып, көзү таңылган оюнчу топту издеп тапканга чейин чачын уйпалап-жулмалап турушкан (Бутанаев; Верник, 1995: 10).

“Кыз куумай” оюну кыргыз жана хакас эдеринин эң байыркы кызыктуу оюндарынын бири. Бул оюнду көбүнчө күйөө кызга күйөөлөп жүргөндө, кыз узатуу тоюнда, ар кандай аш-тойлордо, майрамдарда ойнолуп, калың элге тамаша курушкан. Кыз тандаган атын минип, андан артка 
ны гана жигитке тийген. Жигит кызга жетсе артылып бетинен өпкөн, жетпей калса кыз атынын башын буруп камчы менен жигитти кайра кубалап сабаган (Тыныбеков, 1993:554). Хакастарда бул оюн “хыс хостазах” деп аталып, эгер жигит кызды кууп жетсе анда анын бетинен өбүш керек, же жолугун чечип алуу керек, же колундагы шакегин чечип алуу керек болгон. Кыз куумай оюну азыр да кыргыз жана хакас элдик тойлорунда, майрамдарда кеңири ойнолуп жүрөт (Бутанаев, 1983: 7-8).

Аш-тойлордо, майрамдарда ойнолуучу эң кызыктуу, эң маанилүү оюндарынын бири кыргыз, хакас элдеринде “ат чабыш” оюну болуп саналат (Тыныбеков 1993: 549). Хакастарда “чарыс” деп аталат (Бутанаев, 1983: 7). Ат чабышка чыгуучу күлүк аттарды саяпкерлер атайын бир жума мурда даярдай башташкан. Күлүктү минип чапкан чабандес 8-14 жаштагы балдар болгон, үч жаштан жогорку бардык тукумдагы атты минип катыша алат. Ат 1200 метрден 50 километрге чейинки аралыкка чабылат. Ат чабышта жолду кыскартууга, башка бирөөнүн атын камчы менен чабууга, жолун тороого болбойт. Күлүктөрдүн алдыга чыгып келгендерине жараша жеңүүчүлөр аныкталып, байге ыйгарылат. Күлүктү чабышка даярдоо ыкмалары, жарышты өткөрүү эрежелери боюнча кыргыз жана хакас элдеринде толук жалпылык байкалат.

Кыргыздардын балбан “күрөшү”, хакастардын “курес” оюну да майрамдарда, диний майрамдарда, аш-тойлордо сөзсүз ойнотулган. Хакастарда да, кыргыздарда да күрөшкө чыккан оюнчунун белинде сөзсүз кездемеден кур бошураак байланат. Анткени оюнчулар колун курдун ичинен алып кармаганга ыңгайлуу болушу керек, бутуна такасыз, жумшак бут кийим кийишет. Эреже боюнча күрөшчүлөр бири-бирин курдан кармап, колун курдан такыр чыгарбай, колдун күчү менен же бутунан чалып атаандашын жыгуу керек (Бутанаев;Верник, 1995:25). Күрөш кыргыз жана хакас элдеринде эң байыртадан бери ойнолуп келе жаткан оюндардын бири.

Хакастардын “ах тай – көк тай” (же “хол сабысах” – колду үзүп өтүү) оюну, кыргыздардын “ак терек – көк терек” оюну – бардык түрк элдеринде кездешчү өспүрүмдөр оюну болуп саналат. Мында 10-15 кишиден эки топко бөлүнүшүп, 20-30 м. алыстыкта маңдай-тескей тизилишип, колдорун бекем кармашып турушат. Хакастарда топ башыларын Аралдай жана Хуралдай деп тамашалуу атап коюшкан. Бир топ экинчи топтон төмөнкү ыр менен бир оюнчунун чакырышат:

| | |
|---|---|
| Оолар пар хыстар пар | Балдар бар, кыздар бар |
| Ойнир полса, піске пар | Ойносоң бизге кел |
| Сыра пар, поза пар ... | Сыра бар, бозо бар |
| Ах тайахнаң көк тайах | Ак тай, көк тай |
| Хуралдай саринаң | Хуралдай тараптан |
| Ади сіліг ... піске килзін! | Бизге кооз аттуу … келсин |

Топтон аты аталган оюнчу чыгып, каршылаш топтун бекем кармашкан колун катуу чуркап келип көкүрөгү менен бөлүп өтүп, каалаган бир оюнчуну өзүнүн тобуна ала кетет. Анда экинчи топ төмөнкүдөй ыр менен кийинки оюнчуну чакырат:

| | |
|---|---|
| Ах тай – көк тай аралыг | Ак тай – көк тай аралыгында |
| Ах порам пазы нохталыг | Менин ак атым байланып турат |
| Агбан кичин тахталыг | Абакандан көпүрө менен |
| Аралдай саринаң | Аралдай тараптан |
| Ади сіліг ... піске килзін! | Бизге кооз аттуу … келсин (Бутанаев; Верник, 1995: 15). |

Эгер аты аталган оюнчу каршылаш топтун кол чынжырчасын үзө албаган болсо, анда ошол топто калып калат.

Кыргыздарда бир топ экинчи топтон:

Ак терек көк терек бизден сизге ким керек! - деп сураса, экинчи топ каалаган оюнчунун атына тамашалуу уйкаштырып чакырышат, мисалы:

Кетирекей Керимбек келсин бизге тезирээк!

Оюндун жыйынтыгында кайсы тараптын балдарынын саны көп болсо, ошол тарап уткан болот.

Көчмөн турмушта жашаган кыргыздарда көптөгөн мал-жандыктар болгон – кой, уй, жылкы, төө, булардын баарын кыргыздар төрт түлүк мал деп атап коюшкан. Ошондуктан кыргыздарда малдын сөөгүнөн алынган чүкө оюндары көп ойнолгон. Чүкө оюндары хакастар да көп кездешет. Хакастардын “хан пылазах” (Бутанаев;Верник, 1995: 20) (ханды колго түшүрүү) оюну кыргыздардын “кан таламай” оюну менен толук бири бирине параллел. Бул оюндун келип чыгышы көчмөндөрдүн байыркы аскердик салттарына ылайык утулган душмандын же өлгөн хандын байлыгын талап-тоноо салтынан алынса керек.

Мында 2 же андан көп оюнчу олтуруп, мүмкүн болушунча көп чүкө менен ойношот. Эң негизги фигура “хан” – ал жапайы кийиктин чүкөсүнөн жасалган, ачык түскө боёлгон. Биринчи оюнчу бардык чүкөлөрдү жерге чачат. Эгер хан «тава» абалында түшсө, анда бардык оюнчулар ханды талап, мүмкүн болушунча көп чүкө алып калганга аракеттенишет. Эгерде хан алчы түшсө, алчы менен атып алат, таа түшсө таа менен, бүгө түшсө бүгө менен, чиге түшсө чиге менен атып ала берет. Ханды кандай учурда атып алса да боло берет. Чүкө атып олтуруп баардыгы бүткөндөн кийин ар бир бала чүкөлөрүн санап көрүп, эң аз чүкө алып калган баланын чүкөсүнө өлчөп салып калчашат. Анда канды атып алган бала канды жолдошу менен чүкөнүн санатынан башка кылып салат. Калчашаарда такыр чүкө албай калган бала оюнга кирбей калат. Ошентип баякы көп чүкөнүн барын ким алса, ошол оюнчу уткан болуп эсептелет. Хандын алчы, бөгү, чиге түшкөнү жай оюн болуп атып ойноло берет. Таа түшүп калганда гана таламакей болуп балдарды тытыштырып салат. Хандын таа түшкөнү жаңылганы деп эсептелинет. Атып жаткан чүкө «ок» деп ал эми атылып аткан чүкөнү «кийик» деп атап коюшкан. “Кийик” чүкө гана топтолот. Оюндун акырында чүкөнү көп топтогон оюнчу жеңишке ээ болот (Илебаев, 2006: 168-169).

Жыйынтыгында, ар бир элдин улуттук оюндары ошол элдин салт-санаасын, жашоо-турмушун, мүнөзүн, психологиясын, философиясын чагылдырып, элдин жалпы маданиятынын бир бөлүгү болуп саналат. Бүгүнкү күнү кыргыз жана хакас элдеринин саналуу гана оюндары спорттун түрү катары кабыл алынганы менен калган оюндарды жаштар билбей унутулуп баратат. Азыркы глобализация жана өнүккөн техника шартында көөнө улуттук оюндар доордун өнүгүшүнө, өзгөрүшүнө, талабына жараша жаңыланып, алымча-кошумчаланып, ал эми кээ бир оюндар такыр жок болуп баратканы чындык. Албетте элдин ой тилеги, кулк-мүнөзү, кубанычы, өкүнүчү, эрдиги, эркиндик-теңдикке умтулуусу камтылган, тарбиялык мааниси чоң болгон улуттук оюндарды сактап калуу жана эл ичинде кеңири жайылтуу бүгүнкү күндүн талабы болуп саналат.

**Адабияттар**

АФАНАСЬЕВ В. Ф., Этнопедагогика неруских народов Сибири и Дальнего Востока, Якутск, 1979.

БУТАНАЕВ В. Я., Хакасский праздник Тун пайрам, Новосибирск, 1983.

БУТАНАЕВ В. Я., ВЕРНИК А. А., Детские игры и спортивные состязания народв Хакасии, Абакан, 1995.

ИЛЕБАЕВ А. К., “Кыргызские игры и развлечения с применением альчиков”, Культурное наследие и народное творчество, Бишкек, 2006.

ООРДЖАК Х., “Игры народов Южной Сибири”.Социально-экономические проблемы развития Саяно-Алтая. Красноярск, 2007.

ТЫНЫБЕКОВ А., “Кыргыздардын улуттук оюндары” // Кыргыздар: санжыра, тарых, мурас, салт. Т.1. Бишкек, 1993.

# КАРАХАНИЙЛЕР ДООРУНДАГЫ ТҮРКТӨРДҮН СПОРТ ОЮНДАРЫ ТУУРАЛУУ

**Тынчтыкбек ЧОРОТЕГИН***

**Abstract**

This article is devoted to study the Medieval Turkic sport and other entertainment games during the Karakhanid (Qara-Khan) Turkic Muslim state in Central Asia in the 10-12$^{th}$ centuries. These games were a part of the nomadic and sedentary social life in the region.

**Özet**

Bu makalede Orta Asyadaki 11-12. yüzyıl Karahanlı Türk Müslüman devletindeki halkların spor ve başka oyunları üzerinde bahs ediliyordur. Bu oyunlar göçebe ve yerli Türk halklarının sosyal hayatının bir önemli bölümü olmuştur.

Түрк калктары – Борбордук жана Ички Азиядагы көчмөндөр цивилизациясын түптөгөн этностордун бири. Борбордук Азияда эзелтеден сакталып келген ат оюндарынын жана башка спорт оюндарынын ар кыл түрлөрү түрк калктарынын арасында да кеңири жайылып, кылымдан кылымга бапестеп сакталып, жаңы талапка ылайык өнүктүрүлүп келген. X кылымдан тартып көчмөн калайыгы ислам динине ыктыярдуу өтө баштаган Теңир-Тоодогу мусулман мамлекети – Карахандар каганаты орто кылымдардагы спорт оюндары өнүккөн мамлекет болгон (Бул каганат жана орто кылымдардагы кыргыздар жана башка түрк калктарына байланыштуу маалымат үчүн караңыз: Караев О. К. История Караханидского каганата...; Reşat Genç, Karahanlı Devlet Teşkilatı; Каратаев, Олжобай Кубатбекович. Кыргыздардын теги, таралуу ареалы; Кожобеков, Муратбек Чалакеевич. Кыргыз каганатынын тарыхы; Чоротегин Т. К. Этнические ситуации в тюркских регионах; Чороев Т. К., Урстанбеков Б.У. Основные этапы; ж.б.). Бул доордогу ар кыл элдик оюндар, спорт оюндары, балдар оюндары тууралуу мол энциклопедиялык маалымат Караханийлер доорунда жашап, ар кыл түрк калктарынын байырлаган жерлерине саякат кылып, көптөгөн түрк калктарынын тилдеринин диалектилик өзгөчөлүктөрүн жана жалпылыктарын изилдеген жана арап тилдүү окурмандарга которуп, түшүндүрүп берген чыгаан окумуштуу Махмуд Кашгари Барскани тарабынан анын бизге сакталып жеткен “Дивану лугати-т-түрк” (1072-1077-жж.) аттуу сөздүгүндө мыкты чагылдырылган (караңыз: Kasgarlı Mahmud, Divanü... / Tıpkıbasım; Atalay B. Divanü... Tercümesi; al-Kášyari Mahmüd. Compendium...). Махмуд Кашгари Барскани 1029-1038-жж. аралыгында Ысык-Көлдүн Барскан шаарында (азыркы Жети-Өгүз районуна караштуу Барскоон айылынын аймагында) туулган, бирок өлгөн жылы жана орду белгисиз. (Караңыз: Pritsak O., Mahmud Kaşgari kimdir?; Чоротегин Т. К. Рукопись докт. дисс.).

Махмуд Кашгари өзү да өз доорундагы аскер өнөрүн, найза сайышты өздөштүргөн көчмөн ак сөөктөр сулалесинин өкүлү болгон. Бул тууралуу ал өзү да белгилеп, караханийлик түрк ак сөөктөрүнүн ичинен “найзаны таамай ыргыткан эптүүсүнөн” болгонун жазган: «Мен өзүм алардын (түрктөрдүн) тили өткүр чечининен, айтаары ачык жетигинен, көөдөнү эң тетигинен, эң ак сөөк тектүүсүнөн, найзасы таамай эптүүсүнөн болуум менен бирге, түрк, түркмөн-огуз, чигил, йагма, кыргыздардын талааларын жана калааларын изилдедим, алардын тилдерин жана накыл сөздөрүн зээнге туттум. Акыры алардын ар бир уруусунун тилин өтө кылдат жат кылдым, (жыйнагымдын) тартибин татыналай өтө сымбат кат кылдым» (караңыз: Kaşgarlı Mahmud. Divanü... / Tıpkıbasım. – S. 2a; Чоротегин Т. К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... – Б. 122; ж.б. ). Бул доордогу Борбордук Азия, Ички Азия жана Сибирди ээлеген көчмөн түрк калктары, албетте, ат чабыш оюнун сүйүп ойношкон. Атчандардын жарышы тууралуу Махмуд Кашгаринин “Диванынан” дурус кабардар боло алабыз. Маселен, “Диванда” 'ол мениг бирле ат озушды' – «ал мени менен ат чабышта мелдешти» деген сүйлөм араб тилине которулуп берилет. (Kaşgarlı Mahmud. Divanü... / Tıpkıbasım. – S. 51b; Atalay B., Divanü... Tercümesi. – Cilt 1. – S. 184; al-Käsyari Mahmüd. Compendium... – Pt. 1. – P. 187.) Ал түгүл Махмуд Кашгари Барскани өз эне тили – түрк тилин да марага карай атырылган аргымакка теңейт: “Түрктөрдүн тилдери байгеге тең чамал чыгып келаткан кош аттын сыңарындай араб тили менен атаандашып жаткандыгын билдирүү максатында...” (караңыз: Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tipkibasım. – S. 2b; Чоротегин Т. К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... – Б. 123; ж.б.).

Кошумчаларыбыз, кыргыздын “Манас” дастаны да ат чабыш, аламан байге тууралуу өзгөчө баяндайт (Көкөтөй хандын ашы). Карахандар каганаты доорундагы көчмөн түрк калктары ат хоккейин – “чавган” (чооган) оюнун да ойношкон. Махмуд Кашгаринин сөздүгүнө караганда, топ – “тобык” деп аталган, таяк – “бандал” деп аталган. Эгерде балдар түнүчүндө бандалды чычала сыяктуу пайдаланып ойношсо, ал «от

* т.и.д., проф., Жусуп Баласагын атындагы КУУнун профессору, “Мурас” фондунун Башкармалыгынын төрагасы. Бишкек, Кыргызстан.

бандал» деп аталгандыгы ушул эле жерде белгиленет (Kaşgarlı Mahmud. Divanü... / Tıpkıbasım. – S. 121b; Atalay B. Divanü... Tercümesi. – Cilt 1. – S. 482; al-Kášyari Mahmüd. Compendium... – Pt. 1. – P. 358; Чоротегин Т. К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... – Б. 86; ж.б.). Чооган оюну учурундагы чекти 'тасал' деп аташкан (Kasgarli Mahmud. Divanu... / Tıpkıbasım. – S. 99b; Atalay B. Divanü... Tercümesi. – Cilt 1. –S. 392; al-Käsyari Mahmüd. Compendium... – Pt. 1. -P. 300.). Ооганстандык түрк калктары чооган оюнун азыркыга чейин сактап келишти. Өзү арапча жазган “Диванда” Махмуд Кашгари караханийлик түрктөрдүн спорт оюндарынын бири катары күрөш оюнун эскерет. Күрөшкө байланыштуу макал да “Диванда” чагылдырылган: “Кыз бирле күрешме, кысрак бирле йарышма” (“(Бойго жеткен) кыз менен күрөшпө, кысыр калган байтал менен жарышпа”). Бул макалды Махмуд Кашгари Барскани карахандык бойго жеткен бир кыздын нике түнү бутун серпип газналык султан Мас’удду жыгып салгандыгы тууралуу карахандыктар айтып жүргөн шакабалуу аңыз кеп менен да байланыштырат (Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım... – S. 119b; Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари (Барскани) жана... –Б. 42; ж.б.). Күрөш оюнунда колдонулган ыкманы (“чалыш”) да Махмуд Кашгари учкай жаза кетет. (Kaşgarlı Mahmud. Divanü... / Tıpkıbasım. – S. 93a; Atalay B. Divanü... Tercümesi. – Cilt 1. – S. 368; al-Käsyari Mahmüd. Compendium... – Pt. 1. - P. 284.). Көзгө атар мерген экенин даңазалаш үчүн көчмөндөр ок (жебе) атышып да мелдешкен. Жаа атып мелдешүүнү “ок атышуу” деп айтышкан. «Ол мениг бирле ок атышган ол» – «Ал мени менен жаа атууда мелдешүүнү адат кылган эле” деген сүйлөм “Диванда” бар (Kaşgarlı Mahmud. Divänü... / Tıpkıbasım. – S. 45a; Atalay B. Divanü... Tercümesi. – Cilt 1. – S. 157; al-Käsyari Mahmüd. Compendium... – Pt. 1.b – P. 171.).

Жаа атышуу боюнча мелдештерде ар кыл байге сайылган. Маселен, ортого ат сайып, жаа атышууда мелдешүүнү Махмуд Кашгари “Ол мениң бирле ок атты атлашув” (“Ал мени менен ат сайышып, жаа огун атышты”) деген сүйлөм аркылуу да чагылдырган. Ал доордо мылтык чыга элек болчу, “ок” сөзү менен “жебе” туюнтулган. Урушта калкан менен найза (“сүнгүн”) да колдонулган. (Караңыз: Кашкари Махмут. Дивану... - Б. 435). Мындан улам, байыркы доордон тартып түрктөр эр сайыш оюнун аздектеп келишкенин билебиз. 10-12-кылымдарда теңир-тоолук түрк калктарында логикалык оюндар да кеңири таркалганын Махмуд Кашгари Барсканинин жашы улуураак замандашы – ойчул, акын, мамлекеттик ишмер Жусуп Баласагын (болжол менен 1015-жылы Баласагын шаарында, азыркы Кыргызстандын Токмок шаарынын жанындагы Бурана шаар чалдыбары жайгашкан жерде туулган; өлгөн жылы жана орду белгисиз) өзүнүн “Кутадгу билиг” (“Куттачу билим” же “Куттуу бийлик”) деген философиялык-насаатчыл дастанында (1069-1070) жазып калтырган. Маселен, “Кутадгу билиг” чыгармасында шатранч (чатыраш, б.а. шахмат), нард оюндары сөзгө алынат (№ 2634 бейт): «Йана нард-у шатранч билыр эрсе кез, Хэрифлери андын өлыр эрсе кез». Бул кош саптын азыркы кыргызчага которулушу төмөнкүдөй: «Жана нардды, чатыраш билчү келсин кез, Атаандашы андан өлчү келсин кез». (Arat, Reşit Rahmeti. Kutadgu Bilig: I. Metin. – S. 276.). Албетте, Махмуд Кашгари өз доорунун турпатын бурмалабай сыпаттаганынан улам оюндардын орто кылымдардагы феодалдык доорго мүнөздүү катаал жагдайлары жана азыркы заманага ылайыксыз шарттары да “Диванда” камтылган маалыматтардан ачык айгинеленет. Маселен, «ол менин бирла ок атты кызлашыв» сүйлөмү «күң кызды (кыргыз архаизми – кенизекти) ортого сайып ок атууда мелдешти» дегенди, ал эми «ол менин бирла ок атты атлашув» сүйлөмү болсо, ушундай эле оюнда ортого ат сайылганын баяндайт (Чоротегин Т. К.., Рукопись докт. дисс. – Б. 291). Кеңири калайык чогулуп көрө турган оюндар, адатта, даңазалуу инсандардын тойлорунда же аштарында өткөрүлгөн. Орхондук руна сымал жазмаларда, маселен, Билге кагандын урматына жазылган эпитафиялык эстеликте, ит жылы (734-ж.) онунчу айдын 26сында өлгөн каган доңуз жылы (735-ж.) бешинчи айдын 27синде салтанат менен көмүлгөнү (ушундайча которулган) айтылат. Мында, албетте, жети айдан соң сөөк көмүлбөй эле, аш берилип жатканын баамдоо кыйын эмес. (Караңыз: Орхон-Енисей тексттери. – Б. 115.). Ал эми 731-ж. каза болгон Күл-Тегиндин ашын белгилөөгө кытан, татабы, табгач (мында «ханзу» маанисинде), тибет, кыргыз, согду, түргөш сыяктуу элдердин жана алардын мамлекеттеринин өкүлдөрү келип катышкан. (караңыз: Орхон-Енисей тексттери. – Б. 81.). Бул аш учурундагы спорттук оюндар түрк каганаттары доорундагы Борбордук жана Ички Азиядагы көчмөндөрдүн исламга киргенге чейинки заманга таандык олимпиялык оюндары катары каралса да болот. Түрк калктарынын орто кылымдардан бери сакталып жеткен бир катар элдик дастандарында да аш-тойлор жана алардын маалында уюштурулуучу оюндар (алардын ичинде – ат чабыш, жаа менен бута атуу, күрөш ж.б.) тууралуу бай маалыматтар чагылдырылган. Салыштыруу иретинде эске салсак, орто кылымдардагы монголдордун хаандары менен нойондорунун той-торополору спорттук оюндар менен коштолгон (Чоротегин Т.К. Рукопись докт. дисс. – Б. 292). Айтмакчы, ири спорт оюндарынан тышкары көркөм өнөргө жана балдардын турмушуна байланыштуу арбын мелдештер жана башка оюндар тарыхый булактарда чагылдырылган. Махмуд Кашгари жазган “Диванда” балдар оюндарынын арасынан “селкинчек” (“йалыңу”), “куурчак” (“кузурчук”), чүкө оюну, суудa сүзүү, тоого чыгууда жарышуу, ж.б. айтылса, оюн-шоок маалындагы мелдештерден - комуз ойноп мелдешүү (“кобзашмак”), бий мелдеши (“бүзүшти” – “бийде жарышты”), ж.б. эскерилет (Чоротегин Т.К. Махмуд Кашгари жана... – Б. 86-87). Бул оюн-зооктор, балдар оюндары

жана башка элдик оюндар көчмөндөрдүн курултайлары, ири аштары жана башка олуттуу окуялары маалында уюштурулган спорт оюндарына эриш-аркак өткөрүлүп турган. Бул оюн-зоок түрлөрүнүн көпчүлүгү күнүмдүк турмушка ширелишип, демейдеки күндөрү деле жыл мезгилинин шарттарына ылайык ойнолгон. 10-12-кылымдардагы Карахандар доорундагы элдик оюндардын басымдуу көпчүлүгүн теңир-тоолук, памирдик, ферганалык ж.б. кыргыздар жана башка түрк калктары күнү-бүгүнкүгө чейин кастарлап сактап ойноп келишет. “Эр сайыш” сыяктуу оюнчунун өмүрүнө жана саламаттыгына коркунуч туудурчу оюндар гана заман өзгөрүп, азыркы спорт оюндарынын катарынан чыгып калды. (Чоротегин Т.К. Караханийлер доорундагы түрктөрдүн спорт оюндары... - Б. 64.)

**Адабияттар**


КАРАЕВ О. К., История Караханидского каганата (Х – начала XIII вв.) / Отв. ред. М.Дж.Джамгерчинов, В.П.Мокрынин. – Фрунзе: Илим, 1983. – 302 с.

КАРАТАЕВ, Олжобай Кубатбекович, Кыргыздардын теги, таралуу ареалы, этностук-маданий алакалары / Жооптуу редакторлор Тынчтыкбек Чоротегин, Памирбек Казыбаев. - Бишкек, 2013, 290 б., сүрөттөр. - ISBN 978-9967-27-070-1. - (Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин басылмалары. № 174. Окуу китептер тизмеси. № 47.)

КАШКАРИ МАХМУТ, Дивану лугати-т түрк (Түркий тилдер сөз жыйнагы) / Которгондор: И. Абдувалиев, Т. Ахматов, А. Оморов, И. Султаналиев, М. Толубаев. – Бишкек: Бийиктик, 2013. – Т. 1. – 512 б. ISBN 978-9967-13-961-9. - (КР УИА).

КОЖОБЕКОВ, Муратбек Чалакеевич, Кыргыз каганатынын тарыхы / Илимий ред. Т.К.Чоротегин. – Бишкек: Жусуп Баласагын атындагы КУУнун «Университет» басмаканасы, 2013. - 188 б., карта, сүрөттөр - “Тарых жана мурас” түрмөгү [Кыргыз Республикасынын Президентинин аппаратына караштуу Кыргызстан элинин тарыхый жана маданий мурастарын иликтөө боюнча “Мурас” кору; “Кыргыз Тарых Коому” ЭКБ.] - ISBN 978-9967-02-942-2.

ОРХОН-ЕНИСЕЙ ТЕКСТТЕРИ. - Орхон-Енисей тексттери / Жооптуу редакторлор С. Кудайбергенов, С. Сыдыков. – Фрунзе: Илим, 1982. – 240 б.

ЧОРОЕВ Т. К., УРСТАНБЕКОВ Б. У., Основные этапы распространения ислама в Киргизстане в VII-XIV вв. // Вопросы истории материальной и духовной культуры Киргизстана: Сб. науч. ст. / Отв.ред. А. А. Асанканов. - Фрунзе: КирГУ, 1987. – с. 28-44.

ЧОРОТЕГИН Т. К., Караханийлер доорундагы түрктөрдүн спорт оюндары тууралуу // Түрк элдеринин салттуу спорт оюндары эл аралык симпозиуму. 20-22-ноябрь, 2014-ж.: Тезистер / Редколлегия: А.Жейлан, ж.б. – Бишкек: Кыргыз-Түрк Манас университети, 2014. – (International Symposium on the Traditional Sport Games of Turkic Peoples. Abstracts.) – 72 б. - Б. 64.

ЧОРОТЕГИН Т. К., Докт. дисс. – Чоротегин Т.К. Махмуд ибн Хусейин ал-Кашгаринин «Дивану лугати т-түрк» – «Түрк тилдеринин сөз жыйнагы» эмгеги (1072-1072-жж.) Теңир-Тоо жана Ички Азия түрк элдеринин тарыхы боюнча булак катары. Адистик: 07.00.02 – Ата Мекен тарыхы. - Тарых илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын алууга талаптанып жазылган диссертация. – Бишкек: КР УИАсы, 1998. – 400 б.

ЧОРОТЕГИН Т. К., Махмуд Кашгари (Барскани) жана анын “Дивану лугати-т-турк” сөз жыйнагы: (1072-1077) / Жооптуу редактор Өмүркул Караев. – Бишкек: Кыргызстан, 1997. – 169 бет, сүрөт, карта. - (ISBN 5-655-01222-7).

ЧОРОТЕГИН Т. К., Этнические ситуации в тюркских регионах Центральной Азии домонгольского времени: По мусульманским источникам IX-XIII вв. / Научный редактор Б. А. Ахмедов – Бишкек, 1995. - 208 с., карты.

ARAT, Reşit Rahmeti, Kutadgu Bilig - Arat, Reşit Rahmeti. Kutadgu Bilig: I. Metin, 3. Baskı, TDK, Ankara, 1991, LIX+656 s.

ATALAY Besim, Divanü... Tercümesi. – Çev. Besim Atalay, Ankara: 1939-1941. - Cilt 1-3. (3. Baskı, Ankara: Türk Tarih Kurumu, 1992).

[BALASAGHUNI] YÜSUF KHÄSS HÄJIB. Wisdom of Royal Glory: (Kutadgu Bilig): A Turko-Islamic Mirror for Princes / transl. with an Introduction and Notes by Robert Dankoff, Chicago; London: The University of Chicago Press, 1983, (Publications of the Center for the Middle Easterm Studies. 16).

GENÇ Reşat, Karahanlı Devlet Teşkilatı: (XI. Yüzyıl): (Türk Hakimiyet Anlayışı ve Karahanlılar), İstanbul: 1981.

AL-KÁŠΓARI MAHMÜD. Compendium... - al-Käsγari Mahmüd. Compendium of the Turkis dialects (Diwan Luγät at-Turk) / Edited and Transl. with Introduction and Indices by R. DANKOFF in collaboration with J. Kelly, Cambridge, Massachusetts: Harvard Un-ty Printing Office, 1982-1985. - Pt. 1-3. (7. Yayınlayan: Şinasi Tekin, Gönül Alpay Tekin, Türkçe Kaynaklar. VII).

KAŞGARLI MAHMUD. Divanü... / Tıpkıbasım. - Kaşgarlı Mahmud. Ankara: 1990. - III + la -320 a.

PRITSAK O., Mahmud Kaşgari kimdir?//Türkiyat Mecmuası, 1953, Cilt 10.

47

# ИГРЫ, РАЗВЛЕЧЕНИЯ И СОСТЯЗАНИЯ НА ВЕЛИКОМ ШЕЛКОВОМ ПУТИ

**Узгенбай ДООРАНОВ***

Одной из малоисследованных проблем истории физической культуры является изучение развития традационнной национальной физической культуры в эпоху средневековья. Учитывая то обстоятельство,что для изучения развития физического воспитания в эпоху средневековья имеются многочисленные источники:письменные, археологические, устное народное творчество и другие; мы задались целью изучить игры, развлечения и состязания,которые сформировались и отражены в памятниках и источниках.

Важнейшими источниками являются материалы,изложенные в отчетах великих путешественников: Марко Поло, итальянский ученый-путешественник, Иакинф Бичурин, русский монах-путешественник.

Очень ценным источниками являются труды мыслителей и поэтов Востока: Ал-Фараби, Абу Али ибн Сина (1), Юсуф Баласагуни (2), Махмуд Кашгари (3), Абулькасим Фирдоуси, Алишер Навои, Джалаллитдин Руми.степени восполняют наши представления о содеожании и особенностях физического воспитания в эпоху средневековья в Центральноазиатском регионе. Здесь необходимо упомянуть труды А. Шоломицкого по истории физической культуры народов Средней Азии и сопредельных стран, Таникеева Муратхана по истории физической культуры в средневековом Казахстане, Симакова Г. Н. об общественных функциях кыргызских игр и состязаний в конце XIX и начале XX века.

Об играх, развлечения и состязаниях кочевых племен, населяющих Центральную Азию в эпоху средневековья, свидетельствуют такие произведения как кыргызский эпос «Манас», каракалпакский эпос «Кырк кыз», узбекский эпос «Алпамыш», туркменский эпос «Кёр оглы».

Существенно восполняют довольно богатой информацией археологические памятники, обнаруженные и описанные в трудах современных археологов. Здесь уместно отметить то, что были найдены: доски, для игры в тогуз коргоол, бараньи альчики, луки, стрелы, мечи, наскальные изображения охоты на диких козлов, оленей, волков. В древних захоронениях и катакомбах археологами найдены рядом со скелетами умерших воинов альчики (90 штук). Нередко встречаются луки, стрелы, копья, кольчуги, боевые топоры.охотничьи предметы. Все это существенно дополняет информацию,полученную на основе изучения письменных и устных источников.

На заре существования Советской власти в ряде работ по вопросам истории и теории физического воспитания утверждалось,что у кыргызов до Октябрбской социалистической революции своей физической култьтуры не было.Такой постулат утверждался с позиции европейской физической культуры. Нет также упоминания о том,что в эпоху феодализма сформировалась своебразнаяи оригинальная система физического воспитания с оригинальными изложениями проблем теории и методики физическоговоспитания. Именно поэтому возникла необходимость изучения, исследования такой научной темы, как “Центральноазиатские поэты и мыслители о физическом воспитании”.

Освоение и широкое использование в теории и практике современной физической культуру богатого наследия кыргызского народа –игр, развлечений и состязаний на “Великом шелковом пути” является главной целью нашего исследования.Исследование данной проблемы актуально и по той причине,что необходимо разработать вопросы теории и методики национальной физической культуры.

В средневековых городах Баласагуне Барскооне, Суябе, Узгене, Бухаре и других проводились ярмарки, празднества, крупные события. Во время таковых проводились цирковые представления, спортивные поединки,скачи и показательные номера канатоходцев, состязательные игры по кок бору, чоуган, выступления силачей и борцов,скачки и стрельба из лука. Предположительно и в караван-сараях организовывали игры и развлечения,показательные выступления циркачей, силачей и канатоходцев. Во время праздников Нооруз и других также проводились скачки,кок бору,чоуган,борьба силачей и многие другие состязания.

Во время игр, развлечений и состязаний, которые проходили в городах,караван-сараях, на перекрестках больших дорог, происходил взаимообогащение элементов физической культуры народов Центральноазиатского региона и других народов сопредельных стран и стран,которые находились на великом шелковом пути. Такие игры как чоуган (конное поло), шахматы, (штранж), кок бору, игры в альчикии другие стали общими для всех народов Центральной Азии. Происходило взаимовлияние и взаимообогащение элементов физической культуры.

---

* к.и.н., доцент, ЖАГУ, Джалал-Абад, Кыргызстан.

Представляется существенно важным отряжение новых видов состязаний, интересных игр и развлечений. А также вопросы терминологии, которые особенно подробно отражены в книге Махмуда Кашгари "Дивани лугат ат-тюрк". Изучая данный труд, мы можем убедиться,что в те далекие времена(X-XIII века) развивались многочисленные состязания и специальные упражнения,готовящие молодежь к военному делу и соревновательной деятельности. Так в "Дивани" отражаються несколько разновидностей стрельбы из лука: стрельба на дальность (например, на 300 шагов), стрельба из лука по мишени.Тренировочная стрельба лежа на спине, стрельба на скаку вперед, назад, вправо и влево; чники, тетиву и колчан.

В данной книге даются также сведения о различных популярных играх,которые были известны во всем Центральноазиатском регионе.Так, например, игра "чоуган" описывается в "Дивани", отражается в "Каноне врачебной науки" Абу Али ибн Сины, в поэтическом творчестве А. Фирдоуси и Джалалитдина Руми, Алишера Навои. Впервые в научном плане отражена акробатическая игра "алышмай", "калмак алышмай" в "Каноне врачебной науки".

Среди кочевых племен,населявших горные и предгорные были популярными игры и с использованием коней:ат чабыш,кок бору,кыз куумай,оодарыш, ат устундо ойноо.

В содержании многих игр встречаются названия животных:кара куюн думпулдок, токту сурамай, бука тартыш, теке чабыш и другие. Очень широко использовались игры с использованием природных материалов: камешков-чакан таш,топ таш,беш таш;палок: теке чабыш, чекилдек.ашкабак чапмай и другие.

В источниках встречаются описания игр, которые могут быть использованы в современной практике физической культуры-«монус-монус» (рога-рога), игра с использованием двух больших игл,описанная Ибн Синой(1), лабиринт с 12 выходами и 14 камушками.

В разных источниках имеются упоминания единоборств и их описание. Ибн Сина описал "бой ладонами", в эпосе "Манас" (4) дается описание "канжар кола"-воинского подразделения, подготовленного Алмамбетом, наподобие восточных единоборств Китая. В"Дивани лугат ат-трюк" приведени слова "доболошуу"-драка групповая,"башка согуу","якалашуу" борьба с захватом воротником и другие. Можно предположить, что эти состязания и поединки пришли по "Великому шелкому пути" из Китая.

Говоря о физическом воспитании среди кочевых племен на территории Караханидского государство (X-XII вв.) мы располагаем богатейшей информацией из трилогии «Манас», дастанов и санжыра (родословие). Так, в эпосе «Манас» отражаются не менее 30-ти различных богатырских состязаний и игр, которые имели в первую очередь характер военно-прикладной подготовки молодежи. Охота же носила развлекательный характер и промысловое значение.

Жизненный устои кочевников, тесно были связаны с окружающей природой и носили элементы экологического воспитания. Еще надо сказать что охота в те далекие времена имела кроме развлекательного потенциала и промысловый характер и существенно пополняла продуктами население кочевых племен в трудные годы (джуты). Здесь следует подчеркнуть, что охота имела множество разновидностей:салбырын – многодневная охота целым коллективом, где были загонщики, стрелки, помощники, и другие; мергенчилик - охота с использованием луков и стрел, берданки; уучулук, анчылык-охота с беркутом.

Особо следует подчеркнуть, что с большой помпезностью и пышностью организовывали царскую охоту, которая отражается в эпосе «Манас» и легенда «Толубай сынчы». Очень популярной была среди кочевых племен коллективная и многодневная охота – салбырын, которая также воспитывала молодежь, прививала охотничьи навыки. Она носила кроме развлекательного характера еще и промысловое значение – добывался мех барсов, волков, рысей и медведей (3). Благо территория Кыргызстан издревле была заселена множеством зверей и птиц. В наскальных рисунках Иссык-Куля, Тянь-Шаня и Памира –Алая отражаются сцены охоты на диких коз, маралов и оленей.

Из народных игр и развлечений ученые отмечают традиционные игры с использованием качелей « Алты бакан селкинчек», «кыз оюну», «жар корушуу», »ак чолмок» и другие, которые были не только играми, развлекающими молодежь но еще они носили больщую социальную функцию- способствовали встрече юношей и девушек, молодух и мужчин, для быстрейшего создания семей и восстановления мужского населения. Дело в том, что, по мнению ленинградских социологов, именно у кыргызов ярко выражен этот феномен- знакомить молодежь, создавать условия для создания семей и воспроизводства мужского населения, которые постоянно уменьшалось во время боевых сражений и требовалось скорейшее восстановление численности боеспособных воинов.

Изучение игр, развлечений и состязаний на «Великом шелковым пути» имеет важное значение как в плане получения профессиональных знаний по кыргызской национальных физической культуре, а также по истории физической культуре и спорта эпохи средневековья. Исследования по изучению игр и состязаний дают возможность в значительный степени восполнить имевшиеся пробелы и недостающие

звенья в цепи всей системы физических упражнений, которые составляют содержание физического воспитания эпохи феодализма в Центральной Азии.

Материалы исследования игр, развлечений и состязаний на Великом шелковом пути имеют существенное значение для исследования вопросов теории и методики физического воспитания (национальной физической культуры) эпохи Центральноазиатского средневековья.

Новые сведения, касающиеся терминов, определений, названий, содержания игр и развлечений эпохи существования Караханидского государство на территории современного Кыргызстана и роли «Великого шелкового пути» в жизни народов Центральной Азии имеют также важное значение для того,чтобы ввести их в научный оборот.

В отмеченных нами источниках даются описания, упоминания, выделяются терминологические особенности, теоретические и методические советы по многочисленным играм, развлечениям и традиционным состязаниям. Количество подвижных и интеллектуальных игр, развлекательных и показательных выступлений, богатырских состязаний, игр, унижающих достоинство человека и других достигает до 100 наименований. Они изложены в трудах Б. Солтоноева, А. Тыныбекова, Д. Айтмамбетова, Г. Симакова, Х. Анаркулова, Д. Омурзакова, Ч. Акматова, М. Саралиева и других авторов.

В целом ряде работ даются исторических сведения, отражаются терминологические вопросы, традиционные правила состязаний. Вместе с тем, в источниках в достаточной мере отражаются и вопросы теории и методики кыргызской национальных физической культуры. В этой связи достаточно упомянуть труды Абу Али ибн Сины, Махмуда Кашкари, Абулькасима Фирдоуси, эпос «Манас» и другие источники эпохи средневековья, чтобы убедиться, что в этих работах даются сведения также о том такое физические упражнения, игры и состязания, как они классифицируются, как они развивались в связи с их социальными функциями, какие даются советы и практические рекомендации.

**Выводы**

1. Источниками, отразившими игры, развлеченияи состязания на Великом шелковом пути являются произведения историках, путешественников, ученых- мыслителей,поэтов, сказителей,произведения устного народного творчества; археологические памятники и результаты полевых этнографических исследований
2. На “Великом шелковом пути”, три ветки которого проходили по большим и малым городам Караханидского государства, развивались разнообразные игры, развлечения и состязания. Кроме того, происходило взаимообогащение элементов игр и состязаний народов Центральной Азии (кыргызов, казахов, узбеков, таджиков и туркмен- их предков), в том числе таких как чоуган, кок бору, ак чолмок, шатранж, беш таш, поясная борьба, сказки, единоборства и другие.
3. В данном периоде - в эпоху феодализма происходили формирование теоретических и методических основ, утверждение содержания и совершенствование правил, традиций, терминологии, т.е. формирование системы физического воспитания.

**Литература**

АБУ АЛИ ИБН СИНА, Канон врачебной науки, Т.1.-Ташкент, ФАН,1981

ЮСУФ ХАС ХАЖИБ, Кутадгу Билиг. (Благодатное знание ), -Москва 1987.

КАШКАРИ МАХМУД. Дивани лугат ат-трюк, - Алматы,.1997.

САРАЛАЕВ М. К., БУКУЕВ М. О., МАМБЕТКАЛИЕВ С. М. Манастан калган оюндар, -Бишкек,1995.

Кыргызская Национальная Физическая Культура. Теоретические и методические аспекты, Бишкек, КГАФК и С, 2008.

48

# БАЙЫРКЫ КЫРГЫЗ КООМУНДАГЫ ЭЛДИК ОЮНДАРЫНЫН МААНИСИ

**Муратбек КОЖОБЕКОВ***

Оюндар ар бир калктын маданиятынын олуттуу бир бөлүгү эсептелет. Материалдык жана рухий маданияттын айрым элементтери өзгөрүп же жок болуп кетсе, оюндар тескерисинче баштапкы мазмунун өзгөртбөй сактап калат. Оюндар калктын чарбалык кесибине байланыштуу калыптанат жана ал жашоо образды чагылдырат. Ошондуктан элдик оюндарга фактологиялык маалымат топтому катары эмес, маанилүү этнографиялык булак катары мамиле жасоо зарылчылыгы бар. Оюндардын калктын чарбалык жана саясий – социалдык абалын чагылдырыш жагдайы, алардын маданий мурас катары маанисин арттырат. Оюндар бир канча тектин жашоосунда калыптанып, анда этнос тарыхынын айрым урунттуу этаптары камтылат. Оюндарда калктын каада – салты жана жүрүм – турумга байланышкан этнографиялык маалыматтар топтому орун алат. Ошондуктан оюнду биз кайсыдыр бир этностун дүйнөнү аңдоо философиясындагы этникалык өзгөчөлүктү бамдасак болот. Маселенин башка бир тарабында, кандай гана калк болбосун анын кийинки муунду тарбиялоо милдетин күн тартибине коюшу жана аны аткаруу практикасы турат эмесби. Андыктан оюн калктын кадимки жашоосу менен ал самаган кыял ортосундагы тажрыйбалык байланышты элестетет. Ошондой эле оюн философиясында адамдын жашоо образы менен жаштарды тарбиялоо функциясын колдонуу аркылуу дүйнөнү моделдештирүү маанилүү роль ойноору бышык. Оюн жалаң эле жаш өспүрүмдөргө байланышбастан, анын бардык жаш тилкесин камтыган стадиялык эволюциясы болот. Анда каада – салт элементтеринен баштап, этнографиялык маанидеги калктын жашоо образы менен космологиялык түшүнүктөгү баалуулуктар орун алат. Ошондуктан айтылуу нидерланддык илимпоз Й. Хейзинга оюнду маданият түшүнүгү пайда болгонго чейин эле жаралгандыгын белгилейт. Окумуштуу өз оюн бекемдеш үчүн жаныбарлардын да ойной тургандыгын жана алардын атайын церемониялык кыймыл аракеттеринен тартып, эрежелерге чейинки шарттарды сактай тургандыгына көңүл бурат (Хейзинга, 1997: 20).

Айрым авторлор оюнду турмуштук этнографиялык кубулуш катары карашат (Симаков, 1984:). Окумуштуулардын көз караштарын жалпылаштырып карасак, оюндун адам активдүүлүгүндөгү функционалдык түрлөрү төмөнкүдөй милдеттерге бөлүнөт: 1). Жеткинчектерди оюн аркылуу эмгекке жана социалдык нормаларга үйрөтүп, алардын энергиясын тарбиялык нукка буруу эсептелет; 2). Оюндун салтык мурастык баалулуктарды сактоодогу эбегейсиз көмүскө катылган күчү. Жеткинчектер спорттук, согуштук, ритуалдык оюндарды ойнобосун анда социалдык жана көркөм эстетикалык функциалар орун алат.

Кыргыз калкынын кылымдарды камтыган тарыхында дагы оюндар олуттуу роль ойногон. Оюндардын жеке жана топтошуп өткөрүлүшү, тартип же импровицазия түрүндө жүргүзүлүш жагдайы жаштардын уюмдашуусуна жана алардын салт – санаага ылайык жетишилишине көмөк көрсөткөн. Байыркы кыргыз коомундагы адамдын антропологиялык сүрөттөлүшү менен анын аткарган иштери ортосунда социалдык милдеттер белгиленгендиги байкалат. Кыргыздар Мекен коргогон эрди жетиштириш үчүн аны бала кезинен даярдоо камылгасын көрүшкөн. Ал үчүн коомдо салттуу жөрөлгөлөр менен бирге атайын машыктыруу даярдыктары өткөрүлгөн.

Жазма булак маалыматтарына караганда, кыргыздар жылдын белгилүү бир мезгилинде майрам өткөрүшкөн жана анда ар кандай оюндар ойнолгон. Гардизинин «Зайн ал-ахбар» эмгегинде, «алар ар жылы мерчемдүү күндө келишип, бардык музыканттарды алып, бардыгын шаңдуу салтанатка даярдашат. Качан музыканттар ойной баштаганда фагинун эстен танат; ошондо барып андан бул жылы боло турган бардык нерсе: каатчылык жана молчулук, жамгыр менен кургакчылык, коркунуч жана коопсуздук, душмандын кол салуусу туурасында сурашат» (Бартольд, 1973: 48).

Гардизи айткан маалыматта кыргыздардын календарлык майрамы жана анда ойнолгон салттуу оюндар туурасында сөз жүргөндүгүн аңдасак болот. Балким, бул майрам кыргыздардын жыл башына байланышкан майрамы болушу толук ыктымал. Гардизинин кабарынан биз, кыргыздардын майрамында ар түркүн оюндар ойнолгондугун жана ал чоң салтанат менен өткөндүгүн боолгоп билебиз.

Кыргыздардын арасында мааниси менен мөөнөтү жана белгиленген милдет, мерчемдери бири – биринен айырмаланган оюндардын ойнолгондугун кытай авторлору да кабарлашат. Кытай булактарынын маалыматтары кандайдыр бир негизде Гардизинин айткандарын толуктап, оюндарды деталдаштырганга көмөк берет. Кытай авторлорунун айтымында, кыргыздардын чоң жыйындарында төө жарыштары, арстандар, аттардын машыгуулары жана башка оюндар ойнолгон (Кюнер, 1961: 59).

* т.и.к., доцент, Кыргыз-Түрк “Манас” университети, Гуманитардык факультет, Тарых бөлүмү. Бишкек, Кыргызстан.

«Тан шу» жазма булагында аталган маалымат төмөнкүдөй мазмунда толукталган: «ат үстүндө чабандестик жана аркандан тең салмактуулукту сактап басуу» (Бичурин, 1951: 353).

Чыгыш авторлорунун кабарлары кыргыздар арасында түркүн оюндар ойнолгондугун жана алардын маани –мазмуну майрам түрүнө ылайык өзгөрүп тургандыгын айгинелейт. Кыязы, чабандестик кылып, төөлөр менен арстандарды ойнотуу, аркан үстүндө басуу сыяктуу оюндар кыргыздардын чоң майрамдарында практикалангандыгын болжосок болот. Кытай булактары кыйыр маанисинде да, ал майрамдык ийримдердин диний багыт алгандыгын кабарлайт. «Тан шу» булагында кыргыздардын арбактарга багыштап чала турган курмандык жөрөлгөсү талаада жасала тургандыгы белгиленет. Ошондой эле курмандыкты жасоо мезгили аныкталган эмес.

Гардизинин маалыматынан божомолдонгондой, кыргыздар жылдын башталышын белгилешип, майрамдык салтанат алкагында оюндар ойнолгон. Жаңырган жылда эмнелер күтүлүп, кандай жакшылыктар ыроолонот деген ыклас менен кыргыздар күтүрөтө той тойлошкон. Чоң майрамда кытай булактары белгилеген от оюндарынан баштап, төөлөр менен арстандарды ойнотуу, аркан үстүндө басуу сыяктуу оюндар өткөрүлгөн. Кыргыздар жылдын башталышын так ажырата билгендигин кытай авторлору мындайча белгилешкен: «Калк жылдын башталышын «маоши» деп аташып, ай (мезгил) тууросында [аны] «ай» деп айтышат. [Адамдар] жаз, жай, күз менен кышты ажыратышы үчүн ар бир үч «ай» бир сезонду түзөт.

Он эки айбанаттын көмөкчүлүгү менен жылдар саналат; мисалы, эгер жыл «цзы» айлампа белгисинде турса анда аны чычкан жылы деп аташат; эгер, «сюй» белгисинде болсо ит жылы деп айтышат (Кюнер, 1961: 57).

«Тан шу» булагында кыргыздар жылдын биринчи айын *Маоши ай* деп атай тургандыгы белгиленген (Бичурин, 1951: 351). Кытай авторлорунун кабарларынан биз, кыргыздардын жаңы жыл майрамын салтанаттуу белгилегендигин, ал эми Гардизинин маалыматынан анда оюндар ойнолгондугун билсек болот.

«Тайпин хуанюй цзи» булагында кыргыздардын музыкалык аспаптары катары барабан, флейта, свирель, чоор, жана жалпак коңгуроолор колдонулгандыгы кабарланат (Кюнер, 1961: 59). «Тан шу» булагында болсо кыргыздардын флейта, дап жана эки белгисиз музыкалык аспаптары белгиленген (Бичурин, 1951: 353). Демек, жаңы жыл оюндары музыкалык аспаптар менен коштолуп, ал чоң салтанат менен өткөрүлгөн.

